

# Кызмат өтөөгө умтулуу



Рухи Институту





Китеп 2

# Кызмат өтөөгө умтулуу

Рухи Институту

Китептердин ирети:

Рухи институту тарабынан даярдалган материалдардын учурдагы тизмеси төмөндө келтирилген. Бул китептер жаштардын жана улуулардын өз жамааттарына кызмат өтөө жөндөмдүүлүктөрүн бекемдөө үчүн жүргүзүлүп жаткан үзгүлтүксүз аракеттеринде негизги курстар ырааттуулугу катары колдонууга арналган. Мындан сырткары, Рухи институту бахаи балдар класстарынын мугалимдерин даярдоого багытталган, ырааттагы үчүнчү китептен алынган жана ошону менен бирге эле, өспүрүмдөр топторун алып баруучуларды даярдоого арналган 5-китептен алынган материалдар топтомдорунун негизинде кошумча курстар иретин иштеп чыгуу менен алектенип келет. Булардын бардыгы төмөндөгү тизмеде берилди. Берилген тизме бул тармактагы топтолгон тажрыйбанын негизинде өзгөрүп, иштелип жаткан материалдар жалпы колдонууга жеткиликтүү болгондон кийин ага программанын жаңы элементтери кошула тургандыгын эске алуу керек.

| | |
|---|---|
| 1-Китеп | *Рух жашоосу тууралуу ой толгоолор* |
| 2-Китеп | *Кызмат өтөөгө умтулуу* |
| 3-Китеп | *Балдарга сабак өтүү, 1-деңгээл* |
| | *Балдарга сабак өтүү, 2-деңгээл (тарам-курс)* |
| | *Балдарга сабак өтүү, 3-деңгээл (тарам-курс)* |
| | *Балдарга сабак өтүү, 4-деңгээл (тарам-курс)* |
| 4-Китеп | *Кудайдын кош жарчылары* |
| 5-Китеп | *Өспүрүмдөрдүн руханий дараметин ачуу* |
| | *Баштапкы кыймылдаткыч күч: 5-китептен тараган биринчи курс* |
| | *Айлампаны кеңейтүү: 5-китептен тараган экинчи курс* |
| 6-Китеп | *Кудайдын Ишине окутуу* |
| 7-Китеп | *Кызмат өтөө жолун бирге аркалоо* |
| 8-Китеп | *Бахаулланын осуяты* |
| 9-Китеп | *Тарыхый көз карашка ээ болуу* |
| 10-Китеп | *Жигердүү коомду түзүү* |
| 11-Китеп | *Материалдык каражаттар* |
| 12-Китеп | *(даярдалууда)* |
| 13-Китеп | *Коомдук иш-чараларга катышуу* |
| 14-Китеп | (даярдалууда) |

Автордук укук © 2024 Рухи Фонду, Колумбия
Бардык укуктар сакталды. 2.1.2.PE.PV, 2024-ж., сентябрында басылды
Printed in Kyrgyzstan

Originally published in Spanish as *Levantémonos a servir*
Copyright © 1987, 1996, 2020 by the Ruhi Foundation, Colombia
ISBN 978-958-52941-0-3

Рухи Институту
Кали, Колумбия
Email: instituto@ruhi.org
Веб-сайт: www.ruhi.org

# МАЗМУНУ

Алып баруучу үчүн бир нече ой-пикирлер...................................................... v

Ишенимге окутуу кубанычы..............…… 1

Шыктандырган маектер...................…… 17

Маңыздуу темалар.................................. 39

# Алып баруучу үчүн бир нече ой-пикирлер

Рухи институту тарабынан сунушталган курстардын негизги иретинин экинчиси болгон бул китеп бизге мазмундуу жана дем берүүчү маектешүүгө салым кошууга мүмкүндүк берген жөндөмдүүлүктөргө арналган. Китептин негизги мазмунун чагылдырган кызмат өтөө иш-аракети үчүнчү бөлүктө сүрөттөлөт. Эбегейсиз күчтөрдүн таасири алдында жамааттык байланыштар үзүлүп жаткан дүйнөдө, коомдук жашоо үчүн маанилүү болгон темаларды изилдөө үчүн достордун жана кошуналардын үйлөрүнө баруу маданияттын негизги өзгөчөлүгү болуп калса, анда бул обочолонуудан улам жаралып жаткан дарттарга даба болушу мүмкүн. Мындан улам келип чыккан достук мамилелер, бул бөлүктө белгиленгендей, жаркын жана ынтымактуу жамааттарды түзүү иш-аракеттерин чыңдоого түрткү боло алат.

Коңшулукта же айылда бири-биринин үйлөрүнө катташуу боюнча узак мөөнөттүү программа, Ишенимдин жана кызматтардын тиешелүү административдик мекемелери тарабынан колдоого алынган, ишенимдүү достордун өзөгүн түзгөн топтордун уюшкан иш-аракетин талап кылат. Алып баруучу китептин негизинде топту багыттоо менен, мындай үзгүлтүксүз аракеттерге кошулуу үчүн катышуучулар даярдыктан өтүп жаткандыгын эске алышы керек. Окутуунун элементи катары уюштурулган үйлөргө баруу көндүмү, алардын кызмат өтөөдөгү берилгендигин арттырат, бул сапат кызмат өтөө жолунда жылдан-жылга өсө бермекчи, ал эми берилгендик кызмат өтөөдөгү негизги шарт болуп саналат.

Рухий жана социалдык маанидеги темаларды изилдөө максатында үйлөргө баруу практикасы коомчулуктун маданиятын байытаары талашсыз. Үйдө жана жумушта, мектепте жана базарда болуп жаткан ар түрдүү формалдуу эмес талкуулар да маанилүү. Андыктан күнүмдүк баарлашууларда мезгил-мезгили менен рухий принциптерди көтөрүү - маанилүү жөндөм болуп саналат. Аны өрчүтүү - экинчи бөлүктүн негизги темасы жана үчүнчү бөлүктө жүргүзүлүүчү изилдөөнүн негизин түзөт.

Эгерде биз достор жана кошуналар менен болгон маектешүүлөрүбүздүн аларга дем бере тургандай болушун кааласак, алар менен түзгөн мамилебизге кубаныч тартуулай билишибиз керек. Бул тууралуу «Ишенимге окутуу кубанычы» деген биринчи бөлүктө кененирээк талкууланат. Рухи институту тарабынан сунушталган бардык кызмат өтөө иш-аракеттери, негизинен, Бахаулланын Аян мухитинен тапкан илахий акылмандык берметтерин башкалар менен бөлүшүүбүздү түшүндүрөт. Биринчи бөлүк бул иш-аракетке мүнөздүү болгон кубанычты сезе билүү жөндөмүбүздү жогорулатууга багытталган. Кээ бир бөлүмдөрдө катышуучулардан Кудайдын Сөзү тууралуу ойлонуп, аны башкалар менен бөлүшүү кандай бакыт экени жөнүндө ой жүгүртүү сунушталат. Бул бөлүмдө белгиленип кеткендей, мындай иш аракет кубанычты пайда кылат да, ал кызмат өтөө жолундагы биздин кадамдарыбызды ылдамдатат. Бирок, бул терең рухий чындыкка канчалык толук ишенбейли, кызмат өтөөгө шайкеш болгон мамилелердин сапаты жана түрлөрү тууралуу ойлонбосок, Ишенимге окутуу кубанычын жоготуп

алуубуз мүмкүн. Бул тема берилген китептер иретиндеги кийинки көптөгөн талкуулардын негизги темасы болуп саналат, бирок бул жерде айрымдары гана каралган, алар 7-бөлүмдө сүрөттөлгөн бардыгынан арылуу же байланбастык сапатынан башталмакчы. Бахаи Жазмаларынан алынган цитаталар бул сапат тууралуу ой жүгүртүүгө негиз берет жана бул сапат - кызмат өтөө кубанычына таасир тийгизе турган тышкы тоскоолдук факторлорун токтотууга мүмкүндүк берүүчү сапат. Маанилүү нерсе - катышуучулар китепти окуп чыккан соң, байланбастык түшүнүгүн – четтөө же кайдыгер болуу деген жаңылыш түшүнүктөр менен алмаштырып албашы керек. Биз мындан да жакшы натыйжаларга жетишебиз деп тилек кылып жаткандыктан, күч-аракетибизди аябастан, кызматыбыздын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн дайыма алдыга умтулушубуз зарыл. Ал үчүн күч-аракеттин табиятын толук түшүнүү талап кылынат, бул тема 8-бөлүмдө талкууланат. Оптимист болуу жана шүгүрчүлүк - бул кызмат өтөө жолуна мүнөздүү негизги эки сапат, алар тууралуу кийинки жана акыркы бөлүмдө кыскача талкууланып кетет.

Китептин экинчи бөлүгү – "шыктандырган маектер", учурдун талабына ылайык, рухий принциптерге кайрылуу менен бейформал баарлашуунун деңгээлин көтөрүү жөндөмүнө багытталган. Бул так цитаталар болбосо да, Абдул-Баханын сөздөрүнө негизделип, Ал колдонгон көптөгөн сөздөрдү жана фразаларды камтыган ар кандай темадагы кыска билдирүүлөрдүн топтомдорунан турат. Бардыгын өзүнө тарта турган мүнөзгө ээ болуу менен,  алар ар кандай тектеги адамдардын умтулууларын жана тынчсыздануударын чагылдырат. Катышуучулар бул билдирүүлөрдү окуп изилдөө менен, Абдул-Баханын руханий принциптерди түшүндүрүү өзгөчөлөгүнөн шыктанып, Бахаулланын мухитинде катылган берметтерди табууга умтулуп, Аны карап түздөнүп, Анын Атасынын таалиминин маани-маңызын түшүнүү менен аларды башкалар менен марттык менен бөлүшөт деп үмүттөнөбүз.

Китептин бул бөлүгүнүн максатына жетүү үчүн катышуучуларга ар бир билдирүүнү бир нече жолу окуп изилдөөгө, ойлордун ырааттуулугун аныктоого жана андагы ой-түшүнүктөрдү эркин түрдө айта ала турган деңгээлге жетүү үчүн аларды толук өздөштүргөнгө чейин кайталоого мүмкүнчүлүк берүү керек. Кээ бирлери билдирүүлөрдү жаттап алып, китепте көрсөтүлгөндөй кайталайт. Бул айкын көрүнүш. Алардын Ишеним жөнүндөгү билимдери тереңдеп, тажрыйбасы өскөн сайын, алар кеңирирээк маалыматка жана кыйла бай лексикага ээ болушат, бул өз кезегинде алардын башкалар менен болгон мамилелеринде көрүнө баштайт. Алып баруучу бул этапта эки максатка умтулуу керектигин түшүнүшү керек: окууну түшүндүрүүнүн жеңилдиги жана Абдул-Баханын ойлоруна шайкештик.

Топтун мүчөлөрү ар бир билдирүүнүн мазмунун жеткирүүнү өздөштүргөндөн кийин, алар иш-аракеттин башка түрүнө өтүшөт, башкача айтканда аларга өздөштүргөн ой-түшүнүктөрдү өздөрүнүн үй-бүлө мүчөлөрү, достору жана кесиптештери туш болгон көйгөйлөр менен байланыштыруу сунушталат. Ушул максатта алардан маектешүү учурунда козгогон кээ бир темалар жана суроолор үстүндө ой жүгүртүп, бул ой-түшүнүктөрдүн кайсынысын талкууга алып чыгуу керектигин чечүү сунушталат. Бир нече билдирүүлөр үчүн бир же эки мисал берилет, алар аркылуу Абдул-Баха жарыялаган рухий принциптер дүйнө жүзүндөгү адамдарды тынчсыздандырган маселелерди кандайча айкыныраак ачып бергендиги көрсөтүлөт. Китепти окуп изилдөө учурунда бул көнүгүү натыйжалуу болушу үчүн алып баруучу топтун ар бир мүчөсүнө бир билдирүүнү тандап алганга жардам берип жана бир-эки катышуучу ал билдирүүлөрдө

камтылган идеялар туурасында пикирлери менен бөлүшкөнү жакшы. Ушундай жол менен катышуучулардын чогуу жолугуусуна жана алар катышып жаткан маектешүүлөрдүн динамикасын бири-бирине сүрөттөп берүүсү үчүн убакыт бөлүүгө болот.

Китептин бул бөлүгүндөгү ар бир билдирүү үчүн Бахаулланын Жазмаларынан бир нече үзүндүлөрдү жаттоо каралган. Рухи институтунун жаттоого жасаган басымы ушул китептердин иретиндеги биринчи китепте байкалса, 2-китепте айкын көрүнүп турат. Ыйык Жазмалардан келтирилген үзүндүлөрдү кайра-кайра эстөө руханий азыктануу менен камсыз кылаарын катышуучулар бул убакта түшүнүп калат деп күтүлөт. Ошентип, алар бул китепти окуу менен мындан ары Кудайдын Сөзүнүн адамдын жүрөгүнө тийгизген таасири жөнүндө ой жүгүртүшөт, ал эми үчүнчү бөлүктө, экинчи бөлүктөгүдөй эле, алар Ыйык Жазмада камтылган принциптерди жана түшүнүктөрдү өз сөздөрүндө чагылдырууга жана зарыл учурда ал үзүндүлөрдү келтирип, нак өзүндөй айтууга үйрөнүшөт. Окуунун принциптерин так түшүндүрүү, аны башкаларга нак өзүндөй  жеткирүү – кызмат жолун аркалообуздагы биз өнүктүрүүгө умтулган потенциалдуу жөндөмдөрдүн бири. Экинчи бөлүктүн түзүлүшүндө камтылган негиз - бул Абдул-Баханын түшүндүрмөлөрүн изилдөө жана аларды Ал айткандай билдирүүгө аракет кылуу эң сонун башталыш деп саналат.

Бул китепте сүрөттөлгөн кызмат өтөө, башкача айтканда коомдук жашоо үчүн маанилүү болгон маектешүүлөргө катышуу максатында достордун жана кошуналардын үйлөрүнө баруу иш-аракети жогоруда белгиленген, “Маңыздуу темалар”  деп аталган бөлүктө каралат. Бул бөлүктө маектешүүнүн үч түрү талданат жана алардын ар бири үчүн конкреттүү мазмун сунушталат. Маектешүүнүн биринчи түрү үзгүлтүксүз үйлөргө барып жолугушуу программаларынын алкагында, айылдагы жана коңшулуктагы жашоочулар менен чогуу изилдей турчу бир катар темалардын тегерегинде өтөт. Бул темаларды кызыккан адамдар менен ар кандай жолдор аркылуу бөлүшүүгө мүмкүн экенине карабастан, алардын түпкү максаты - үй-бүлө мүчөлөрүнө Ишеним боюнча билимдерин тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк берүү болуп эсептелет. Андыктан, китептин бул бөлүгү негизинен  баарлашуунун ушул түрүнө арналган.

Ошентсе да акыркы жылдарда үйлөргө баруу практикасы жаңы өңүткө ээ болду, өзгөчө географиялык бирдиктер болгон айыл жана шаар конуштарында алып баруучу, жаштар топторунун алып баруучулары, балдар класстарынын мугалимдери катары иштей ала турган адамдардын саны көбөйгөн сайын, мындай практика да кеңири жайылууда. Бизге белгилүү болгондой, мындай практика бир гана Ишеним жөнүндөгү билимди жайылтуу үчүн эмес, өспүрүмдөрдүн рухий күчтөрүн чыгаруу жана балдарга рухий таалим-тарбия берүү боюнча программаларды ийгиликтүү жайылтуу үчүн да абдан маанилүү. Ошол эле учурда жаштар топторунун алып баруучулары жана мугалимдери эки программага катышып жаткан жаштардын ата-энелерине байма-бай барып, программалардын негизинде жаткан түпкү концепцияларды жана ыкмаларды талкуулап туруулары керектиги түшүнүктүү. Мындай талкуулар 14 жана 15-бөлүмдөрдө талкууланган маектешүүнүн экинчи түрүн билдирет. Бул бөлүмдөрдүн мазмуну толук эмес, анткени катышуучулар бул эки билим берүү программасы менен кийинки курстарда кененирээк таанышмакчы. Бирок мындай маектешүүнүн маанилүү экендигин түшүнүү жана балдар класстарынын мугалимдери жана жаш өспүрүмдөр топторунун алып баруучулары менен чогуу ата-энелерге баруу, бул этапта алар үчүн абдан жемиштүү болушу мүмкүн.

Китептин бул бөлүгүндө каралган маектешүүнүн үчүнчү түрү өзгөчө бир максатты көздөйт. Көптөгөн улан-кыздар дүйнөнү жакшыртуу үчүн өз салымдарын кошууга болгон жалындуу каалоолорун ишке ашыруунун жолдорун издеп жатышат. Алардын коомду өзгөртүүгө болгон жөндөмдөрүнүн булагы эбегейсиз зор, ал булак мындай дараметтин колдонулушун эңсейт. Теңтуштар ортосундагы бул күч-кубат менен дараметке толгон жаш куракка мүнөздүү болгон мүмкүнчүлүктөрү жана милдеттери тууралуу жүргөн баарлашуу, көпчүлүк учурларда кызмат өтөө темасына бурулуп, дүйнө жүзү боюнча ар кандай айыл-кыштактарда жүрүп жаткан иштерге кызыгууну жаратышы мүмкүн. Көбү, өз кезегинде, балдар класстарынын мугалимдери жана жаштар топторунун алып баруучулары катары жаш жеткинчектерге диний тарбия-таалим берүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болуу үчүн институттун курстарына катышууга чакырууну кубаныч менен кабыл алышат. 9 жана 10-бөлүмдөрдө мындай баарлашуунун жүрүшүндө изилдөөгө боло турган бир нече идеялар берилди.

Албетте, адамдарга мындай маңыздуу маектешүүлөрдү баштап, аны андан ары улантууга мүмкүндүк бере турган жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүү үчүн китептин бул бөлүгүндө кеңири каралган темалар менен аларга тиешелүү мазмундардан сырткары дагы башка нерсе болушу абзел. Катышуучулар ой-түшүнүктөрдү так жеткирүүдөн тышкары, талап кылынган жүрүм-турумду жана руханий сапаттарды калыптандырышы керек. Алардын баары китептин ушул бөлүгүндө чагылдырылган мазмундардын негизи катары алынган, бирок алардын жогоруда белгиленип кеткен жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү үчүн маанилүүлүгү 4-бөлүмдө ачык көрсөтүлгөн, мында катышуучулар үйлөргө баруудан мурда жүрөктү кандай сезимдерге жана ойлорго толтуруу керектиги жөнүндө ойлонушат, ал эми 5-бөлүмдө алар момундук сапат тууралуу ой жүгүртүшөт. Алып баруучу катышуучулар бул бөлүмгө жетиштүү деңгээлде көңүл бургандыгына басым кылышы мүмкүн, анткени биз канчалык билимге ээ болбойлу, ой-түшүнүктөрдү канчалык жакшы жеткирбейли, маектерибиздин натыйжалуулугу биздин көргөзгөн сапаттардан жана жүрүм-турумдан көз каранды.

Бул китептердин иретинде сүрөттөлгөн кызмат өтөө иш-аракеттери жамааттын өсүп-өнүгүшүндө негизги орунду ээлегенине карабастан, биринчи кезекте ал окуу жана иш-аракет аркылуу инсандын жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатууга багытталган процесстин элементтери экенин белгилей кетүү керек. Ар бир алып баруучу бул иш-аракеттер бири-бирин бекемдеп, китептен китепке татаалдашаарын түшүнүшү керек. Ар бир кызмат өтөө иш-аракетин натыйжалуу түрдө аткарууга үйрөнүү, кийинки иш-аракетти аткаруу үчүн керек болгон жөндөмдөр үчүн маанилүү болуп саналат. Бул китепте сунушталган, ар бир үйгө бир нече жолу барып, үзгүлтүксүз түрдө маектешүү, 1-китепте сунушталган өз алдынча же бир нече адамдар менен бирге үзгүлтүксүз дуба окуу жолугушууларын өткөрүү иш-аракетине караганда - кыйыныраак. Ал эми катышуучулардын алдында турган бир кыйла татаалыраак кызмат өтөө иш-аракеттерин аткаруу үчүн бул жерде айтылган жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү керектигин көрүү кыйын эмес.

1-китептин кириш сөзүндө айтылгандай, бүткүл дүйнө жүзүндөгү институттун курстарынын катышуучулары ар тектүү келишип, алгач Бахаи окууларынын принциптери менен ар кандай деңгээлде тааныш болушат. Алар бул экинчи китепти изилдеп баштаган учурда, алардын ар бири жана бардыгы курстардын жардамы менен ачылган кызмат өтөө жолуна түшкөн болушат. Бирок кээ бир айырмачылыктар сакталып кала берет. Мисалы жаштарды ала турган болсок, алар балдар жана өспүрүмдөр үчүн каралган билим берүү программаларын бүтүрмөйүнчө, китепте

берилген билдирүүлөрдүн жана темалардын көбү алар үчүн жаңы болуп кала берет, андыктан аны изилдөө менен алар өздөрүнүн Ишеним тууралуу билимин тереңдете алышат. Ушуга байланыштуу, алып баруучу топтун ар бир мүчөсүнүн түшүнүгүн калыптандырууга зарыл болгон ийкемдүүлүктү жана чыгармачылыкты көрсөтүүгө даяр болуп, катышуучуларды курстун негизги максаты болгон - маңыздуу жана шыктандыруучу маектешүүлөргө катышуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуусу керек. Китептин үч бөлүгү тең жамаатты куруу иш-аракетине салым кошууга багытталган, бирок бул китеп колдонулуп келген миңдеген жерлердеги жамаат куруу процесси бирдей баскычта жүрбөгөндүгү айкын иш. Андыктан, окулуп жаткан материалды иш жүзүндө колдонуу ар кайсы жерде ар түрдүү формада ишке ашырылып жаткан болушу мүмкүн жана бул алып баруучуга топ менен китеп окуудагы иш-аракетинде катышуучулардын муктаждыктарына жараша кандай жооп кайтаруу жана камкордук көрсөтүү керек экендигин көрсөтөт.



# Ишенимге окутуу кубанычы

## Максаты

Башкалар менен Кудайдын Сөзүн бөлүшүүнүн өзү биз үчүн кубаныч экенин түшүнүү

# 1-БӨЛҮМ

*Кызмат өтөөгө умтулуу* – бул Рухи институту тарабынан сунушталган курстар иретиндеги экинчи китеп, анда окуу менен иш-аракетти айкалыштырууга аракет жасалат. Ал сиздин кош максатыңыз болгон - руханий жана интеллектуалдык жактан жеке өсүү жана коомчулуктун өзгөрүшүнө салым кошуу үчүн - кызмат өтөө жолунда кылган аракеттериңизди өстүрүүгө өбөлгө болууну көздөйт. Биринчи курска катышуу аркылуу, биз айтып жаткан кызмат жолу бир катар кызмат өтөө иш-аракеттери менен аныкталаарын түшүнгөн чыгаарсыз, бул кызмат өтөө иш-аракеттерин Бахауллланын Жазмаларында сүрөттөлгөн жаңы дүйнөлүк тартипти орнотуу максатына көзүбүздү кадоо менен ошого багыт алып аткарабыз. Андыктан биз «кызмат жолун аркалоо» деп атаган түшүнүгүбүз, негизинен, Анын таалимин өзүбүздүн жана адамзаттын жашоосунда колдонулушуна жетишүүгө болгон аракетибизден турат. Ал Өзүнүн Аян-ачылмасы жөнүндө мындай дейт:

> **“О, менин кулдарым! Менин көктөн түшүрүлгөн ыйык аяндарымды, тереңинде баа жеткис жана ажайып жаркыраган сансыз берметтер жашырылган мухит менен салыштырууга болот. Ар бир издөөчүнүн милдети – өзүн уйкудан ойготуп, ошол зор мухиттин жээктерин көздөй умтулуу, ошондо ал канчалык изденгенине, жумшаган күч аракетине ылайык, Кудайдын айныксыз жана Ыйык Насааттарында убадаланган ырыскысынан өз шыбагасын алат.”** [1]

Бул биринчи бөлүктө биздин ойлорубуз Бахаулланын Аян мухитинде жаткан акылмандык берметтерин таап, аларды башкалар менен бөлүшүүдөн келип чыккан жүрөгүбүздөгү кубанычка бурулат. 1-китепти окуп жатканда, Анын Жазмаларында көргөзүлгөн кудайлык жетекчилик берметтеринин канчалык ажайып сулуу экендигин көрөсүз. Дагы бир нече үзүндүлөрдү карап көрөлү:

> **“Кудайдын сөзү – бул шам чырак, анын жарыгы бул сөздөрдө: «Силер бир дарактын жемишисиңер, бир бутактын жалбырактарысыңар.”** [2]

> **“Адилеттик – Мен үчүн бар жаратылгандардын ичинен эң сүйүктүүсү; эгер Мени кааласаң, андан баш тартпа, эгер Менин ишенимиме ээ болгуң келсе, ага кайдыгер караба.”** [3]

> **“Өзүң жашаган доордун муктаждыктарын чын дилиңден эске ал, анын зарылчылыгы жана талаптары ой-пикириңдин өзөгүнө айлансын.”**[4]

> **“Ар бир адам токтооосу жок өнүгүп турган цивилизацияны илгерилетүү үчүн жаратылган”.**[5]

> **“Дүйнө өтөт, кетет, Кудайдын сүйүүсү түбөлүктүү болуп эсептелет”.** [6]

> **“Сен менин шам чырагымсың, а Мен сенин шооланмын. Сен анын нуру менен жаркыра жана Менден бөлөгүн издебе. Анткени мен сени бай кылып жараттым жана сага Өз ырайымымды мол төктүм”.**[7]

Бул кыска үзүндүлөрдү бара-бара жаттап алууга чакырабыз.

## 2-БӨЛҮМ

Бул бөлүмдүн негизги темасын талкуулоодон мурун, буга чейинки бөлүмдө келтирилген биринчи үзүндүнү кайра окуп чыгып, төмөнкү көнүгүүлөрдү аткарыңыз:

1. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктагыла.

   а. Биздин милдет өзүбүздү ____________________ __________________________ жана Бахаулланын Аян мухитинин __________________________ умтулуу.

   б. Биз Бахаулланын Аян мухитинин жээктерине Кудайдын айныксыз жана Ыйык Насааттарында убадаланган өз ________________________ алуу үчүн умтулууга тийишпиз.

   в. Бахаулланын Аян мухитинен алган шыбагабыздын көлөмү биздин канчалык ______________________, ______________________ _______ ____________________________ жараша болот.

2. “Өзүн ойготуу” (жандануу, көтөрүлүү) деген эмнени түшүндүрөт?

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

3. Бир нерсеге “жетүүгө умтулуу” деген эмнени түшүндүрөт?

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

4. Ар бир издөөчү эмнеге жетүүгө умтулушу керек?

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

5. Бир нерсеге “ылайык (жараша)” деген ченем эмнени түшүндүрөт?

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

6. Бахаулла Анын Аян мухитинен биздин жумшаган күч аракетибизге жараша шыбага ала турганыбызды айтат.

   а. Ушул шыбагаларды алуу үчүн биз жумшаган күч аракеттерден бир нече мисалдарды келтиргиле

   ___________________________________________________________________

   ___________________________________________________________________

   ___________________________________________________________________

   ___________________________________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

б. Биз ала турган шыбагалардан бир нече мисалдарды келтиргиле ___________

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

## 3-БӨЛҮМ

Бахаулланын Аяны – тереңинде баа жеткис берметтер катылган бай мухит сыяктуу экенин билип, анын ырыскыларынан өз шыбагабызды алып, башкаларга анын жээктерине жетүүгө жардам берүү үчүн болгон күч аракеттерди жумшайбыз. Бул мухиттин жээктери бизден канчалык алыс деген суроо жаралышы мүмкүн. Бахаулла мындай деп айтат:

> **“О, менин пенделерим! Менин Күбөм - Жалгыз чыныгы Кудай! Бул улуу, түбү жок жана толкуп турган Мухит силердин нак жаныңарда, таң калтыра тургандай жакын силерге. Керек болсо, ал силерге өз күрөө кан тамырыңардан да жакын! Каалооңор гана болсо болду, көздү ачып-жумгуча ага жете аласыңар, ушул өлбөс кут-берекеге, Кудай берген бул ырайымга, бул көөнөрбөс белекке, ушул улуу жана айтып бүткүс даңазалуу ырыскыларга арзыйсыңар”. [8]**

1. “Бул улуу, түбү жок жана толкуп турган мухит” деген сөз эмнеге тиешелүү

_______________________________________________

_______________________________________________

2. Ал мухит бизге канчалык жакын?

_______________________________________________

_______________________________________________

3. Ал мухитке биз кандай тездик менен жете алабыз?

_______________________________________________

_______________________________________________

4. Төмөндөгү сүйлөмдөрдү толуктагыла:

а. Бахаулланын улуу Аян мухити жаныбызда, ал бизге

_______________________________________________

б. Бахаулланын Аян мухити күрөө кан тамырыбыздан да ____________________

в. Каалоо гана керек, ошондо ______ ____________________________ ага жетип, Анын Аян мухитинин шыбагаларын _________________.

г.____________________________, көз ачып-жумгуча Анын Аян мухитине жетип, анын шыбагаларына арзыйсыңар.

## 4-БӨЛҮМ

Бахаулланын Аян мухитинин жээгине жетип, биз анын казынасынан алган кудайлык жетекчиликтин берметтерин башкалар менен марттык жана берешендик менен бөлүшөбүз, аларды биз өзүбүздүн изилдөөбүздөн, дубаларыбыздан, ой жүгүртүүлөрүбүздөн жана биздин Анын Ишине, ошондой эле бүткүл адамзатка кызмат кылууга болгон күч-аракетибизден табабыз. Бул милдеттин ыйыктыгын дайыма эске салып турган төмөнкү үзүндүнү жаттап алууга бир аз убакыт бөлүүгө болот:

> **“О, Кудайдын жолу менен жүргөндөр! Анын мээрим мухитинен өз үлүшүңдү ал да, анын тереңинде катылган ырыскыдан өзүңдү ажыратпа. Анын бак-дөөлөтүнө тартылгандардын арасында бол. Ошол мухиттин тамчы шүүдүрүмү көктөгү жана жердеги бардык жаратылгандарга тама турган болсо, ошол бир тамчы Кудуретүү, ченемсиз Билерман, ашкере Акылман Теңирдин ырайымын аларга тартуулай алат. Жалган дүйнөдөн баш тарткан колуңар менен ошол мүрөк суулардан сузгула да, ар кандай жаратылгандарга чачкыла, баардыгы адамзат дүйнөсүнүн чектөөлөрүнөн тазаланып, Кудайдын кудуреттүү тактысына, ошол жаркыраган нурлуу Мекен Жайына жакындасын.”** [9]

## 5-БӨЛҮМ

Институттун курстарына катышып, анда каралган иш-аракеттерди үйрөнүп жана аткаруу менен биздин кызмат өтөө жөндөмүбүз өсүп, биздин жүрөгүбүзгө кубаныч тартуулоочу кызмат өтөө иш-аракеттерин аткара алабыз. Муну менен бирге биз өзүбүздүн эки тараптуу максатыбызды ишке ашыра алабыз – балдарга руханий билим берүү, руханий күчтөрдү чыгарууга багытталган иш-аракеттерге өспүрүмдөрдү тартуу жана негизги ыраттуулуктагы китептерди окуу боюнча достордун топторуна жардам берүү. Бул сапарыбыздын жүрүшүндө, улуулар болобу же жаштар болобу, дегеле бардыгы менен бөлүшө турган Кудай Сөзү ар дайым бизге дем-кубат берген булагыбыз болот. Андыктан анын күчү жана адамдын жүрөгүнө тийгизген таасири тууралуу көп-көп ойлонгонубуз табигый көрүнүш. Төмөнкү цитатада Бахаулла бул күч жөнүндө мындай деп айтат:

> **«Кудайдын Сөзү - адамдардын жүрөгүнө тамырын жайылткан көчөт сыяктуу. Анын тамыры бекем болуп, бутактары асман тиреп, андан да өйдөлөп өссүн десең, сен аны акылмандыктын мүрөк суусу, аруу жана ыйык сөздөр менен асырап өстүрүшүң керек»** [10]

1. Кудай Сөзүн эмне менен салыштырууга болот?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

2. Кудайдын Сөзүнүн тамыры кайда жайылган?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

3. Бул дарактын өсүшүнө кантип өбөлгө боло алабыз

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

4. Бул дарак канчалык бийик өсө алат

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

5. Бир нече сүйлөм менен Кудайдын Сөзүн башкалар менен бөлүшүү эмне үчүн маанилүү экендигин түшүндүрүп бергиле

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

## 6-БӨЛҮМ

Келгиле, күнүмдүк жашообузда жасаган ар кандай иш-аракеттер жөнүндө ойлонуп көрөлү. Биз денебизди азыктандырабыз. Биз билимибизди толуктап, акыл жөндөмүбүздү жогорулатуу үчүн окуйбуз. Биз коомдо жашап, анын пайдалуу мүчөсү болуубузга мүмкүндүк берген көндүмдөрүбүздү өнүктүрөбүз жана иштейбиз. Спорт менен машыгып, эс алабыз. Биздин интеллектуалдык өсүүбүз жана материалдык жыргалчылыгыбыз үчүн маанилүү болгон мындай көптөгөн изденүүлөр биздин убактыбыздын көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Бирок ошол эле учурда, күн сайын руханий жактан байыткан өзгөчө учурлар болуп турат, мисалы дуба окуу - өз алдынча болобу же достор менен бирге, Кудайдын жиберген окуулары боюнча билгендерибизди тереңдетүү; же дегеле көптөгөн ар кандай ыкмалар аркылуу айланабыздагыларга Бахаулланын Аян мухитинде катылган берметтерди табууга жардам берген учурлар. Мындай көз ирмемдер абдан баалуу, туурабы? Мына ушул көктөн түшкөн ырыскыларга арзуудан өткөн бакыт барбы?

Абдул-Баха бизди адамзаттын жогору көтөрүлүшүнө өзүбүздү арноо тууралуу кандайча үндөгөнүн ар дайым эстен чыгарбашыбыз керек:

> **“Баарыбызды бир Кудайлык максат бириктирип турат, биздин эч кандай дүнүйөкорлук ниетибиз жок жана биздин эң негизги тилегибиз – Кудайдын Сүйүүсүн бүт дүйнөгө жайылтуу!”** [11]

1-бөлүмдө жаттап алган цитаталардын бирин досуңуз менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүңүз бар дейли. Жүрөгүңүздөгү кубаныч кайдан пайда болот? Албетте, сиз Бахаулланын сөздөрү досунузга дем-кубат берет деп үмүттөнөсүз. Бирок ага ал сөздөр сиз күткөндөй таасир бербесечи? Жүрөгүңүздөгү кубаныч жоголуп кетеби? Эмнеге жоголбойт?

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

## 7-БӨЛҮМ

Жашообузда жасаган бардык иштердин ичинен, Кудайдын Сөзүн башкаларга бөлүшүү менен өткөргөн көз ирмемдер өзгөчө кут-берекеге ээ экендигин түшүнгөнүбүздө, биз мындай деген өзгөчө маанилүү бүтүмгө келебиз: кызмат өтөөдөн алган кубанычыбыз иш-аракетибиздин өзүндө камтылган. Биз, албетте, биздин кызмат өтөө иш-аракеттерибиз татыктуу натыйжаларды берет деп үмүттөнөбүз, бирок натыйжаларга өтө эле байланып же мактоо менен сындын таасири астында калсак, анда окутуу/үйрөтүү кубанычынан кур калабыз. Ийгиликке жетүүнү көздөө, пайда табуу же элге таанылуу иш-аракеттери эмес, Кудайдын сүйүүсү бизди кызмат өтөөгө шыктандырат. Жогоруда айтылган каалоо-тилектерден арылуу - кубанычтуу кызмат өтөө үчүн шарт болуп саналат. Төмөнкү цитаталарды окуу силерге бул тема үстүндө ойлонууга жардам берет.

> **О, эки көздүн ээси! Бир көзүңдү жум да, экинчисин ач. Бирин бул дүйнөгө жана андагы тирликке жумуп, экинчисин сүйүктүүңдүн ыйык сулуулугуна ач.”** [12]

> **“О, достор! Түбөлүктүү сулуулукту опаасыз кереметке эч алмаштырбагыла, көр дүйнөнүн күлүнө байланбагыла.”** [13]

> **“О, сөздүн уулу! Жүзүңдү Мага бур, Менден башкасынан баш тарт; анткени Менин бийлигим түбөлүктүү, Менин падышалыгым өлбөс-өчпөс. Эгерде менден башканы издей турган болсоң, кылымдар бою бүт ааламды кыдырсаң да, аракетиң текке кетет.”** [14]

> **“О, кымбаттуу бейтааныш! Сенин жүрөгүңдүн билиги менин кубатымдын оң колу менен жандырылды, аны курулай кумардын, өзүмчүлдүктүн тескери**

**шамалы менен үйлөбө! Сенин бардык дартыңды дарылай турган бир гана даба – Мени эскерүү, муну эсиңден чыгарба! Менин сүйүүмдү өзүңдүн кенчиңе айлант, аны көзүңдүн карегиндей жана өзүңдүн өмүрүңдөй сакта.”** [15]

**“Байланбастык күн сыяктуу, ал кандай гана жүрөктө жаркырабасын, ач көздүк менен өзүмчүлдүктүн отун өчүрөт. Кимдин карeги түшүнүүнүн жарыгы менен жаркыраса, ал шексиз түрдө жалган дүйнөдөн жана анын куру убарасынан баш тартат... Дүйнөгө жана анын жамандыктарына түнөрбөгүлө. Барга көппөгөн, жокко чөкпөгөн гана бактылуу боло алат.”** [16]

1. Байланбастык же бул дүйнөдөн баш тартуу деген дербиш катары оолак жашоо керек дегенди билдиреби? ______________________________

2. Байланбастык сапатына ээ болуп туруп, ошол эле учурда материалдык байлыкка ээ болуу мүмкүнбү? ______________________________

3. Өмүрүнүн дээрлик ар бир саатын ишке арнаган адамды байланбастык сапатына ээ деп айтууга болобу? ______________________________

4. Өзүнүн негизги керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жетиштүү убакыт иштеп, ал эми калган убактысында эч нерсе менен алектенбеген адам байланбастык сапатына ээби? ______________________________

5. Кызмат өтөө учурунда материалдык ыңгайсыздыкка чыдай албаган адам байланбас адам боло алабы? ______________________________

6. Материалдык буюмдардан сырткары биз көп нерселерге байланабыз. Эгерде силер төмөнкүдөй адам болгон болсоңор, анда эмнеге байланган болмоксуңар?

   – Кызмат өтөө учурунда эч ким анын кылган иш-аракетин көңүл бөлүп байкабагандыктан, ындыны өчүп, кол шилтеп басып кеткенге даяр. ______

   ______________________________

   – Сунушун/идеяларын кимдир бирөө кабыл албай койсо, өзүн жаман сезет.

   ______________________________

   – Башкалардын кабыл албоосуна дуушар болуудан коркуп, өз ынанымдарын жашырган адам. ______________________________

   ______________________________

7. Байланбастык/арылуу - бул оолак болуу же кайдыгер мамиле кылуу дегенди билдирбейт. Төмөндөгүлөрдүн ичинен кайсынысы адамдын байланбастык абалын көрсөтпөйт?

______ Башкалардын ийгилигин байкап, ага кубануу

______ Бир нече баланын туура эмес жүрүм-турумун байкаганда, сабак өтүүнү токтотуу

______ Өз жетишкендиктери менен мактануу

______ Талыкпай окуп, жетишкен ийгиликтери менен ыраазы болуу

______ Жалпы жыргалчылыкка кызмат кылуу жөндөмүн өнүктүрүү үчүн талыкпай эмгектенүү

______ Кесибинде мыкты болууга умтулуу

______ Тазалыкты сактап, үйдү таза жана тыкан кармоо

______ Өз мүлкүнө кам көрүү

______ Башкалардын жыргалчылыгы үчүн кам көрүү

______ Аракети үчүн мактоого арзыбаганда, көңүлү чөгүп калуу

8. Байланбастык/арылуу ар бирибиз үчүн абдан маанилүү болгондуктан, бул бөлүмдөгү бардык цитаталарды жаттап алуу сунушталат.

## 8-БӨЛҮМ

Адамзатка кызмат кылууга арналган бактылуу өмүрдүн берекелүү белектерине ээ болуу үчүн биз күч-аракет жумшоого даяр болушубуз керек жана биздин күч-аракетибиз кайсы бир деңгээлде башкалардын кызыкчылыктарын жеке кызыкчылыгыбыздан жогору коюуну, б.а. “курмандыкты” талап кылышы мүмкүн. Биз күнүмдүк жашообузда “курмандык” деген сөздү көп колдонобуз. Эгер досубуз сапардан таңга маал кайтып келсе, биз аны тосуп алуу үчүн эрте ойгонушубуз мүмкүн. Биз бир нече сааттык уйкубузду курмандыкка чалдык деп айта алабыз. Жакын адамдарыбыздын бири ооруп калса, биз ага кам көрүү үчүн өзүбүздүн кызыкчылыгыбызды кечип, бир нече саатыбызды курмандыкка чалабыз. Жашоодо көп күч-аракет жумшоого туура келген учурлар болот, мындай учурда биз ийгиликке жетүү үчүн өзүбүздүн жыргалчылыгыбызды курмандыкка чалып жатабыз деп ойлошубуз мүмкүн.

Биз баарыбыз убактыбызды жана күчүбүздү аябастан жумшап, мүмкүн болушунча материалдык каражаттарыбыздын бир бөлүгүн жумшоо менен, Ишке кызмат кылууга абдан умтулабыз. Кызмат өтөө жолуна түшүү менен бул дүйнөнүн кээ бир нерселеринен баш тартышыбыз мүмкүн экенин эстен чыгарбашыбыз керек, бирок рухий жактан өскөн сайын, биз чыныгы кубанычка ээ болобуз. Биз алдыдагы курстардан курмандыктын табияты жөнүндө көбүрөөк ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк алабыз. Үрөн дарактын өсүп чыгышы үчүн өзүн курмандыкка чалган сыяктуу эле, бийик максаттар үчүн төмөнкү нерседен баш тартуу керек экендигин башынан эле түшүнүп алуу кажет. Курмандык - бул кубанычтын жарчысы, биз үзгүлтүксүз аракет жумшабасак, ал кубанычка жетпейбиз.

Бахаулла айтат:

> **“Эгерде биз Анын Өзүн табууну кааласак, эмгектенишибиз керек; эгерде биз Ага кошулуунун балын татууну эңсесек, жалындап жанышыбыз керек, эгер ал чөйчөккө ээрдибиз эле тийгенде, биз бул дүйнөдөн баш тартмакпыз.”** [17]

Абдул-Баха бизге мындай деп кеңеш берет:

> **“Өзүңөргө дем алыш бербегиле, тыным издебегиле, опаасыз күнүмдүк дүйнөнүн жыргалына умтулбагыла, кумардан тазалангыла, Кудай Падышалыгынан орун алуу үчүн чын жүрөгүңөр менен эмгектенгиле. Асман дөөлөтүн жыйнагыла. Жан дүйнөңөр жаркырап нур чачсын. Биримдиктин босогосуна умтулгула.”** [18]

Биз баарыбыз кандайдыр бир максатыбызга жетүү үчүн аракет кылуу керек деп ишенебиз. Бирок мындай жөнөкөй ишеничтин иш-жүзүндө эске ала турган өзгөчөлүгү бар экендигин унутпашыбыз керек. Биринчиден, талап кылынган күч-кубаттын көлөмү менен алдыга коюлган максаттын же тапшырманын татаалдык деңгээлинин ортосунда туура айкалыш болушу керектигин унутпайлы. Бир аз күч жумшоо менен эле ишке ашырса болот деп ойлоо өзүбүздү алдагандык болот. Бирок күч көлөмүн гана эске алуу жетишсиз. Ага ыраattуулук жана өжөрлүк талап кылынат. Мындан тышкары, көңүлдү тыкаттык менен ошол максатка бура билүү да керек. Бир иштен экинчисине секирип, ишти бүтпөй калтырбастан, тапшырмаларды аягына чейин аткарууну адатка айлантуу абдан маанилүү. Көңүлкош аракеттер жемишин бербейт. Балдар үчүн жума сайын өткөрүлүүчү рухий билим сабагын элестетиңиз. Мугалим белгилүү бир саатты ар бир сабакка даярданууга арнашы керек, сабактын башынан аягына чейин сабактын маңызы балдарга жеткиликтүү болуусу үчүн, башка нерсеге алагды болбостон, көңүлүн сабакка толук бурушу керек, балдардын ата-энелерине такай барып, алардын жеке ийгиликтерин жума сайын көзөмөлдөп турууга тийиш. Ал эми сабакка анда-санда гана даярданган, чарчаганда сабакты убакыттан мурда, күтүүсүз бүтүргөн, ар бир бала жөнүндө ой жүгүртүп, алардын жетишкендиктерин ата-энелер менен талкуулоо үчүн керектүү убакытты бөлбөгөн мугалимдин классынын тагдыры кандай болот? А эгер мугалимдин башка жумушу чыгып, мисалы, башка шаардан келген досу менен жолугуу үчүн сабакты үзгүлтүккө учуратсачы?

Бул бир нече ой-пикирлер ар бир иш-аракетти баштоодо бизден талап кылынган күч-аракеттин санына да, сапатына да көңүл бурушубуз керек экенине ынандыруу үчүн арналган. Бул биз аткарган кызмат өтөө иш-аракеттерине гана тиешелүү эмес; бул биздин жеке өнүгүүбүзгө да бирдей деңгээлде тиешелүү. Бул китептер иретинин биринчи китебинде биз караган үзгүлтүксүз дуба окуу, күн сайын Жазмалардан аяттарды окуу, жашообузду Окуунун принциптери менен айкалыштыруу жөнүндө ой жүгүртүү, дуба окуу жолугушууларына толук катышуу сыяктуу руханий адаттарыбыз да тынымсыз аракеттерибизден көз каранды. Төмөндө биз көргөн аракеттерге байланыштуу бир катар аныктамалар келтирилди. Кайсынысы туура экенин аныктоо, бул суроо үстүндө тереңирээк ой жүгүртүүгө жардам берет:

_____ Акылдуу болсоң, көп иштештин кереги жок

_____ Узак жолду тандоонун кажети эмне; ар дайым кыска жолду изде

_____ Аракет болбосо, береке болбойт

______ Тилектериң зор болсун; бардык тилектер орундалат

______ Сыйлыгы канча чоң болсо, умтулуу да ошого жараша зор болот

______ Канча көп аракет жумшасаң, татканың ошончо таттуу болот

______ Баштапкы аракетиң ийгиликсиз болсо, кайра-кайра аракет кыл

______ Башкаларды мажбурлап иштеткенди билсең, өзүң иштеп эмне кыласың

______ Өтө көп күч-аракетти талап кылган иш – болбой турган иш

______ Ырааттуу жана туруктуу майда кадамдар ийгиликке алып келиши мүмкүн

______ Татыктуу нерселерге оңой эле жетүү мүмкүн эмес

______ Мыктылыкка жетүүдө жан-дили менен берилүү талап кылынат

______ Миң чакырымдык жол бир кадамдан башталат

______ Эптеп эле абалдын чыгуу аздык кылат

______ Биз бир нерсе болушун күтпөстөн, аракет кылышыбыз керек

______ Ийгилик – бул жөн гана жолдуу болуу

______ Биз кош максатыбызга сыйкырдын күчү менен жете албайбыз

______ Биз күн сайын өз кылгандарыбыз үчүн жооп беришибиз керек

Биз руханий жана интеллектуалдык жактан өсүү үчүн жана коомдун өзгөрүшүнө салым кошуу максаты менен кызмат өтөө жолунда бара жатабыз. Бул кош максатка жетүү бизден бир топ күч-аракетти талап кылаары айдан ачык. Бахаулла бизге мындай дейт:

> **“Теңдешсиз Жаратуучу бардык адамдарды бир заттан жаратып, алардын маңызын башка жаратылгандардын бардыгынан жогору койгон. Демек, ийгиликке жетүү же жетпей калуу, жеңүү же жеңилүү инсандын өзүнүн аракетине жараша болот. Ал канчалык аракетчил болсо, ошончолук алдыга жылат.”** [19]

Эгер сиз бул үзүндүнү буга чейин жаттай элек болсоңуз, анда азыр жаттап алууга аракет кылыңыз.

## 9-БӨЛҮМ

Биз кызмат өтөөдөн кубаныч алуу үчүн өзүбүздө белгилүү бир мамиленин түрлөрүн калыптандырышыбыз кажет. Мисалы, Кудайдын бизге берген кызмат өтөө сыяктуу берешен белегине ыраазы болушубуз керек; Кудайдын Ишине кызмат кылуу менен Ага кызматыңды кылып жатам деп доомат кылуу акылга сыйбаган иш. Биз, ошондой эле, терс ойлордон, терс маанайдан алыс болуп, жашоого оптимисттик көз караш менен кароону үйрөнүшүбүз зарыл. Кызмат өтөө жолундагы тоскоолдуктарды өнүгүү жолундагы тепкичке айландырууга болот. Кыйынчылыктарга карабай келечекке

ишеним толгон көздөр менен карайбыз. Абдул-Баханын төмөнкү сөздөрү биздин аракеттерибизге мүнөздүү боло турган үмүт жана оптимизмди көрсөтүп турат:

> **"Башында урук кымындай кичине болсо да, бара-бара күчтүү даракка айланат. Уруктун кичинелигине карабагыла, даракты, анын гүлүн, жалбырактарын жана мөмөлөрүн карагыла."** [20]

> **"Андыктан бул кымындай уруктун зор маанисин сезе бил, аны чыныгы Дыйкан Өзүнүн ырайымдуу колдору менен Теңирдин айдоо талааларына сээп, ырыскы жана жоомарттык жамгыры менен сугарып, эми Чындыктын Таңкы Жылдызынын жылуулугу менен жарыгынын астында асырап жатат."** [21]

> **"Дарактын өсүп, өнүгүп жатканын көргөндө, анын жемишин тилен. Бара-бара ал гүлдөп, жемишин да берет. Эгер куураган дөңгөчтү же карыган даракты көрсөң, андан мөмө алам деп үмүт кылба."** [22]

> **"Андыктан, Кудайдын сүйүктүүлөрү жан үрөп, өздөрүнүн аракет суусу менен бул үмүт дарагын асырап, азыктандырып, өстүрүшү керек."** [23]

> **"Эгер жүрөк Алланын кут-берекелеринен баш тартса, ал бакытты кантип үмүт кылсын? Эгер ал үмүт кыла албаса жана Кудайдын ырайымына таянбаса, анда анын жаны кантип жай алсын?"** [24]

Жогоруда берилген аныктамалар тууралуу ой жүгүртүү үчүн, төмөндөгү сүйлөмдөрдү толуктагыла:

1. Башында урук кымындай кичине болсо да,________________________________

   ______________________________________________________________________

2. Уруктун кичинелигине карабагыла,______________________________________

   ______________________________________________________________________

3. Андыктан бул кымындай уруктун зор маанисин сезе бил, аны чыныгы Дыйкан Өзүнүн ырайымдуу колдору менен ______________________________________

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

   ______________________________________________________________________

4. Дарактын өсүп, өнүгүп жатканын көргөндө, _____________________________________________ керек.

5. Дарактын өсүп, өнүгүп жатканын көргөнүбүздө, биз ______________ үмүт кылуубуз керек.

6. Биз өз аракетибиздин суусу менен

____________________________________________________________

7. Кудайдын берген кут-берекелеринен жүрөк баш тартса

____________________________________________________________

____________________________________________________________

8. Эгерде жүрөк үмүт кылбай жана Кудайдын Ырайымына таянбаса

____________________________________________________________

Эми бир саамга ойлонуп көрүңүз: биздин ыраазычылык сезими менен айкалышкан кубанычтуу жана үмүткө толгон рухубуз, башкалар үчүн кубанычтын булагы боло алаарына макулсузбу? Ар дайым эсиңизде болсун, Кудайдын Ишине кызмат өтөөгө көтөрүлүү менен, биз жаңы Күндүн келиши туурасында - адамзаттын башын бириктирген Күн тууралсындагы кубанычтуу кабарды алып келебиз. Бахаулланын бул сөздөрү жүрөгүбүздө дайым жаңырып турсун:

> **“Аракет кылган пенде бактылуу; түшүнгөн пенде бактылуу; чындыкка жанашып, асман менен жердегилердин баарынан арылган пенде бактылуу.”** [25]

## БИБЛИОГРАФИЯ

1. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1983, 2017 printing), CLIII, par. 5, p. 369.

2. Ibid., CXXXII, par. 3, p. 326.

3. *Bahá'u'lláh, The Hidden Words* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2003, 2012 printing), Arabic no. 2, p. 3.

4. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, CVI, par. 1, p. 241.

5. Ibid., CIX, par. 2, p. 243.

6. *Bahá'u'lláh, in Women: Extracts from the Writings of Bahá'u'lláh, 'Abdu'l-Bahá, Shoghi Effendi and the Universal House of Justice*, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1986, 1997 printing), no. 53, p. 26.

7. *The Hidden Words*, Arabic no. 11, p. 6.

8. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh,* CLIII, par. 5, p. 370.

9. Ibid., CXXIX, par. 1, p. 316.

10. Ibid., XLIII, par. 9, p. 109.

11. From a talk given on 19 November 1911, published *in Paris Talks: Addresses Given by 'Abdu'l-Bahá* in 1911 (Wilmette: Bahá'í Publishing, 2006, 2016 printing), no. 32.2, p. 121.

12. *The Hidden Words,* Persian no. 12, p. 26.

13. Ibid., Persian no. 14, p. 26.

14. Ibid., Arabic no. 15, p. 7.

15. Ibid., Persian no. 32, p. 33.

16. Bahá'u'lláh, in The Bahá'í World: Volume One, 1925–1926 (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1926, 1980 printing), p. 42.

17. *The Call of the Divine Beloved: Selected Mystical Works of Bahá'u'lláh* (Haifa: Bahá'í World Centre, 2018), no. 2.12, p. 17.

18. *Tablets of the Divine Plan: Revealed by 'Abdu'l-Bahá to the North American Bahá'ís* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1993, 2006 printing), no. 13.6, pp. 95–96.

19. Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh, XXXIV, par. 8, p. 91.

20. Selections from the Writings of 'Abdu'l-Bahá (Wilmette: Bahá'í Publishing, 2010, 2015 printing), no. 40.3, pp. 118–19.

21. Ibid., no. 40.3, p. 119.

22. From a talk given on 11 May 1912, published in *The Promulgation of Universal Peace: Talks Delivered by ‘Abdu’l-Bahá during His Visit to the United States and Canada in 1912* (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2012), par. 2, p. 153.

23. Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá, no. 206.13, pp. 356–57.

24. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 21 November 1911, published in *Paris Talks,* no. 34.8, p. 133.

25. Bahá’u’lláh, *Epistle to the Son of the Wolf* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1988, 2016 printing), p. 139.



# Шыктандырган маектер

## Максаты

Маектешүү учурунда руханий принциптерди жеткире билүү жөндөмүн өздөштүрүү

## 1-БӨЛҮМ

Бул китептин биринчи бөлүмүндө биз Кудайдын Сөзүн башкалар менен бөлүшүүдөн алган чексиз кубаныч жөнүндө сүйлөштүк. Кызмат өтөө жолун аркалоодо, биз досторубуз жана тааныштарыбыз менен Бахаулланын Аянынан алынган түшүнүктөрдү талкуулоо үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө ээ болобуз. Ошондуктан, баарыбыз өздөштүрүүгө тийиш болгон эң маанилүү жөндөмдөрдүн бири – бул маңыздуу жана шыктандыра турган маек  кура билүү. Ушул жана кийинки бөлүмдөрдүн максаты сиздин дал ушул жөндөмдөрүңүздү өрчүтүүгө жардам берүү болуп саналат. Бул жерде сиз туш болгон ар бир учурга жараша рухий принциптерге таянуу менен маектешүүнүн деңгээлин кантип көтөрүүгө болоорун үйрөнөсүз. Кийинки бөлүмдө сиз өзүңүздүн коңшулукта же аймагыңызда жигердүү коомчулукту куруу үчүн кылган үзгүлтүксүз аракеттериңиздин бир бөлүгү катары конкреттүү темалар боюнча бир катар баарлашууларды кантип баштоо жана улантуу жөнүндө ой жүгүртөсүз.

Кийинки бөлүмдөрдө биз ар кандай темага карата айтылган баяндамаларга токтолобуз, алар так цитаталар болбосо да, бардыгы Абдул-Баханын маектеринен же Ыйык Насааттарынан алынып, Анын айткандарына негизделген. Сиз ар бир баяндаманы бир нече жолу окуп, андагы ой-түшүнүктөрдүн ырааттуулугун аныктап, өз тобуңуздун башка мүчөлөрү менен кезектешип бири-бириңерге айтып берип, кадыресе сүйлөшүүдө айта алганга чейин машыгышыңыз керек. Бул көнүгүү талкуу учурунда Ишенимдин окуу принциптерин колдонууга ылайыктуу мүмкүнчүлүк түзүлө калганда, аны оңой айтып берүүңүзгө жардам берет.

Албетте, бул бөлүктө сиз Жазмалардан үзүндүлөрдү жаттоону улантасыз, анткени алар адамдын жүрөгүнүн түпкүрүнө орной турган өзгөчө күчкө ээ жана сиздин сөздөрүңүз менен айкалышканда, угуучуга терең таасир этет. Бирок маектешүү учурунда Жазмалардан цитата келтирүү чеберчиликти талап кылат. Ишенимдин окууларын түшүндүрүүдө Жазмалардан тике цитата келтирүү менен өз сөзүңүздү колдонуунун ортосунда тең салмактуулук керек. Бул тең салмактуулукка жетүү үчүн, Жазмаларды изилдөөгө бир кыйла убакытты жана күч-кубатты арноо менен, аларга сиздин ой-сезимдериңизди калыптандырууга мүмкүнчүлүк беришиңиз керек.

## 2-БӨЛҮМ

Изилдөөгө сунушталган биринчи баяндама, адамзаттын Устатка болгон муктаждыгы туурасында болмокчу.

> Жашоо-болмушун карай турган болсок, андагы минералдык заттар, өсүмдүктөр, жаныбарлар, дегеле адамдын жашоо чөйрөсү баары тең Устатка муктаж экенин көрөбүз. Бакча багбанга муктаж. Мол түшүм алуу үчүн жерди иштетүүгө дыйкан керек. Эгерде адам ээн талаада жалгыз калса, ал жапайы жаныбардын жолуна түшөт. Эгерде адам билимдүү болсо, ал эң чоң бийиктиктерди багынта алат. Насаатчы Устаттар болбосо цивилизация да болмок эмес.
>
> Билим үч түрдүү болот: материалдык, интеллектуалдык жана руханий. Материалдык билим организмдин өсүп-өнүгүшү менен байланыштуу. Интеллектуалдык билим цивилизация жана прогресс менен байланыштуу. Ал

өкмөткө, коомдук тартипке, адамдардын жыргалчылыгына, соода жана өнөр жайга, искусствого жана илимге, жашоону өзгөрткөн ачылыштарга жана чоң демилгелерге байланыштуу. Руханий тарбия – бул рухтун мыктылыгына ээ болуу. Бул чыныгы билим, анткени анын жардамы менен адамдын эң жогорку табияты болгон рухий табияты өнүгөт.

Адамзат алдыга өсүшү үчүн материалдык да, интеллектуалдык да жана руханий билим жагынан айныксыз көсөмдүккө ээ устат керек. Эгер кимдир бирөө: «Мен абдан акылдуумун, мага мындай устаттын кереги жок» десе, ал анык нерсени жокко чыгарып жатканы. Муну кичинекей баланын: «Мага билимдин кереги жок, мен өзүмдүн ой жүгүртүүмө, акылыма жараша иш кылып, мыкты даражага жете алам» дегенине салыштырууга болот.

Туура тамактануу, ден соолугуна кам көрүү боюнча иш-аракеттерин талаптагыдай уюштурууга көмөк боло ала турган устатка адамзат дайыма муктаж болуп келген. Аны илимге, ойлоп табууларга жана ачылыштарга шыктандырган жана эң негизгиси ага рух жашоосунун деми менен жандандырган жеткилең устатка абдан муктаж. Эч бир жөнөкөй адам мындай зор милдеттерди аткара албайт. Аларды аткарууга Кудайдын Жарчылары гана кудуреттүү. Булар адамзаттын универсалдуу Устаттары болуу үчүн Кудай тарабынан мезгил-мезгили менен жиберилген тандалган Жандар.

1. Топ ичинде бул баяндаманы бир нече жолу окуп чыгып, анын мазмунун жакшы түшүнүү үчүн бири-бириңерге жардам бергиле. Бири-бириңерге берилген идеялар боюнча суроолорду берип, баяндаманы өз сөзүңөр менен табигый түрдө айтууга машыгышыңар керек.

2. Андан кийин бул жерден алган ой-түшүнүктөрдү маектешүүгө кантип кошууга болоорун өз тобуңуз менен талкуулаңыз. Албетте, сиз дароо эле досторуңузга билимдин үч түрү бар экенин айтпайсыз. Адегенде, сиз жогоруда айтылган ой-түшүнүктөрдү кошууга жүйөлүү боло турган баарлашуунун ар кандай түрлөрү жөнүндө ойлонушуңуз керек. Балким, бул коомдогу адеп-ахлактын төмөндөшү же дүйнөнү жакшыртуу үчүн эмне кылуу керектиги жөнүндөгү маселелер болушу мүмкүн. Досторуңуз, үй-бүлө мүчөлөрүңүз жана тааныштарыңыз менен болгон ар түрдүү маектешүүлөр жөнүндө ойлонуп көрүңүз. Аларды көп ойлонто турган көйгөйлөрдүн арасында бул баяндамадагы ой-түшүнүктөрдү талкуулоого түрткү боло турган кандай темалар бар?

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

__________________________________________________________

3. Жаңы эле силер изилдеген темалар боюнча маектешүү жүрүп жатканда көп учурда ар кандай суроолор жаралат. Эгер кимдир бирөө: «Сиз кайсы Устаттар тууралуу айтып жатасыз?» деп сураса, эмне деп жооп берет элеңиз?

4. Төмөндө Бахаулланын Жазмаларынан алынган адамзаттын Устатка болгон муктаждыгына байланыштуу кээ бир цитаталар келтирилген. Алар жөнүндө ой жүгүртүп, жок дегенде бирин жаттап алыңыз. Муну менен сиз керектүү учурда Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү маектешүүңүзгө кошо аласыз.

**“Бардык адамдар дайыма өнүгүп туруучу цивилизацияны алдыга жылдыруу үчүн жаралган”** [1]

**“Чыныгы бир Кудайдын, Анын даңкы арта берсин, адамдарга келүүсүнүн максаты – алардын түпкүрүндө катылган асылзаттык маңызын ачыктап көрсөтүп берүү”** [2]

**“Кудай адамдарга пайгамбарларды эки максат менен жиберет. Биринчиси, адамзат балдарын түркөйлүктүн караңгылыгынан куткарып, чыныгы акылдын нуруна багыттоо. Экинчиси, адамзатты тынчтык жана бейпилдик менен камсыз кылуу жана аларды орнотуу үчүн керек болгон бардык күч-каражаттарды берүү.”** [3]

**“Адамдар кандай шартта болбосун, ар дайым аларга насаатчы боло турган, багыт бере турган, үйрөтө турган жана окута турган бирөөгө муктаж.”** [4]

## 3-БӨЛҮМ

Төмөнкү абзацтарда Кудайды Анын Жарчылары аркылуу гана таанып-билүүгө болоору сүрөттөлгөн, баяндамада камтылган маалымат достор менен баарлашууда сизге пайдалуу болот:

Чексиз ааламды карап көрөлү. Ал Жаратуучусуз пайда болушу мүмкүнбү? Же Жараткандын акыйкатын Ал жараткан нерселер таанып-биле алабы? Эгер бардык жаратылган нерселерге байкоо жүргүзө турган болсок, төмөн тургандар өзүнөн жогору тургандардын күчүн түшүнүүгө кудуретсиз экенин көрөбүз. Таш менен дарак кандай өзгөрүп өспөсүн, көрүү жана угуу күчүн эч качан түшүнө албайт. Жаныбар эч качан адамдын жашоосун түшүнө албайт жана адамдын рухунун күчүн аңдап биле албайт. Ошондо, биз өзүбүз, Кудай тарабынан жаратылсак, кантип Анын акыйкатын түшүнө алабыз?

Биздин түшүнүгүбүз Кудайды түшүнүүгө жете албаса да, бизде Аны таануу мүмкүнчүлүгү такыр жок эмес. Маал-маалы менен жер бетинде Кудайдын Жарчысы болгон өзгөчө бир Жандар пайда болуп турат. Кудайга таандык болгон бүт жеткилендик, береке жана сонундук - жалтырата таза сүртүлгөн күзгүгө чагылган күндүн нурлары сыяктуу бул Ыйык Жарчылардан көрүнүп турат. Эгерде күзгү күндүн нурун чагылдырат десек, бул күндүн бийиктиктен түшүп, күзгүнүн бир бөлүгү болуп калды дегенди билдирбейт. Анын сыңарындай, Кудай

ыйыктык асманынан бул болмуштун тегиздигине түшпөйт. Мунун мааниси мындай: Адамзат билген, биле турган жана түшүнгөн Кудайдын ысымдары, сыпаттары жана жеткилеңдигинин баары Анын Ыйык Жарчыларына таандык.

1. Тобуңуздун ичинде бул айтылгандарды бир нече жолу окуп, анын мазмуну боюнча бири-бириңерге берген суроолорго жооп берген соң, сиз идеяларды жеңил түрдө башкаларга айтып берүүгө машыгышыңыз керек.

2. Андан кийин бул жерден алган түшүнүктөрдү маектешүүгө кантип кошууга болорун өз тобуңуз менен талкуулаңыз. Мисалы, бул баяндаманы Кудайдын бар экендиги же жашоонун максаты тууралуу болгон талкууларда колдонууга болот. Сиз үчүн бул ой-түшүнүктөрдү бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк жарата турган үй-бүлөңүздүн мүчөлөрү же досторуңуздун арасында болгон баарлашууларда талкуулана турган кандай суроолор жана темалар бар?

________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________

3. Достор менен баарлашууда сиз жаңы эле окуган түшүнүктөр жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүгүңүз бар дейли. Эгер алардын ичинен бирөөсү сизге мындай деген суроо берсе, эмне деп жооп берет элеңиз: “Кудай туурасында Анын Жарчылары аркылуу биз эмнелерди билебиз?”

________________________________________________
________________________________________________
________________________________________________

4. Бул тема боюнча досторуңуз менен сүйлөшүү учурунда сөз арасында цитата келтириш үчүн, сиз Бахаулланын Жазмаларынан төмөнкү үзүндүлөрдүн бирин же бир нечесин жаттап алсаңыз болот:

**“Акыйкат Күнүнөн түшкөн бул нурлуу Жандарды таанбай жана билбей туруп, бардык нерсенин Башаты болгон Анын Өзүн таануу жана билүү мүмкүн эмес.”** [5]

**“Кудайдын Жарчысы ар дайым Алла Тааланын өкүлү жана кабарчысы болгон. Ал, акыйкатында, Кудайдын нагыз ысымдарынын Таң жылдызы жана Анын бийик касиеттеринин Таңы ата турган Жайы.”** [6]

**“Ишенип койгула, Кудайдын ар бир Жарчысынын кылган иштери жана аракеттери, дегеле аларга эмне тийиштүү болбосун жана келечекте алар эмне деп жар салбасын, анын бардыгы Алла Таала тарабынан буйрук кылынган жана Анын Эрки менен Максатын чагылдырат.”** [7]

# 4-БӨЛҮМ

Диндин биримдиги көпчүлүктү кызыктырган тема жана төмөнкү идеялар силерге түрдүү учурларда көмөкчү болмокчу:

> Биз жарыкты анын кандай шамдан чыккандыгына карабастан сүйүшүбүз керек. Кандай бакчада гүлдөбөсүн, биз роза гүлүн сүйүүбүз кажет. Кандай булактан чыкпасын, биз акыйкатты издөөбүз керек. Бир шамдын жарыгына байлануу, бизге башка шамдан чыккан жарыкты көрүүгө тоскоол болушу мүмкүн. Акыйкатты издөөдө биз бейкалыс көз караштар менен ой-пикирден, түшүнүктөрдөн арылуубуз керек. Эгерде чөйчөгүбүз “мен” менен толуп турса, анда өмүр суусу үчүн орун калбайт.
>
> Дин - дүйнөнүн шам чырагы. Ал биздин кадамдарды багыттап, бизге чексиз бакыттын эшиктерин ачат. Догматикалык ишенимдин чектөөлөрүнөн жана сокур тууроочулуктан арылган бардык улуу диндердин окууларын изилдегенибизде, алардын баары бир негизге таянарын түшүнөбүз. Алардын баары Кудайдын билимин ачып берет. Алар адамзаттын дүйнөсүн жакшыртууга умтулушат.
>
> Албетте, убакыт менен чөлкөмдүн талабына ылайык, ар бир дин тараткан коомдук мыйзамдар менен эрежелердин ортосунда айырмачылыктар бар. Бирок негизинен бардык диндердин өзөгү бир. Алар ишенимге, билимге, ак ниеттикке, адилеттүүлүккө, такыбалыкка, бийик руханий маңызга, ишенимдүүлүккө, Кудайды сүйүүгө жана кайрымдуулукка тарбиялайт. Алар таза, боорукер, кичи пейил, сабырдуу, оор басырыктуу жана туруктуу болууга үйрөтүшөт. Бул адамдык сапаттар ар бир дин Падышалыгында жаңырып-жаңыланып турат.
>
> Тилекке каршы, алдын ала калыптанып калган бейкалыс көз караштардан жана сокур тууроочулуктун айынан көпчүлүк адамдар диндин негизги биримдигин көрө албай калышат. Кудайдын адам баласына көрсөткөн багыты – бул акыйкат, ал эми акыйкат бөлүнбөйт, ал жалгыз бирөө. Эгерде биз алдын ала ишенип алган ойлорубузду четке кагып, чындыкты өзүбүз изилдесек, изденүүбүз биримдикке алып келет. Дин бизди биріктириши керек; ал адамдардын ортосунда сүйүү байланыштарын орнотуусу керек. Эгер ал кастыктын жана араздашуунун себеби боло турган болсо, анда анын жок эле болгону жакшы.

1. Буга чейинки бөлүмдөрдө аткаргандай эле, сиз бул баяндаманы тобуңуздун ичинде бир нече жолу окуп, анын мазмунуна карата бири-бириңерге суроолорду берип, аларды мыкты айтып бере алгандай болуп машыгышыңыз керек.

2. Талкууланган идеяларды күнүмдүк маек учурунда кантип сөзгө кошуу тууралуу топ ичинде ойлонуп көргүлө, мисалы, адамдарды көп тынчсыздандырган диний чыр-чатактар тууралуу маекте. Же болбосо, ошол сыяктуу эле, манипуляциянын таасир этишине жол бербей, чындыкты издөөнүн маанилүүлүгү тууралуу бир нече досторуңар ортосунда жүргөн талкууга катышып калышыңар мүмкүн. Жакындарыңыз жана кошуналарыңыз, кесиптештериңиз жана тааныштарыңыз менен болгон соңку маектериңизди эстеңиз. Аларды ойлонткон кандай көйгөйлөр бар, алардын кээ бирлери үчүн азыр изилдеген идеялар кандай пайда бере алат?

3. Жогорудагы баяндамадагы идеялар тууралуу маек учурунда бөлүшкөндөн кийин кимдир бирөө сизден: “Кайсы акыйкат бардык диндерге бирдей тиешелүү?” деп сураса, кандай деп жооп берет элеңиз?

4. Бахаулланын Жазмаларынан алынган төмөндөгү үзүндүлөрдү жаттап алуу сунушталат:

**“Дүйнөдөгү бардык элдер кайсы расага же ишенимге таандык болбосун, өзүнө илхамды көктөгү бир Булактан алаары жана бир Кудайга кызмат кылаары шексиз.”** [8]

**“Бардык диндин жолдоочулары менен достуктун жана жолдоштуктун ыргагында баарлашкыла.”** [9]

**“Кудайдын Ишеними менен Анын Дининин негизине камтылган негизги максат - адам тукумунун кызыкчылыгын коргоо жана анын биримдигин чыңдоо...”** [10]

**“Кудайдын Дини сүйүү жана биримдик үчүн берилген; аны кастык менен бөлүнүүнүн булагына айландырбагыла.”** [11]

## 5-БӨЛҮМ

Сизге изилдөө үчүн сунушталган кийинки тема - бул илим менен диндин ортосундагы байланыш.

Дин илим менен айкалышы керек. Акыйкатты аңдап түшүнүүбүз үчүн Кудай бизге акыл берген. Илим да, дин да акыл-эс ченемдерине ылайык келет деп күтүлөт. Ошондуктан, алар бири-бири менен шайкеш болуусу кажет. Булар адамдын акылын бийиктикке көкөлөтө турган эки канат, адамзатты учура турган эки канат. Бир эле канат жетишсиз.

Илим – бул Кудайдын ырайымы менен берилген белек. Ал физикалык дүйнөнүн мыйзамдарын ачып, жаратылыштын бизге койгон чектөөлөрүн жеңүүгө мүмкүндүк берет. Илимий курал-жабдыктардын жардамы менен биз көзгө көрүнбөгөн нерселерди көрүп, алыскы аралыкта тургандар менен көз ирмемде

байланыша алабыз. Илим учур менен өткөндү бириктирип, келечектин сырларына сүңгүп кирет. Адамдардын өсүп-өнүгүүсү илимий жетишкендиктерден көз каранды.

Кудайдын дини - акыйкаттын жарчысы, илимдин өнөктөшү жана адамзатты агартуучу. Динсиз илим материализмди өстүрүүчү куралга айланып, акыры үмүтсүздүккө алып келет. Ал эми дин илимге каршы турса, ал жөн эле ырым-жырымга айланат. Дин менен илим эриш-аркак болсо, учурдагы адамзатты азапка салган жек көрүүчүлүк менен кайгы-капанын көбү болмок эмес.

1. Адаттагыдай эле, өз тобуңуз менен берилген аныктамаларды абзац-абзац менен окуп чыгыңыз да, анын мазмунун табигый түрдө айтууга жетишерлик деңгээлде үйрөнгөнгө чейин бири-бириңерге суроолорду берүүнү улантыңыз.

2. “Дин өткөн мезгилге мүнөздүү нерсе; илим адамзаттын бардык көйгөйлөрүн чечет”– деп айткан адамга эмне деп жооп кайтарат элеңиз. “Дин ырым-жырым эмес, бирок илимдин коштоосу болбосо, ал дал ошондой болуп калат, ал эми илим динсиз материализмден келип чыккан үмүтсүздүккө алып келет”, деп түшүндүрүп берсеңиз пайдалуу болобу? Кандайча ушундай болуп калаарына мисал келтире аласызбы?

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

3. Силерге Бахаулланын Жазмаларынан төмөндөгү үзүндүлөрдү жатка билүү сунуш кылынат:

**“Кудуреттүү Кудайдын адамга берген ырыскыларынын ичинен эң биринчиси жана негизгиси – бул түшүнүк белеги, бул белек адамга бардык нерсенин акыйкатын аңдоо күчүн берет, аны туура жолго жетелейт жана жаратылгандардын сырларын ачууга жардам берет”** [12]

**“Дүйнөгө көз чаптыр да, ал жөнүндө бир аз ой жүгүрт. Ал сенин көз алдыңда өзүнүн китебин ачып, анда баардыгынан Билерман, Жаратман, Теңирдин калеми менен жазылгандарды сага көргөзүп берет.”** [13]

**“Билим – адамдын жашоосунда канат сымал жана анын бийик көтөрүлүшү үчүн тепкич сыяктуу. Бардыгы билим алууга тийиш.”** [14]

## 6-БӨЛҮМ

Бүгүнкү күндө адамдардын жүрөгүнө жакын темалардын бири - адамзат биримдиги, андыктан төмөндөгү идеяларды сиз менен талкуулоо көп адамдар үчүн кубаныч алып келет.

Ар кандай түстүү жана түркүн жыттуу гүлдөр өскөн бакча көзгө жагымдуу учурайт. Ар түрдүүлүгүнө карабастан, бардык гүлдөр бир эле жамгыр менен сугарылып, бир эле күндөн жылуулук алат. Адамзат үчүн да дал ушундай көрүнүш мүнөздүү. Адамдардын ар кандай расалары жана өң-түстөрү бар. Ошентсе да, баары бир Кудайдан жаралган жана бардыгынын теги бир. Музыкадагы ар кыл ноталар биргеликте айкалышып мыкты аккордду жараткан сымал, адам үй–бүлөсүнүн ар түрдүүлүгү - гармониянын себеби болууга тийиш.

Биримдик жашоо үчүн керек. Жашоо себебинин өзү – сүйүү. Материалдык дүйнөдө бардык нерселер тартылуу мыйзамынын негизинде жашайт. Тартылуу күчү мисалы, белгилүү бир элементтерди сонун гүл кылып бириктирип турат. Бирок тартылуу күчү жоголгон мезгилде, гүл соолуйт да, жашоосун токтотот. Бул көрүнүш адамзатка да мүнөздүү. Тартылуу, гармония жана биримдик – булар адамзатты бириктирген күчтөр.

Бахаулла дүйнөдөгү баардык элдердин биригүүсүнүн моделин түздү. Биз аларды биримдиктин тегерегине тартуу үчүн баардык күч аракеттерди жумшоого тийишпиз. Биз ар кандай раса, улут, дин же биздикинен башка көз караштагы адамдарды жолуктурганыбызда, бул айырмачылыктар ортобузда тоскоолдуктарды жаратуусуна жол бербешибиз керек.

Биз аларды адамзаттын эң кооз бакчасында өскөн ар түстөгү розалар сыяктуу карашыбыз керек, биз алардын арасында экенибизге кубанууга тийишпиз.

1. Буга чейин изилдеген баяндамалар сыяктуу эле бул баяндаманы да окугандан кийин, айланаңызда болуп жаткан ар-кандай баарлашуулар тууралуу ойлонуңуз. Бул идеяларды башкалар менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк ача турган адамдардын оюнда жүргөн айрым маселелер кайсылар деп ойлойсуңар?

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

2. Жалпы адамзаттын биримдиги жөнүндөгү маек ар бир адамдын өз жамаатындагы биримдиктин маанилүүлүгү жөнүндө талкууга алып келиши мүмкүн. Ага ар бирибиз кандай салым кошо алаарыбыз жөнүндө бир нече сөз айта аласызбы?

________________________________________

________________________________________

________________________________________

3. Сиз досторуңуз менен бул темада сүйлөшкөндө алар менен бөлүшүү үчүн төмөнкү цитаталардан бирөөнү же бир нечесин жаттап алсаңыз болот:

**“Бирмдиктин Ыйык чатыры тургузулду; бири-бириңерди жат көрбөгүлө. Силер бир дарактын жемишисиңер жана бир бутактын жалбырактарысыңар.”** [15]

**“Биримдиктин жарыгы ушунчалык кубаттуу дейсиң, бүтүндөй жер жүзүн жарык кыла алат.”** [16]

**“Жүзүңөрдү биримдикке бургула, анын жарыгы силерди жаркыратсын. Башыңарды бириктиргиле, Кудайдын ысымы менен, араздашууга алып бара турган ар кандай себептерди түп тамыры менен жок кылгыла.”** [17]

**“Адам ынтымакка, боорукерликке жана биримдикке алып бара турган нерселерге бекем карманышы керек.”**[18]

## 7-БӨЛҮМ

Адилеттүүлүк – бул көп адамдар кызыккан дагы бир тема, андыктан төмөндөгү үзүндүлөр силердин бул темада баарлашкан маектериңерге салым кошо алат.

Адамдардын жөндөмдөрүндөгү айырмачылыктар адам жашоосунун негизги пайдубалы болуп саналат. Баардыгы бири-бирине окшош болушу, бири-бирине тең болушу мүмкүн эмес. Ошондой болсо да, адамдардын иштери адилеттүүлүк принцибинде башкарылууга тийиш. Адилеттүүлүк ыйык болуп, ар бир адамдын укугу корголушу керек.

Адилеттүүлүктүн чеги болбойт: бул универсалдуу сапат. Ал адамзаттын бардык чөйрөсүндө аракетке келүүгө тийиш.

Коомдун ар бир мүчөсү цивилизациянын жыргалчылыктарын пайдаланууга укуктуу, анткени биз баарыбыз адамзаттын бир денесине таандыкпыз. Бул дененин бир мүчөсү ооруса же кыйналса, башка мүчөлөрү сөзсүз түрдө жабыркайт. Кантип бирөө кыйналып турганда, башкаларынын жаны тынч болмок? Бүгүнкү коомго өз ара карым-катыш жана шайкештик жетишпей жатат: ал жетиштүү түрдө жакшы уюшулган эмес.

Бүткүл адамзат үй-бүлөсүнүн жыргалчылыгын жана бактылуулугун камсыз кыла турган мыйзамдар жана принциптер талап кылынат.

Адилеттүүлүк – сыйлык жана жаза таянычтарына негизделген. Ишеними жок жана Кудайдын жазасынан коркпогондор тарабынан башкарылган өкмөттөр адилетсиз мыйзамдарды чыгарышат. Зулумдукту алдын алуу үчүн экөө тең керек – сооп алууга болгон үмүт жана жазадан коркуу. Мыйзам чыгаруучулар жана мыйзамдарды аткаруучулар өздөрүнүн чечимдеринин руханий жактан кандай кесепетке ээ болушу мүмкүн экенин билиши керек. Кылган иштеринин акыбети бул дүйнөдөн кийин да аларды коштоп жүрөөрүн жана чыгарган өкүмдөрү Теңирдин адилеттүүлүк таразасына тартылаарын билген башкаруучулар ырайымсыздыктан жана зордук-зомбулуктан сөзсүз сактанышат.

1. Жогорудагы баяндаманы кадыресе маектерде эркин айтып берүүгө көнгөндөн кийин, андагы идеялар баарлашууда кайсы темалар үчүн пайдалуу болоорун ойлонуп көрүңүз.

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

2. Адилетсиздик эч качан токтобойт деп ишенген адамга карата сиздин жообуңуз кандай болмок?

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

3. Төмөндө Бахаулланын Жазмаларынан адилеттүүлүккө байланыштуу бир нече цитаталар келтирилген, сизге аларды жаттап алууну сунуштайбыз.

**“Адамдын жарыгы - адилеттүүлүк. Аны ырайымсыздык жана зордук-зомбулуктун шамалы менен өчүрбөгүлө. Адилеттүүлүктүн максаты адамдар арасында биримдикти жаратуу.”** [19]

**“Бир дагы жаркыраган нур, адилеттүүлүк нуруна теңдеше албайт. Дүйнөлүк түзүлүш жана адамзаттын бейпилдиги адилеттүүлүктөн көз каранды.”** [20]

**“Дүйнө адилеттүүлүк аркылуу тарбияланат, себеби ал эки түркүк менен - сыйлык жана жаза менен бекемделет. Бул эки түркүк дүйнөдөгү жашоонун булагы.”** [21]

## 8-БӨЛҮМ

Байлар менен кедейлердин ортосундагы ажырым күн өткөн сайын чоңоюуда жана төмөндөгү берилген ой-пикирлер досторуңуз менен ушул жана ага байланыштуу темалар боюнча баарлашууга жардам берет.

Бүгүнкү күндө өз ара ынтымактын жана достук мамилелердин жоктугунан коомдун кээ бир мүчөлөрү канааттандырарлык шарттарда жана жетишкендикте жашаса, кээ бирлери тамак-ашка, турак-жайга муктаж. Кээ бир адамдар абдан бай болсо, кээ бирлери жакырчылыкта күн өткөрүүүдө.

Коомдун мыйзамдары кээ бирлер ашыкча байлык топтоп, башкалары жакырчылыкта жашап калбагыдай кылып түзүлүп жана аткарылышы керек. Бул бардыгы бирдей болушу керек дегенди билдирбейт, анткени жаратылгандар даражасы жана жөндөмдүүлүктөрү жагынан бири-биринен айырмаланышат. Бирок аша чапкан байлык жана ошол эле мезгилде орун алган чектен чыккан

жакырчылык көрүнүшүн жоюуга болот. Капиталисттин байлыкка ээ болушу туура боло турган болсо, жумушчунун жетиштүү каражатка ээ болуусу да ошондой эле адилеттүү. Эгер бир жерден жакырчылыктын жеткен чегин көрүп атсак, демек башка жерде ырайымсыздык өкүм сүргөнү турган иш.

Кептин төркүнү мындай, Кудайдын адилеттүүлүгү адамзаттын жашоо шартында көрүнүп туруусу керек.

Кандай экономикалык түзүлүш болбосун, анын табияты Кудайга таандык ыйыктыкка ээ, ал жүрөк жана рух дүйнөсү менен байланышкан. Байлар өз берекеси менен бөлүшүүгө тийиш; алар жүрөктөрүн жибитип, боорукердик аң-сезимдерин өстүрүшү кажет. Экономиканы биротоло өзгөртүү үчүн, байлар чын дилден жоомарттык кадамдарга барышы үчүн жүрөктөрдүн бекем биримдиги орун алып, сүйүү ушунчалык үстөмдүк кылышы керек. Коомчулукта жакырчылык өкүм сүрүп турганда чоң байлыкка ээ болуу адилеттүү да, адал да эмес экенин алар өздөрү түшүнүшү керек. Ошондо, алар байлыктарын өз ыктыяры менен бөлүшөт да, ошол эле учурда өздөрүнө ыңгайлуу жашоого шарт түзүүгө жетиштүүсүн алып кала алышат.

1. Жогорудагы баяндаманы окуп чыгып, аны өз тобуңузда адаттагыдай эле карап чыгыңыз. Адамдарды сарсанаа кылган байлык жана жакырчылыкка байланыштуу бир топ көйгөйлөр бар - иш менен камсыз болуу, эмгек акы, тиричилик - бул алардын кээ бири эле. Бул баяндамада айтылган идеяларды кандай темадагы талкуу үчүн колдонууга боло тургандыгын ойлонуп көрүңүз?

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

2. Жогорудагы ойлорду уккан бирөө сизден: “Сиз байлар салыкка байланыштуу катаал мыйзамдарды түшүнүү менен кабылдап жана алар өзүлөрүнө тиешелүү төлөмдөрдү чын дилден төлөп берет деп жатасыз. Ушундай болушу мүмкүн деп ойлоого сизге эмне түрткү болду?”, деп сураса кандай деп жооп берет элеңиз?

____________________________________________

____________________________________________

____________________________________________

3. Бахаулланын Жазмаларынан алынган бул цитаталардын бирин же бир нечесин жаттап алуу сунушталат:

**“. . . Өзүңөр да, башкалар да пайдасын көрө алгандай, адал жана кереметтүү жемиштерге ээ болушуңар керек. Андыктан, ар бир адам өнөр жана кесип менен алектенүүгө милдеттүү, анткени байлыктын сыры ушунда, о, аң-сезимдүү адамдар!”** [22]

**“Карегиңди ырайымдуулукка бурам десең, жеке пайдаңды көздөбөстөн, адамдарга пайда бере турчу нерселерге тартыл. Эгер көзүң адилеттикке бурулса, өзүң үчүн эмнени тандасаң, жакыныңа да ошону танда.”** [23]

**“Өзүнөн да боордошун артык көргөндөр Кудайдын батасын алат.”** [24]

**“Эч бир жакшы иш көз жаздымда калган эмес жана калбайт, анткени адал иштер – аракет кылгандардын жыргалчылыгы үчүн Кудайдын алдында сакталган кенч.”** [25]

**“Ысырапкорлордун катарында болуп калбаш үчүн, ченемдүүлүк чегинен чыккандан сак бол.”** [26]

## 9-БӨЛҮМ

Алдын ала калыптанып калган бейкалыс көз караштарга байланыштуу талкууларга катышууга жардам бере турган кээ бир идеялар төмөндөгү баяндамада берилди.

Алдын ала калыптанып калган көз-караштардын кандай түрү болбосун, мейли диний, расалык, гендердик, этникалык, экономикалык болобу, алардын бардыгы адамзаттык принциптердин түзүмүн бузуп, Кудайдын буйруктарына каршы келет. Миңдеген жылдар бою адамзат ушундай алдын ала калыптанып калган бейкалыс көз караштардан улам келип чыккан согуштардын жана кан төгүүлөрдүн азабын тартууда. Бейкалыс көз караштар жок болмоюнча, адамзат эч качан тынчтык таппайт.

Кудай Пайгамбарларын бир гана максат менен жөнөткөн - сүйүү жана биримдикти жаратуу үчүн. Бардык Асман Китептери сүйүүнүн жазма тили болуп саналат. Эгерде алар бөлүнүүгө себепкер боло турган болсо, алардын жемишсиз калганы. Андыктан, бейкалыс сенек диний түшүнүктөр Кудайдын эркине жана буйругуна өзгөчө каршы турат.

Улутка байланыштуу калыптанган бейкалыс көз караштар толугу менен негизсиз. Жер шары – бир аймак, бир мамлекет болуп саналат. Улуттарды бөлүп турган сызыктар жана чек аралар ойдон чыгарылган; аларды Кудай жараткан эмес. Адамдар дарыяны эки өлкөнүн ортосундагы чек ара сызыгы деп жарыялап, ар бир тарапка ат коюшат, ал эми дарыя эки жак үчүн тең жаратылган жана бардыгы үчүн табигый артерия болуп саналат. Адамдардын куру ойлору менен сабатсыздыгы жашоонун ырыскыларын согуш жана кыйроонун себебине айландырып жаткандыгы айкын эмеспи?

Расалык бейкалыс түшүнүктөр да жөн гана түркөй ырым-жырымдар болуп саналат. Адамдын терисинин түсү – бул адамдардын климатка жана айлана-чөйрөгө акырындык менен ыңгайлашуусунун натыйжасы гана. Мүнөз – адамкерчиликтин чыныгы көрсөткүчү. Мыкты адам болуу расадан жана түстөн көз каранды эмес. Ишеним, жүрөктүн тазалыгы, жакшы иштер жана мактоого татыктуу кеп – Кудайдын босогосунда кабылдана турган нерселер мына ушулар.

Узак убакыт бою аялдарды эркектерге баш ийдирип, аларды кор көрүп келишкен. Эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылык физикалык дүйнөнүн гана талабы; рух дүйнөсүндө алар бирдей даражада. Кудайдын алдында эркек менен аялдын эч кандай айырмачылыгы жок. Бүткүл адамзатка Ал тарабынан акыл жана аң-сезим берилген. Изги сапаттарга ээ болууга ар бир адам жөндөмдүү. Бүгүнкү күндө адамды жынысына карата басмырлоого негиз боло турган эч кандай жагдай жок.

Эски Осуятта айтылган сөздөргө кайрылсак, Кудай мындай деген: "Адамды Өз бейнебизге окошотуруп, Өзүбүз сымал жараталы". Бул аялдарга да тиешелүү экендиги айкын. Адам баласы Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган; башкача айтканда, касиеттүү сапаттар адамдын чыныгы табиятында чагылдырылган. Бул бүт адамзатка мүнөздүү. Бир түстөгү, бир этноско же улутка тиешелүү адамдар гана Кудайдын Өзү сымал жаратылган деп айтуу чоң жаңылыштык. Байлар гана Анын Өзү сымал жаратылган деп айтуу же коомдо ээлеген жогорку абалы адамдын Кудайга жакындыгын көрсөтүп турат деп кароо дагы акылга сыйбаган нерсе. Адамзат алдын ала калыптанып калган бейкалыс ой-пикирлеринен жана көз караштарынан арылмайынча жана Падышалыктын ыйманына ээ болмоюнча алдыга жыла албайт.

1. Бул баяндаманы адаттагыдай эле изилдеп, андан соң досторуңуз жана кошуналарыңыз менен баарлашуудан келип чыккан, алдын ала калыптанып калган бейкалыс көз караштардан арылууга тийиштүү болгон маселелер жөнүндө ойлонуңуз.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

2. Жогорудагы түшүнүктөрдү бөлүшкөн учурда, аларды угуп жаткандардын бири сизден "Бизде алдын ала калыптанып калган бейкалыс түшүнүктөр бар болуп, бирок биз аны өзүбүз билбеген болушубуз мүмкүнбү", - деп сураса эмне деп жооп берет элеңиз?

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Сиз бул түшүнүктөр боюнча талкуу учурунда Бахаулланын Жазмаларынан алынган төмөндөгү цитаталарды кошууга ылайыктуу учурларды кезиктиришиңиз мүмкүн:

**"Жер – бир өлкө, адамзат анын жарандары." 27**

**"Дүйнөдөгү бардык көчөттөр бир Дарактан, бардык тамчылар бир Мухиттен пайда болгон жана бардык жаратылгандар жаралганы үчүн бир гана Жаратуучу алдында карыз."** [28]

**“Бүткүл адамзат үчүн кызмат өтөөгө өзүн арнаган адам гана, нагыз адам атын алып жүрүүгө татыктуу.”** [29]

**“Жакшы мүнөздүн жарыгы күн нурунан да, анын шооласынан да артык.”** [30]

**“Адамдын даңкы көркүндө же байлыгында эмес, ал анын адептүү жүрүм-турумунда жана нагыз акыл-эстүүлүгүндө.”** [31]

**“Кудайдын эрки менен, бардык шарттарда түркөй ырым-жырымдардын чынжырларын үзүп, адамдардын куру ойлорунун көшөгөсүн жулуп салууга сага ырайымдуу жардам жиберилиши мүмкүн.”**[32]

**“Адамдардын ичинен эң нааданы – куру бекер талашка түшүп, өзүн жакынынан өйдө сезген адам.”33**

## 10-БӨЛҮМ

Достор менен болгон маек учурунда, аялдар менен эркектердин теңчилиги тууралуу төмөндөгү баяндамада каралган түшүнүктөргө таянсаңыз болот.

Күн өзүнүн жарыгы жана жылуулугу менен жер бетиндеги бардык нерселерге жашоо берет. Дарактын ичинде катылган мөмө күндүн күчү менен анын бутактарында пайда болот. Ошол сыяктуу эле, рухий асманда жаркыраган Чындыктын Күнү да мурда көрүнбөгөн нерселерди реалдуулукка айлантат. Мына ушундан улам биздин доордо аял менен эркектин теңчилик принциби толугу менен таанылып, жалпыга маалым факт катары орноду.

Бахаулла Кудайдын алдында эркек менен аялдын ортосунда эч кандай айырма жок экенин ачык-айкын түрдө белгилеген. Кылымдар бою орун алып келген теңсиздик абалы эркектер артыкчылыкка ээ болгонунан эмес; бул болгону аялдарга да өз дараметин ачууга бирдей мүмкүндүк берилбегенинен улам пайда болгон теңсиздик. Бирок, аларга карата алдын ала калыптанып калган бейкалыс көз караштарга карабастан, зор жетишкендиктерди жараткан аялдардын өмүр баяндары тарыхта жазылып турат.

Андай аялдардын бири перс акыны Тахира болгон. Ал 1800-жылдардын башында аялдар толугу менен эркектерге баш ийген өлкөдө төрөлгөн. Ал Кудайдын жаңы Аянынын чындыгын кабыл алган биринчи аял болгон. Ал жаңы Күндүн таңына күбө болуп, аял менен эркектин тең укуктуулугун тааный турган мезгил жеткенине ынанган. Ал өзүнүн күч-кубатын дал ушул чындыкты таанытууга арнаган. Анын билими жана чечендиги өз доорунун эң илимдүү адамдарын таң калтырган. Залим падышанын, түркөй жана текебер диниятчылардын бардык күчтөрү ага каршы турса да, ал эч убакта чындыкты айтуудан тартынган эмес. Акырында, ал жүрөгү менен кабыл алган Иш үчүн өз жанын берген.

Кудайдын эркине туура келбеген нерселерге ишенүү – түркөйлүк жана ырымчылдык. Бүгүнкү күндө аялдардын билим алуусуна жана адам

ишмердүүлүгүнүн бардык тармактарында эркектер менен бирдей абалды ээлөөгө аялдарга бардык мүмкүнчүлүктөр берилиши керек. Эркек менен аялдын тең укуктуулугу рухий падышалыктагыдай эле, бул дүйнөдө да реалдуулукка айланмайынча, адамзаттын чыныгы прогресси мүмкүн эмес.

1. Сиз, адаттагыдай эле, бул баяндаманы өз тобуңуз менен изилдеп чыгып, анда берилген идеяларды айтып берүүгө машыгыңыз. Бул сунушталган идеялар менен бөлүшүү пайдалуу боло тургандай жакынкы арада досторуңуз менен маектешкен учурлар болду беле? Ал маектерде силер кандай көйгөйлөрдү талкууладыңар эле?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

2. Аялдар бардык тармактарда эркектер менен бирдей орунду ээлеш үчүн, азыркы коомдо үстөмдүк кылган кандай ишенимдер жана көз караштар өзгөрүшү керек?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

3. Төмөндө Бахаулланын Жазмаларынан бир нече цитаталар берилди, сиз аларды жаттап алсаңыз болот.

**“Эркектер менен аялдар Кудайдын алдында дайым тең укукта болушкан жана боло беришет.”** [34]

**“Биз эмнеге баарыңарды бир топурактан жаратканыбызды билесиңерби? Эч ким өзүн башка бирөөдөн өйдө койбошу үчүн.”** [35]

**“Ушул Күнү Кудайдын ырайымынын Колу бардык айырмачылыктарды жок кылды. Кудайдын кулдары менен күңдөрү бир даражага коюлду.”** [36]

## 11-БӨЛҮМ

Силерге изилдөө үчүн сунушталган соңку баяндама - жалпы билим берүү темасына арналган:

Билим берүүнү өнүктүрүү биздин мезгилдин негизги талабы болуп саналат. Бир да улут, эгерде ал билим берүүнү өзүнүн башкы камкордугу кылбаса, жыргалчылыкка жетпейт. Калктын денгээлинин төмөндөшүнүн негизги себеби, билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

Билим берүүнү ымыркай кезден эле баштоо керек. Ата-эне кандай жол менен болсо да өз балдарына билим берүүгө, алардын кулк-мүнөздөрүн руханий жана ыйман мыйзамдарына ылайык өркүндөтүүгө жана аларды искусствого, илимге үйрөтүүгө милдеттүү. Энелер адамзаттын эң биринчи мугалими болуп саналат, алар балдарды билимдин сүтү менен оозандырышат. Ар бир бала билимдүү жана тарбиялуу болууга тийиш. Бул маселелерди капарга албай коюуга болбойт. Эгерде ата-энелердин тиешелүү чыгымдарды төлөөгө кудурети бар болсо, алар колунан келгенин кылуулары керек, эгерде андай мүмкүнчүлүгү жок болсо, анда балага билим берүү үчүн тиешелүү каражаттар менен жамаат камсыз кылууга тийиш.

Билим ар бир адамдын мыктылыкка умтулуу каалоосун өнүктүрүшү керек. Биз адамдык мыктылыкка сукtанып жана ага ынтызарлык менен умтулушубуз керек. Биз руханий айырмачылыкты эңсеп, ак ниеттүүлүк, ишенимдүүлүк, адамзатка кызмат кылуу, сүйүү жана адилеттүүлүк сыяктуу адамдык изги сапаттар аркылуу даңкталууга умтулушубуз зарыл. Биз тынчтыкты жана биримдикти чыңдоо жана билимди өнүктүрүү үчүн жасаган аракеттерибиз менен айырмаланууга умтулушубуз кажет. Адамдарды ушундай жолго багыттоо — билимдин чыныгы милдети.

1. Тобуңуз менен бул баяндаманы изилдеп чыккандан кийин, досторуңуздун билимге байланыштуу тынчсыздануулары аныктоого аракет кылыңыз. Жогорудагы ой-түшүнүктөр алардын тынчсыздануууларына кандайча жооп боло алат?

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

2. Сизге Бахаулланын Жазмаларынан алынган төмөндөгү цитаталардын бирин же бир нечесин жаттап алуу сунушталат:

**“Адамдын билимсиз же өнөрсүз калуусу жакшы эмес, анда ал жемишсиз даракка айланат.”** [37]

**“Акыл-эсиңерди жана эркиңерди жер жүзүндөгү элдерди жана урууларды агартууга бургула.”** [38]

**“Искусство, өнөр жана илим тирлик дүйнөсүн көрктөндүрөт жана анын көкөлөшүнө шарт түзөт.”** [39]

**“Акыйкатта, билим – адам үчүн чыныгы кенч, ал адам үчүн атак – даңктын, асман марттыгынын, бакыттын, көкөлөөнүн, ыраазылыктын жана шаттыктын булагы.”** [40]

# 12-БӨЛҮМ

Тынчтык - бул ар бир адамдын оюнда орун алган маселе. Аны орнотуу - абдан орчундуу жана маанилүү. Буга чейинки баяндамаларда айтылган принциптер жөнүндө ой жүгүрткөндөн кийин, эми сиз үчүн жалпы тынчтыкты орнотуу темасы боюнча ойлонуп көрүү пайдалуу болушу мүмкүн.

Согуштуу токтотуу, албетте, өлкөдөгү өкмөттүн жасаган кескин кадамдарынан көз каранды. Талаш-тартыштарды жөнгө салуу жана курал-жарактарды кыскартуу боюнча саясий келишимдер улуттар арасындагы ар кандай эл аралык кызматташуулар сыяктуу эле тынчтыкка умтулуудагы аракеттер үчүн маанилүү. Бирок, мындай чаралар канчалык маанилүү болбосун, эгерде буга чейин талкууланган принциптер бүткүл дүйнөдө орнобосо, алар бекем тынчтыкка алып келе албайт. Адамдар чындыкты иликтегенди үйрөнүп, чындык бир экенин түшүнмөйүнчө, кылымдардан бери келе жаткан касташуу сактала береби – биз өзүбүзгө мына ушул суроону беришибиз керек. Баарыбыздын тегибиз бир. Кудай баарыбызга назарын салып жана Өзүнүн Жарчылары аркылуу бизге жол көрсөтүп турат. Алардын бардыгынын окуулары бир гана принципке негизделген - сүйүү жана ынтымак. Диндин бирдиги таанылганда гана диний араздашуулар токтоп, диндин нуру тынчтык жолуна жарыгын чачат. Мындан тышкары, тынчтыкты орнотууга бөгөт болгон алдын ала калыптанган бейкалыс пикирлердин бардык түрүнүн жалган экендигин көрсөтүп, түркөйлүктүн булуттарын жок кылуу үчүн илим менен диндин эриш-аркак иштөөсү зарыл эмеспи – бул суроону да ар бирибиз өзүбүзгө беришибиз керек. Жер шарынын бардык бурчтарындагы байлар менен кедейлердин ортосундагы чексиз теңсиздик көйгөйү чечилбесе, бейпил дүйнөнү куруу мүмкүнбү деген дагы бир суроо бар. Ошондой эле, аялдарга эркектер менен бирдей шартта ишмердиктин бардык чөйрөлөрүнө катышууга мүмкүнчүлүк берилмейинче, тарыхтын басымдуу бөлүгүнө мүнөздүү болгон зордук-зомбулуктар тынчтыкка жана чыныгы гүлдөп-өнүгүүгө жол бербейт. Өсүп келе жаткан бардык жаш муундарга ушундай окуу принциптердин негизинде билим берилүүсү керек, антпесе тынчтыкка болгон үмүт үзүлөт. Адамзаттын келечеги үчүн тынчсыздангандар менен бөлүшүү үчүн Бахаулланын төмөнкү сөздөрүн жаттап алсаңыз болот:

**“Адамзаттын жыргалчылыгына, анын тынчтыгына жана коопсуздугуна, бекем биримдик орномоюнча жетүү мүмкүн эмес.** [41]

## БИБЛИОГРАФИЯ


1. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1983,2017 printing), CIX, par. 2, p. 243.

2. Ibid., CXXXII, par. 1, p. 325.

3. Ibid., XXXIV, par. 5, p. 89.

4. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1988, 2005 printing), no. 11.1, p. 161.

5. Bahá'u'lláh, The Kitáb-i-Íqán: The Book of Certitude (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2003, 2018 printing), par. 151, p. 131.

6. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, XXVIII, par. 2, p. 77.

7. Ibid., XXIV, par. 1, p. 66.

8. Ibid., CXI, par. 1, p. 246.

9. Ibid., XLIII, par. 6, p. 106.

10. Ibid., CX, par. 1, p. 244.

11. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas*, no. 15.4, p. 220.

12. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, XCV, par. 1, pp. 219–20.

13. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas*, no. 9.13, p. 141.

14. Ibid., no. 5.13, p. 51.

15. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, CXII, par. 1, pp. 247–48.

16. Ibid., CXXXII, par. 3, p. 326.

17. Ibid., CXI, par. 1, p. 246.

18. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas*, no. 7.20, p. 90.

19. Ibid., no. 6.25, pp. 66–67.

20. Bahá'u'lláh, cited by Shoghi Effendi, *The Advent of Divine Justice* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2006, 2018 printing), par. 42, p. 41.

21. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas,* no. 3.23, p. 27.

22. Bahá'u'lláh, The Hidden Words (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2003, 2012 printing), Persian no. 80, p. 51.

23. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas*, no. 6.19, p. 64.

24. Ibid., no. 6.37, p. 71.

25. *Bahá'u'lláh, in Ḥuqúqu'lláh—The Right of God: A Compilation of Extracts from the Writings of Bahá'u'lláh and 'Abdu'l-Bahá and from Letters Written by and on Behalf of Shoghi Effendi and the Universal House of Justice*, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2007), no. 16, p. 16.

26. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, CXVIII, par. 2, p. 283.

27. Ibid., CXVII, par. 1, p. 282.

28. Bahá'u'lláh, cited by Shoghi Effendi, *The Promised Day Is Come* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1996, 2018 printing), par. 279, p. 187.

29. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh,* CXVII, par. 1, p. 282.

30. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas*, no. 4.11, p. 36.

31. Ibid., no. 6.3, p. 57.

32. Ibid., no. 6.3, p. 58.

33. *The Hidden Words*, Persian no. 5, pp. 23–24.

34. Bahá'u'lláh, in *Women: Extracts from the Writings of Bahá'u'lláh, 'Abdu'l-Bahá, Shoghi Effendi and the Universal House of Justice*, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1986, 1997 printing), no. 54, p. 26.

35. The Hidden Words, Arabic no. 68, p. 20.

36. Bahá'u'lláh, in the compilation Women, no. 3, p. 3.

37. Bahá'u'lláh, in *Excellence in All Things: A Compilation of Extracts from the Bahá'í Writings*, compiled by the Research Department of the Universal House of Justice (London: Bahá'í Publishing Trust, 1981, 1989 printing), no. 5, p. 2.

38. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, CLVI, par. 1, p. 378.

39. Bahá'u'lláh, *Epistle to the Son of the Wolf* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 1988, 2016 printing), p. 26.

40. *Tablets of Bahá'u'lláh Revealed after the Kitáb-i-Aqdas*, no. 5.13, p. 52.

41. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, CXXXI, par. 2, p. 324



# Маңыздуу темалар

## Максаты

Руханий жактан маанилүү темаларда баарлашуу
үчүн достордун жана коңшулардын үйлөрүнө
барып жолугушуу адатын өрчүтүү

# 1-БӨЛҮМ

Буга чейинки бөлүктө каралган сыяктуу эле, үчүнчү бөлүк да маңыздуу жана шыктандырган маектерди кура билүү жөндөмү менен байланыштуу. Экинчи бөлүктө руханий принциптерге таянуу менен маектешүү деңгээлин көтөрүүгө көмөк болчу көптөгөн учурларды карадык. Бул бөлүктө жамааттын жашоосундагы маанилүү темаларды чогуу изилдөө үчүн достордун жана коңшулардын үйлөрүнө баруу иш-аракетине көңүл бурулат.

Дүйнө жүзү боюнча айылдарда жана конуштарда достордон турган топтор өз ара байланыштагы иш-чаралардын ар кандай түрлөрү менен активдүү алектенип келишет, маселен дуба окуу жыйындары, балдарга руханий билим берүү класстары, жаш өспүрүмдөрдүн жолугушуулары, окуу ийримдери, жаштар лагерлери жана башка түрдүү иш чаралар. Мындай иш-аракеттин үлгүсү жергиликтүү бир жерде тамыр жайып, кызмат өтөөгө өзүн багыштагандардын саны көбөйгөн сайын, мындай достордун өзгү чоңоюп, бекемдей берет. Айылда же коңшулукта барган сайын көбүрөөк үйлөрдү кыдыруу боюнча системалуу программа - учурда күч алып жаткан жамаатты куруу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Мындай жолугушуулардын жүрүшүндө ар түрдүү темалар каралат. Бахаи балдар классынын мугалими, мисалы, ата-энелер менен билимге тиешелүү темаларды талкуулоо үчүн аларга тез-тез жолугуп турушу керек. Ошондой эле, өспүрүмдөр топторунун алып баруучулары же окуу ийримдеринин алып баруучулары катары кызмат өтөгөндөр болсо, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын үйлөрүнө барып, адамдын жашоосундагы көптөн үмүттөндүргөн мындай куракка мүнөздүү болгон чакырыктар менен мүмкүнчүлүктөргө байланыштуу маселелерди талкуулап туруулары керек. Ишеним жөнүндөгү билимин тереңдетүүгө жардам берчү темаларды үй-бүлө мүчөлөрү менен талкуулоо дагы ушундай эле маанилүү. Жалпысынан алганда, мындай үйлөргө баруу адатынын коомчулукта калыптанып бара жаткан баарлашуу маданиятына тийгизген таасири айкын экендигин көрүүгө болот.

# 2-БӨЛҮМ

Китептин бул бөлүгүндө, жогоруда сүрөттөлгөн иш-аракеттер жүрүп жаткан конушту элестетебиз да, андагы үйлөргө баруу учурунда боло турган маектешүүлөрдүн ар кандай түрлөрүн изилдейбиз. Ал мисалдар бул бөлүк үчүн контекст катары колдонулмакчы.

Александра университеттин үчүнчү курсунда окуган жаш кыз. Ал жана дагы бир студент иниси экөө ата-энеси менен өздөрү туулуп өскөн үйдө жашашат, алардын үйү биз мисал катары элестетип жаткан конушта жайгашкан. Ал төртөө жана жакында эле бул конушка көчүп келген жаш жубайлар болуп жума сайын дуба окуу үчүн чогулуп, алардын тегерегиндеги жашаган 8000ге чукул элдин арасында жүрүп жаткан иш-чаралардын жүрүшү боюнча кеңешип турушат. Алардан башка дагы үчөө бул жумалык жолугушууларга кез-кезде катышып, өздөрүнүн кызмат өтөө иштеринен сырткары, бүтүндөй жамаатты куруу процесси жөнүндө көбүрөөк ойлоно баштады: алар - алты ай мурун башталган балдар классынын мугалими жана өспүрүмдөр тобу менен иш алып барып жаткан он жети жаштагы эки жаш адам. Аларга Александранын улуу агасы жардам берет, ал буга чейин бул эки жаш адам катышкан өспүрүмдөр тобунун алып баруучусу болчу жана учурда ата-энесиникине кез-кези менен келип турат жана жаштарга багыт берип келет.

Биз көңүл бөлө турчу маектешүүлөрдүн биринчи топтому - Александра менен бул конушта белгилүү жана кадыр-баркка ээ болгон Санчестердин үй-бүлөсүнүн ортосундагы сүйлөшүүлөр жөнүндө. Жашы алтымыштан ашып калган Санчес мырза менен анын жубайы уул-кыздарын чоңойтуп, учурда Александранын үйүнөн бир нече көчөдөн кийин жайгашкан үйдө турушат. Санчес мырза менен жубайы экөө тең сабаттуу, бирок расмий билимге ээ эмес. Алар марттык жана ак ниеттүүлүк менен өткөргөн өмүрүндө алган тажрыйбасына негизделген акылмандыктан улам калың журттун сый-урматына ээ болуп келишет. Алар Бахаи окуулары тууралуу бир аз мурда билишкен, бирок аны жакшылап изилдөөнү жакында эле чечишти. Бир жума мурун алар Александранын ата-энесине жамаатка кошулуу тууралуу ой-максаттарын билдиришкен. Аларды жылуу кабыл алуу максатында атайын жолугушуу да пландалган, мындан тышкары, Александра бир нече жума бою алардын үйүнө үзгүлтүксүз келип, алар менен Ишеним жөнүндөгү билимдерин тереңдетүүгө жардам бере турган бир катар темаларды талкуулоо боюнча макулдашылган. Бул үй маектери жөнүндөгү баяндамаларды ирети менен изилдөө аркылуу, мындай учурлардагы сүйлөшүүлөрдүн динамикасы тууралуу ой жүгүртө аласыз.

## 3-БӨЛҮМ

Санчестердин үй-бүлөсү менен болгон биринчи маегин Александра Кудайдын түбөлүктүү Осуяты деген темага карата берилген төмөндөгү кыскача түшүнүк менен бөлүшүүдөн баштоону ойлонуп жатат.

> Бардык жандыктын жаратуучусу Кудай – Жалгыз, Теңдешсиз, Өзүн Өзү Бар Кылуучу. Бахаулла бизге Кудайдын маңызы адамдын акылы түшүнүп биле албаган нерсе экенин үйрөтөт, анткени чектелүү нерсе чексиздикти түшүнө албайт. Адамдардын Ал жөнүндө элестеткендери – бул алардын өз элестөөлөрүнүн натыйжасы гана. Кудай адам эмес жана Ал бүт ааламга жайылган жөн эле күч эмес. Биздин тирилкти жараткан Булакты аташ үчүн колдонулган Асмандагы Ата, Асмандагы Күч, Улуу Рух деген сыяктуу аталыштар анын ысымдарынын жана касиеттерин адамдын тили менен көрсөтө турган гана сөздөр жана булар Аны толук сүрөттөө үчүн жетишсиз.
>
> Касиеттүү Сөздөрдөн биз төмөндөгүлөрдү окуй алабыз:
>
> **“О, адам уулу! Мен сенин жаралышыңды сүйдүм, ошондон улам сени жараттым. Сен да мени сүй, ошондо Мен да сени эстейм жана жан дүйнөңдү жашоонун руху менен толтурам.”** [1]
>
> Бахаулланын ушул сөздөрүнө ылайык, Кудайдын бизге болгон сүйүүсү биздин жашап жаткандыгыбыздын себеби болуп саналат. Бизди ар нерседен сактап турган, бизди колдоп турган жана бизди жашоонун руху менен толтурган бул сүйүүнү биз жакшылап аңдап билүүгө тийишпиз. Ар кандай учурларда, кыйынчылыкта же бейгамдыкта, кайгырууда же кубанычта, Анын сүйүүсү дайыма бизге төгүлүп тургандыгын эстөөгө тийишпиз.
>
> Бахаи окууларынан Кудай бизди өз сүйүүсүнөн жаратып, биз менен Осуятты шерттешкенин билебиз. «Шерт» деген сөз эки же андан көп кишилердин

ортосундагы макулдашууну же убаданы билдирет. Түбөлүктүү Осуятка ылайык Эң Кайрымдуу Жараткан бизди эч качан жалгыз калтырбайт жана мезгил-мезгили менен Өзүнүн Жарчылары аркылуу бизге өзүнүн Эркин жана Өзүнүн Максаттарын ачып турат.

«Жар салуу» - ачып берүү, мурда белгисиз болгон нерсени көрсөтүү дегенди билдирет. Кудайдын Жарчылары – бул бизге Кудай сөзүн ачып берген өзгөчө Жандар. Алар бизди Кудайдын Эркине жараша кандай жашоо жана чыныгы бакытка кантип жетүү керектигин үйрөтө турчу жалпыга бирдей Устаттар болуп саналат. Мындай Жарчылар - Ыбрайым, Кришна, Муса, Зардуш, Будда, Ыйса, Мухаммед жана албетте адамзат тарыхынын ушул доору үчүн жиберилген Кудайдын Кош Жарчылары болуп Баб жана Бахаулла саналат.

Ошентип, Кудайдын түбөлүктүү Осуятында Анын шерти дайыма аткарылып келген. Ар бирибиз өзүбүздөн сурай турган негизги суроо: «Осуяттагы мага тийиштүү шертти мен кантип аткарам?”. Бул суроого жоопту биз Кудайдан жиберилген аяттардан таба алабыз: “Кудайдын жарчыларын таануу жана Анын таалимине баш ийүү.” Бул жооп биздин жашообуздун максаты - Кудайды таанып-билүү жана ага сыйынуу экенин көрсөтүп турат. Кыска парз дубасында биз мындай деп айтабыз:

**“О, менин Кудайым, мени Өзүңдү таанысын деп жана Өзүңө ибадат кылсын деп жараткандыгыңа мен күбөмүн. Ушул саатта өзүмдүн алсыздыгыма жана Сенин кудуретиңе, өзүмдүн жакырдыгыма жана Сенин берекелүү молчулугуңа күбө этем.**

**Коркунучта Жардамчы, Өзүн Өзү бар Кылуучу Сенден бөлөк Кудай жок.”**[2]

Биз Кудайды Анын Жарчыларынан башка жол аркылуу таанып-биле албагандыктан, биз үчүн жашообуздун максатына жетүүгө бир гана жол бар – Кудайдын Жарчыларын таануу жана Алардын окууларын жолдоо. Жер бетинде тынчтык жана адилеттик орнойт деген бүт Ыйык Китептерде айтылган убадалар аткарыла турчу бүгүнкү доордо өмүр сүрүүнү бизге насип эткени үчүн жүрөгүбүз ыраазычылык сезимине толот. Бахаулла мындай дейт:

**“Бул Күн, Кудайдын куттуу ырыскысы адамдарга төгүлүп жаткан Күн, анын эбегейсиз ырайымы бардык макулуктарга жете турган Күн. Жер жүзүндөгү бардык элдер өз ара келишпестиктерин унутуп, бейкуттук менен биримдикте, Теңирдин камкордук жана мээрим дарагынын көлөкөсүндө болууга тийиш.”**[3]

Баяндамабызды улантаардан мурун, жогорудагы түшүндүрмөлөрдү окуп чыгып, топтун башка катышуучулары менен ар бир абзац боюнча ой жүгүртүңүз. Ар бириңер өз оюңарды табигый жана оңой айта алганга чейин бири-бириңерге суроолорду берип, аларга чогуу жооп берсеңер болот. Жазмалардагы үзүндүлөр менен ушундай талкуулар учурунда бөлүшүү маанилүү болгондуктан цитаталарды жакшы үйрөнүү өзгөчө маанилүү. Төмөнкү көнүгүүлөр бул бөлүмдө келтирилген түшүнүктөр жана келтирилген үзүндүлөрдүн мааниси жөнүндө ойлонууга жардам берет:

1. Сиз бирөөгө Кудайдын таанылгыс маңыз экенин кантип түшүндүрөт элеңиз? Жогорудагы биринчи абзац буга жардам берет.

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

2. Кудай бизди эмне үчүн жараткан? ______________________

______________________________________________

3. "Шерт" деген сөз эмнени түшүндүрөт? ______________________

______________________________________________

4. Адамзатка берген түбөлүктүү Осуятында Кудай эмнен деп шерттешкен? _____

______________________________________________

5. Биздин жашообуздун максаты эмне? ______________________

______________________________________________

6. Эгерде биз Кудайдын маңызын эч качан аңдап биле албасак, анда биздин жашоонун максаты Кудайды таанып билүү деген эмнени билдирет?

______________________________________________

______________________________________________

7. "Жар салуу" деген сөз эмнени түшүндүрөт? ______________________

______________________________________________

______________________________________________

8. Кудайдын кээ бир Жарчыларын атап бергиле: ______________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

9. Осуяттагы өз шертибизди аткаруу үчүн бизден эмне талап кылынат? ________

______________________________________________

10. Төмөндөгү сүйлөмдөрдү толуктагыла:

а. Бул Күн, Кудайдын ______________________адамдарга төгүлүп жаткан Күн.

б. Бул Күн, Кудайдын ______________________ баардык макулуктарга жете турган Күн.

в. Бул Күнү биз өз ара ________________________________ унутуп, бейкуттук менен биримдикте, ______________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

11. Бахаулла дүйнө жүзүнүн элдеринен эмне кылууну сурайт? ______________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

## 4-БӨЛҮМ

Санчес мырза жана Санчес айым менен бөлүшүүнү пландаган темалардын мазмуну Александранын оюндагы жалгыз маселе эмес. Ал бул жубайлар менен бекем достук байланышын түзүүгө үмүттөнөт. Алдын ала калыптанган бейкалыс көз караштар менен ашыкча камкордук мамиленин кандай жаман кесепеттерге алып келерин Александра өз тажрыйбасынан жакшы улам билет. Ошондон улам анын бул нерселерден алыс болоору айкын; жогорку билим анын момундук сапатын азайткан жок. Анын жүрөгүндө Санчестерге болгон чыныгы сүйүү менен урмат-сыйдан башка эч нерсе жок. Ал биринчи теманы кантип түшүндүрөрүн ойлонуп жатып, бул бир нече жума бою улана турчу маектешүүлөрдүн алгачкы темасы экенин өзүнө эскертет. Ал идеяларды ыраattуулугу боюнча жеткирүү маанилүү экенин түшүнсө да, жубайлардын кайтарым жообун угуу үчүн айрым учурларда тыныгуу жасоо зарыл экенин билет. "Мен тынчсызданбаганга аракет кылышым керек," дейт ал өзүнө, "антпесе мен токтоосуз сүйлөй берип, биздин маектешүүбүз чыныгы баарлашууга айланышына мүмкүнчүлүк жаралбайт." Александра ушундай маанайда бир саамга өзүнүн жолугушуусу жөнүндө ойлонуп отурду. Эгер сиз анын ордунда болсоңуз, төмөндөгүлөрдүн кайсынысы оюңузга келсе жөндүү болмок деп эсептейт элеңиз?

_____ Санчестерди Ишенимге багыттоо жана мен үйрөткөн нерселердин баарын алар кылдаттык менен үйрөнүп жаткандыгына ынануу – менин милдетим.

_____ Бул мыкты үй-бүлө менен убакыт өткөрүү жана алар менен Жазмалардан үзүндүлөрдү бөлүшүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу кандай сонун мүмкүнчүлүк.

_____ Бул жолугушуу канчалык маанилүү экендигин билем. Ошентсе да, буга көп убакыт кетпейт деп ишенем, себеби бүгүн менин башка да иштерим бар.

_____ Цитата алар үчүн абдан оор болот. Мен бир-эки жөнөкөй ой-түшүнүк тууралуу гана айтышым керек. Эң маанилүүсү аларга сүйүү көрсөтүү.

_____ Бул жаш куракта Санчестер көп нерсени үйрөнө алышпайт.

_____ Мен алардын үйүнө барып жолугушууну жана бул темаларды талкуулап, цитаталар үстүндө ой жүгүртүү менен алардын ой-пикрилерин угууну чыдамсыздык менен күтүп жатам.

_____ Алар окуганды билишет. Мен жөн гана тема менен тааныштырып, цитаталарды аларга берип кетсем өздөрү окуй беришет.

_____ Ой-түшүнүктөр менен бөлүшүп жатканда, биз цитаталарды бирге изилдеп, алар боюнча кеңеш курууга мүмкүнчүлүк болушу үчүн, мен маал-маалы менен сөзүмдү токтотуп тыныгуу жасап турушум керек.

_____ Мен теманы түшүндүрүп жатканда алар менин сөзүмдү бөлүп, жолтоо болбойт деп ишенем жана аларда суроолор барбы деп аягында сурайм.

Үй маектерине даярдануу учурларында ушул сыяктуу сизге жаккан же жакпаган сезимдер, маанайлар жөнүндө эстеп көрө аласызбы?

## 5-БӨЛҮМ

Александранын Санчестердин үйүнө барган алгачкы жолугушуусу жакшы өттү. Алар анын тынчсыздануусун байкап, жылуу мамилеси жана боорукерлиги менен ага өзүн эркин сезүүгө шарт түзүп беришти. Алар кунт коюп угуп, цитаталарга өзгөчө көңүл буруу менен, талкууга толугу менен катышты. Бир гана учур кыйынчылык жараткандай болду, талкуунун аягында Санчес айым “Бахаи жамаатына кошулуу менен Ыйса Теңирди унутамбы?”деп суроо салды. Александра жоопту билет, бирок аны туура түшүндүрүү үчүн оюн топтогонго убакыт керек. Санчес мырза жылмайып, ага жардамга келди: “Менин оюмча, менин Ыйса Теңирге болгон сүйүүм чындыгында биз Бахаи окуусу менен таанышкандан бери өстү.” “Дүйнө жүзүндөгү көптөгөн адамдарда дал ушундай сезим болот”, - деп кошумчалайт Александра, оюн жыйынтыктап. “Алардын Мусага, Ыйсага, Кришнага, Буддага, Зардушка жана Мухаммедге болгон сүйүүсү Бахаулланын Кудайдын биримдиги, диндин биримдиги жана адамзаттын биримдиги жөнүндө үйрөткөн нерселеринен улам күчөйт”.

Александранын үйгө барып жолугушуу аракети натыйжалуу болуусу үчүн ал кандай сапаттарга жана мамиленин түрлөрүнө ээ болуусу керектигин тобуңузда талкуулоо үчүн бир аз убакыт бөлсөңүз, пайдалуу болмокчу. Алардын ичинен өзгөчө көңүл бөлө турган сапат - момундук. Бардык момундуктун негизи – бул Кудайдын алдында момун болуу. Кудайдын жараткандарынын алдында момун болуу мына ошол момундуктан жаралат. Кудай жана Анын Жарчылары жөнүндө сүйлөп жатканда момундук сапаты өзгөчө мааниге ээ болот. Сиз Бахаулланын төмөнкү сөздөрү жөнүндө ой жүгүртүп, аларды жаттап алганга болгон аракетиңизди жумшаңыз:

> **“Кудайдын сүйүктүүлөрү кайсы жерде чогулбасын, кимге гана жолукпасын, өзүнүн Кудайга болгон мамилеси аркылуу, Аны даңктоого болгон умтулуусу аркылуу момундук менен моюн сунуунун ушунчалык жогорку деңгээлин көрсөтүүлөрү керек, таман алдындагы топурактын ар бир күкүмү алардын терең берилгендигин күбөлөндүргөндөй болсун. Ошол ыйык жандардын айткан сөздөрү ушунчалык чоң күчкө ээ болуп, топурактын ар бир чаң бүртүгү анын таасиринен титиреп тургандай болсун. Алар өзүлөрүн Жер**

**аларга эч качан төмөнкү сөздөр менен кайрыла албагандый кылып алып жүрүүлөрү керек: "Силерге караганда мен зор мактоого татыктуумун. Дыйкандын мага арткан жүгүн канчалык чыдамкайлык менен көтөрүп жүргөндүгүмө өзүң күбөсүң. Бүткүл ырайымдын булагы болгон Анын Өзү тарабынан мага тапшырылган ырыскыны мен аркылуу бардык жандыктар үзгүлтүксүз алып турат. Бирок, мага көргөзүлгөн ошондой урматка карабастан, бардык жандыктардын муктаждыктарын кандырган эсепсиз байлыгыма карабастан, менин көрсөткөн момундугумду карагылачы, кандай гана моюн сунуучулук менен адамдарга мени буттары менен тебелөөгө жол берип жатканымды көргүлөчү...".**

Жогоруда айтылгандай, пенделердин алдында көргөзгөн момундук Кудай алдындагы момундуктан келип чыгат. Мына ошондой момундук менен биз досторубуздун же кошунабыздын үйлөрүнө баруу учурунда дуба учурундагыдай мамилени өздөштүрөбүз, айрым бир темалар боюнча түшүнүгүбүздү бирге тереңдетебиз. Маектешүү учурунда биз ойлорубузду көп учурда Кудайга буруп, Андан биздин жана ошол жердеги ар бир адамдын акыл-эсине жана жүрөгүнө жарык чачуусун суранабыз. Ушул максатта жаттап ала турчу дубалардан алынган көптөгөн фразалар жана үзүндүлөр бар. Төмөндө алардын бир нечеси гана берилди:

**"Жүрөгүбүздү жарык кыл, бизге көрөгөч көз жана сак кулак бере көр."** [5]

**"О, Теңир! Өзүңдүн чексиз ырыскыңды насип кыла көр жана сенин жетегиңдин жарык нурун төгө көр."** [6]

**"Чыныгы акыл-эстин дарбазаларын ач, ишеним нуру жаркырап төгүлсүн."** [7]

**"О, Теңир! Сенин жарыгыңды көрүшүбүз үчүн көзүбүздү нурландыра көр."** [8]

**"Өзүңдүн Кудайлык биримдигиңдин айланасында Сенин эркиңе каршы келген нерсенин баарынан мени коргой кор деп Сага толугу менен кайрылып, бүт жүрөгүм, акыл-эсим жана тилим менен чын дилимден жалынам..."**[9]

## 6-БӨЛҮМ

Александра Санчестердин үйүнө барып, алар менен түбөлүк Осуят темасында баарлашкандан кийин жүрөгү кубанычка толду. "Кийинки жолугушуу Бахаулланын жашоосу тууралуу алардын билимдерин тереңдетүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүк болмок," – деп ойлойт ал. Ал көңүлүн төмөндө берилген баянга бурмакчы:

Бахаулла 1817-жылы 12-ноябрда Персиянын борбор шаары Тегеранда туулган. Бала кезинен эле Ал өзгөчө сапаттарды көрсөткөн жана ата-энеси аны улуу келечек күтүп турат деп терең ишенишчү. Бахаулланын атасы падышанын ак сарайында белгилүү министр болуп иштеген жана Уулун абдан жакшы көрчү. Бир күнү ал түшүндө Бахаулланын чексиз океанда сүзүп жүргөнүн, Анын денеси жаркырап, чоң деңизди жарык кылып жатканын көрөт. Түшүндө Анын башындагы жалтылдаган узун капкара чачтары туш-тарапка жайыла калкып турган эле. Анын тегерегине көптөгөн балыктар чогулуп, ар бири бир тал чачтын

учуна жармашып жатты. Балыктардын санынын көптүгүнө карабастан, Бахаулланын башынан бир тал чач да ажыраган эмес. Ал эркин жана тоскоолдуксуз ордунан жылган сайын, Аны бардыгы ээрчип жүрүшкөн. Бахаулланын атасы өзүнүн акылмандыгы менен белгилүү болгон бир кишиден түшүн жоруп берүүсүн суранат. Ал Ага: "чексиз океан - болмуш дүйнөсү. Жалгыз өзү бирөөнүн жардамысыз Бахаулла анын үстүнөн эгедерлигин орнотмокчу. Балыктардын көптүгү дүйнө элдеринин арасында Ал жарата турган толкундоону чагылдырат. Ал Кудурети Күчтүү Жараткандын чексиз коргоосу астында болот; ал толкундоолор Ага зыян келтире албайт,"- деп айткан экен.

Бахаулла он үч - он төрт жаш кезинде өзүнүн акылмандыгы жана билими менен падышанын ордосунда атагы чыга баштайт. Атасы каза болгон кезде ал жыйырма эки жашта болчу, өкмөт Бахауллага анын ордун сунуштаган. Бирок Ал убактысын көр оокатка байланыштуу башкаруу иштери менен алек болууга коротууну каалаган эмес. Ал хан сарайды анын министрлери менен кошо таштап, Кудай аныктаган жолду аркалоого бет алган. Ал Өз убактысын кыйналгандарга, оорулууларга жана жакырларга жардам берүүгө арнаган жана көп өтпөй адилеттүүлүк үчүн күрөшүүчү катары таанылган.

Жыйырма жети жашында Бахаулла атайын чабарман аркылуу, Кудайдын жаңы Күнү атканын, Кудайдын жаңы Жарчысы келип, адамзат көптөн күткөн тынчтыкты, биримдикти жана адилеттикти орното турчу жаңы Күн тууралуу жарыялаган Баб тарабынан ачылган айрым Жазмаларын алат. Бахаулла Бабдын жарыясын дароо кабыл алып, Анын жолун чын дилинен жолдогондордун бири болуп калат. Бирок, тилекке каршы, Персия элин башкарып тургандар өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарынан улам сокур болуп, Бабдын жолдоочуларын аёосуз куугунтукка алышат. Бахаулланын кадыр-барктуу тегине карабастан, Аны эч аяшкан эмес. Бабдын Жарыясынан сегиз жылдан ашыгыраак убакыт өткөндөн кийин жана Баб Өзү шейит болгондон эки жылдан кийин, Ал "Кара Аң" деп аталган караңгы зынданга камалган. Мойнуна тагылган чынжырлар ушунчалык оор болгондуктан, Ал башын көтөрө алган эмес. Ал жерде Бахаулла төрт ай бою оор кыйынчылыктарды башынан өткөргөн. Бирок дал ошол караңгы аңда Кудайдын Руху Анын жанын толтуруп, Ал бардык мезгилдер үчүн Убадалангандын дал Өзү экенин ачыктаган. Ушул караңгы түрмөдөн Бахаулла Күнү бардык жаратылгандарга өз нурун чача көтөрүлгөн.

Кара үңкүрдө өткөн төрт айдан соң, Бахаулла бардык мүлкүнөн ажыратылып, үй-бүлөсү менен сүргүнгө айдалган. Кыштын кычыраган суугунда алар Персиянын батыш тоолорун бойлоп, ошол кездеги Осмон империясынын шаары жана азыркы Ирак борбору болгон Багдадды көздөй сапар тартышкан. Тагдырды аныктаган ал шаарга жетүү үчүн алардын кар жана муз баскан жүздөгөн чакырымга созулган жерлерди басып өтүүсү кандай азап-тозок менен коштолгонун сөз менен сүрөттөө мүмкүн эмес.

Бахаулланын атагы бат эле бүт Багдадга жана аймактын башка шаарларына жайылып, сүргүнгө айдалган бул Туткундун батасын алуу үчүн Анын эшигине барган сайын көп адамдар агылып келе баштайт. Бирок анын атак-даңкын көрө албаган бир нече адамдар да болгон. Алардын арасында Анын мээримдүү камкордугу астында чоңойгон Бахаулланын аталаш бир тууганы Мирза Яхья да болгон. Мирза Яхьянын арамдыгы Бабдын шакирттеринин арасында

араздашууну жаратып, Бахаулланы абдан капага салган. Бир күнү түн ичинде Бахаулла эч кимге айтпастан үйүнөн чыгып, Күрдистан тоолоруна жөнөйт. Ал жерде ал дуба кылуу жана ой толгоо менен алектенип, өз алдынча жалгыз жашай баштайт. Ал кичинекей үңкүрдө жашап, жөнөкөй тамак-аш менен күн көргөн. Ал аймактагылар Анын тегин, атүгүл атын да билген эмес. Бирок, бара-бара аймактын эли “Аты жок”, Кудайдын Өзү тарабынан билимге ээ болгон улуу Олуя жөнүндө кеп кыла башташат. Бул Ыйык Инсан жөнүндөгү кабар Бахаулланын тун Уулу Абдул-Бахага жеткенде, Ал өзүнүн сүйүктүү Атасынын касиеттерин дароо тааныйт. Бахаулланы Багдадга кайтып келүүсүн өтүнгөн атайын чабарман аркылуу каттар жөнөтүлөт. Муну Ал кабыл алып, эки жылга созулган оор ажырашуу мезгилине чекит койгон.

Бахаулла жок кезде баби жамаатынын абалы тез эле начарлай түшкөн. Тоодон кайтып келгенден кийин, Багдадда жашаган жети жылдын ичинде Бахаулла Бабдын куугунтукталган жана баш-аламан болуп чачыраган шакирттерине жаңы дем-кубат берет. Ал өзүнүн ээлеген улуу даражасын жарыялай элек болсо да, Анын сөздөрүнүн күчү жана даанышмандыгы улам барган сайын өсүп бараткан бабилердин ишеничине жана жашоонун ар кандай катмарындагы адамдардын сый-урматына ээ боло баштайт. Бирок ашынган мусулман диниятчылары Бахаулланын мынчалык көп сандагы жолдоочуларына ээ болгон эбегейсиз таасирин көрө алышкан эмес. Алар өкмөт башчыларына кайра-кайра арызданып жатып, акыры Перс өкмөтү Осмон бийлигинин кээ бир өкүлдөрү менен өз ара келишип,  Бахаулланы мекенинен алыс жайгашкан Константинополь шаарына көчүрүүнү чечишет.

1863-жылдын апрель айы Багдаддын калкы үчүн өтө кайгылуу ай болду. Алардын Сүйүктүүсү шаарды таштап, алар үчүн белгисиз тарапка бет алганы жаткан. Бахаулла кетээрдин алдында шаардын четиндеги бакчага көчүп барып, чатыр тигип,  он эки күн бою коштошууга келген конокторду кабыл алган. Бабдын шакирттери бакчага келгенде жүрөктөрү сыздап жатты; кээ бирлери Бахаулланы сүргүн учурунда коштоп бармакчы болот, бирок көпчүлүгү ал жакта калып, Аны менен тыгыз байланыштан ажыраары айкын болуп турду. Бирок Кудай бул окуянын кайгылуу болушун каалаган эмес. Анын чексиз ырыскыларынын эшиктери кенен ачылып, Бахаулла өзүнүн айланасындагыларга Анын Баб тарабынан алдын ала айтылган — Кудайдын Жарчысы экендигин жар салган. Ошондо кайгы чексиз кубанычка айланды; жүрөктөр оболоп, жандар Анын сүйүү оту менен жанды. Апрель айындагы бул он эки күндүк мезгил бардык жерде Ризван майрамы – Бахаулла Өзүнүн бүт дүйнөнү кучагына алган Озуйпасын жарыялаган салтанат катары белгиленет.


Константинополь Осмон империясынын ордосу болгон. Бул жерде дагы, төрт айдын ичинде эле, Бахаулланын улуу акылмандыгы жана Анын сүйкүмдүүлүгү бара-бара адамдарды өзүнө тарта баштайт. “Ал мындан ары Константинополдо калбашы керек”, - деп наалыган ашынган мусулман динаятчылар бийликти Аны Адрианополь шаарына сүргүнгө айдап жиберүүгө ынандырышкан. Бахаулла, Адрианополдо өткөргөн төрт жарым жылдын ичинде, дүйнөнүн падышаларына жана башкаруучуларына аларды элди эзүү жолдорунан баш тартып, өз элинин жыргалчылыгы үчүн кызмат кылууга чакырган Ыйык Насааттарын жазган. Ошондо Анын душмандары  Ага карата эң катаал жазаны ойлоп табышкан. Ал үй-бүлөсү менен ошол кезде бүткүл империядагы эң ырайымсыз жаза түрмөсү

болгон Аккага сүргүнгө айдалмак болот. Кудай Өз колу менен кыймылга келтирген планды ошентип токтотобуз деп болжогон акылы чоркоктор: “Ал ошол түрмөнүн оор шарттарында сөзсүз жок болот”, - деп ойлошкон.

Бахаулланын Аккада тарткан азап-тозокторун айтып бүткүс. Жашоого керек болгон эң эле жөнөкөй шарттардын эч бири жок, күнү-түнү Аны душмандары курчап турган. Бирок түрмөнүн шарттары акырындык менен өзгөрө баштаган. Акканын тургундары жана өкмөтү өз шаарына сүргүнгө айдалган бахаилердин чакан тобунун күнөөсүз экенине ынанышкан. Көпчүлүк Анын улуу даражасын түшүнбөсө да, бул өзгөчө Инсандын даанышмандыгы жана сүйүүсү элди дагы бир жолу өзүнө тартты. Тогуз жылдан кийин абак-шаардын эшиги Бахауллага жана анын жолдоочуларына ачылды. Анын сүйүктүү Уулу Абдул-Баха шаардын чебинин сыртынан Атасы жашаганга татыктуу жер таап, көп өтпөй Абдул-Баха айылдын ичинен үйдү ижарага алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, дал ошол үйдө Бахаулла өмүрүнүн акыркы он үч жылын салыштырмалуу тынчтыкта жана бейпилдикте өткөрө алды. Биз азыр бул үйдү Бахжинин сарайы катары билебиз жана дал ошол үйдө Ал 1892-жылы май айында өзүнүн улуулугунун жана даңкынын туу чокусунда көз жумган.

Бахаулла жалпы тынчтыктын жана ынтымактын туусун көтөрүп, Кудайдын Сөзүн ачып берди. Анын душмандары ага каршы өз күчтөрүн бириктиришсе да, Тегерандагы караңгы зынданда кишенде калганда да, Кудай убада кылгандай, Ал аларды жеңип чыкты. Тирүү кезинде Анын Жарыясы миңдеген адамдардын жүрөгүн жандандырды. Ал эми бүгүнкү күндө Анын окуусу бүткүл дүйнөгө жайылууда. Анын негизги максаты – адамзатты жалпы бир Иш үчүн, жалпы Ишеним үчүн бириктирүү. Бул негизги максатты ишке ашыруу үчүн Ага эч нерсе тоскоолдук кыла албайт.

Бахаулланын өмүрү жөнүндө жогоруда айтылган баян бир топ эле узун. Төмөнкү көнүгүүлөргө өтүүдөн мурун, сиз өз тобуңуз менен баяндын ар бир абзацын окуп чыгып, мазмунун жеткиликтүү окуп үйрөнүп, аны оңой эле айтып бере алгандай деңгээлге жетүү үчүн бири-бириңерге суроолорду беришиңер керек. Төмөнкү карта Бахаулланын сүргүндөгү жолун эсиңизге салууга жана жолдо болгон окуяларды эстеп калууга жардам берет.



1. Жогорудагы баяндын негизинде, Бахаулланын жашоосуна байланышкан негизги окуяларды өз ырааты менен жазып чыгуу сунушталат.

____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________
____________________________________________________________

2. Бахаулланын жашоосун сүрөттөгөн теманын тегерегиндеги талкууда окуялардын иретинен тышкары, баса белгилей кетчү бир катар түшүнүктөр бар. Анын адамзатка болгон сүйүүсүнөн улам тарткан азаптары, ошондой эле Анын каршылыктарга бекем туруу менен Өз Ишеними аркылуу жетишкен өзгөчө жеңиштери жөнүндө ой жүгүртүү өзгөчө мааниге ээ. Бул сөздөр биздин эсибизде сакталып, жүрөгүбүздө орносун:

**"Түбөлүктүү Сулуулук адамзат кулчулуктан арылсын деп, өзүнө кишен салууга макул болду жана бүт дүйнө чыныгы эркиндикке жетиши үчүн бул бекем Чептин туткунуна айлануу тагдырын кабыл алды. Жер жүзүндөгү бардык элдер түбөлүк кубанычка толуп, шаттыкка бөлөнүшү үчүн, Ал кайгы чөйчөгүн түбүнө чейин кургата ичти. Бул Ырайымдуу, Эң Мээримдүү Алланын ырайымына жараша. Силер көтөрүлсүн деп, биз басынтууну кабыл алдык, Оо, Аллахтын Бирдигине ишенгендер, силер өсүп-өнүгүп, гүлдөсүн деп, биз түрлүү азаптарга дуушар болдук. Ал бүткүл дүйнөнү кайра куруу үчүн келген эле, карагылачы, Кудайга шерик тапкандар Аны эң кароосуз калган шаарда жашаганга мажбур кылды."** [10]

3. Биз Бахаулланын азап чеккен күндөрү тууралуу айтып жатканда, аны душмандарынын чабал курмандыгы катары көрсөтүүдөн этият болушубуз керек. Ал адамзатты боштондукка чыгаруу үчүн чынжырга байланууну өз ыктыяры менен кабыл алган. Анын өмүр баяны чоң азап-кайгылар менен коштолсо да, жашоосунун түпкү маңызы – жеңиштин туу чокусу болгон. Алып баруучунун жардамы менен Бахаулланын жашоосу тууралуу азыркы билимиңиздин негизинде анын тарткан азаптары жана жетишкен жеңиштери тууралуу кыскача баяндама даярдай аласызбы? Төмөндөгү суроолор сизге жардам бериши мүмкүн.

а. Эмне үчүн Бахаулла кишенге байланууга макул болгон? _______________

_______________________________________________________________

б. Эмне үчүн Бахаулла туткун болууну кабыл алган? ____________________

_______________________________________________________________

в. Эмне үчүн Бахаулла кайгы чөйчөгүн кургата ичкен? ___________________

_______________________________________________________________

г. Эмне үчүн Бахаулла басынтылып/кемсинтилип жатса да, ошол абалын кабыл алган? _________________________________________________________

_______________________________________________________________

д. Эмне үчүн Бахаулла мынчалык көп азаптарга дуушар болгон? __________

_______________________________________________________________

е. Бахаулла алсыз болуп, башка жолу жок болгондуктан, аргасыздан азап тартууга макул болдубу? __________________________________________

_______________________________________________________________

ж. Эгер Бахаулла душмандарынын алдында алсыз болбосо, анда эмне үчүн азап чегүүнү кабыл алган? _____________________________________________

_______________________________________________________________

## 7-БӨЛҮМ

Александранын Санчестердин үйүнө экинчи жолу барышы биринчисиндей эле кубанычтуу өттү. Жубайлар Бахаулланын өмүр баяны менен бир аз тааныш болчу, бирок алар Александранын маалымат бөлүшүүсүнөн Ал жөнүндө көбүрөөк билгендиги үчүн кубанышты. Бахаулланын азап-кайгылары тууралуу баян аларга чоң таасир калтырды. “Менимче, Кудайдын Жарчылары дүйнөлүк бийликтин күчүнө жана мансабына умтулгандардын колунан дайыма азап чегип келишет”, - деп Санчес айым өз оюу менен бөлүштү. Александра аларга өзү жаттап алган цитата менен бөлүшүү үчүн учур келди деп чечти, - бул цитата сизге да тааныш, аны сиз акыркы бөлүмдү изилдеп жатканда окугансыз, - анда Бахаулла бизди эзүүдөн кутултуп, түбөлүк бакытка жетишибиз үчүн бүткүл адамзат үчүн тарткан азаптары жөнүндө айтылат. Маектешүүнүн соңунда үчөө тең жандана түштү.

Александра өзүнүн кийинки жолугушуусу тууралуу ой жүгүртүп жатып, Абдул-Баханын абалы кийинки талкуу үчүн жүйөлүү тема болот деген жыйынтыкка келет. Маектешүү учурунда сөзсүз түрдө айтыла турчу нерселерге төмөндөгүлөр кирет:

> Бахаулланын тун уулу Абдул-Баха адамзат тарыхындагы теңдешсиз инсан, Ага окшош каарманды буга чейинки болгон бир да динден таба албайбыз. Ал бала кезинде эле Атасынын өзгөчө абалын таанып, Анын сүргүндөгү азаптарына жана кайгы-капасына ортоктош болгон. Бахаулла көзү өткөндөн кийин бахаи жамаатын дал ошол Абдул-Баханын камкордугуна жана коргоосуна тапшырган. Бахаулла бизге өзүнүн улуу Аянын гана эмес, ошондой эле билими жана акылмандыгы менен дүйнөнү өз нугуна салып, аны жарык нурга бөлөй турчу Өзүнүн Уулун калтыруу менен адамзатка кандай эбегейсиз ырыскыны ыйгарганын биз эч качан толук баалай албастырбыз.
>
> Биз Абдул-Баханын өмүр баянын жана айткандарын изилдегенибизде, биз анын бул Падышачылыкта ээлеген орду уникалдуу экенин түшүнөбүз. Анын мындай жогорку абалынын үч жагдайына биз өзгөчө көңүл буруубуз керек.
>
> Биринчиден, Абдул-Баха — Бахаулланын Осуятынын борбору. Бахаулла Өзүнүн жолдоочулары менен осуятты шерттешип, алардын жүрөктөрүн дал ошол борборго буруп, ага толугу менен ишеним артууга чакырган.  Абдул-Баха өзүнүн Эрки жана Керээзинде Шоги Эфендини Ишенимдин Сакчысы деп атап, Өзү өткөндөн кийин баары кайрыла турган борбор деп белгилеген. Бүгүнкү күндө бул борбор болуп - Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү саналат, ал Бахаулланын түз буйругу жана Абдул-Баха менен Сакчынын так көрсөтмөлөрү аркылуу түзүлгөн. Осуяттын күчү бахаи жамаатын бириктирип жана аны бөлүнүүдөн же ыдырап кетүүдөн коргоп турат.
>
> Экинчиден, Абдул-Баха — Бахаулланын сөздөрүн чечмелнй турган жаңылбас Котормочусу. Бахаулланын Аяны эбегейсиз чоң болуп, Анын сөздөрүндө камтылган маанилер ушунчалык терең болгондуктан, Ал өзүнүн артында Өзү дем берип турчу котормочуну калтырууну туура көргөн. Ошондо гана, келечек муундар Абдул-Баханын көптөгөн Ыйык Насааттарында жана Анын сүйлөгөн сөздөрүнүн стенограммасында камтылган чечмелөөлөрдү изилдөө аркылуу Бахаулланын окуусун түшүнө алат. Абдул-Бахадан кийин Бахаулланын окуусун чечмелөөчү Сакчы болгон жана Ал чечмелөө милдетин соңуна чыгарган. Эми Бахаулланын сөздөрүн чечмелөөгө Анын Падышалыгынын соңуна чейин эч кимдин укугу жок.
>
> Мурда Ыйык Жазмалардан алынган үзүндүлөрдү ар кандай чечмелөөдөн улам бардык диндер бөлүнүп-жарылуудан жапа чегип келген. Бирок бул Падышалчылыкта Бахаулланын айткандарына байланыштуу кандайдыр бир түшүнүксүз нерсе болсо, бардыгы Абдул-Баханын жана Сакчынын чечмелөөсүнө кайрылышат. Эгерде дагы деле түшүнүксүз болсо, түшүнүү үчүн Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйүнө кайрылууга болот. Ошентип, окуунун принциптеринин маанисине байланыштуу талаш-тартышка себеп калбайт жана Ишенимдин биримдиги корголот.
>
> Үчүнчүдөн, Абдул-Баха - Атасынын окуусунун кынтыксыз үлгүсү. Мындай кынтыксыздыкка жетүү биз үчүн мүмкүн эмес болсо да, биз Аны дайыма көз

алдыбызда элестетип, Аны үлгү тутууга умтулушубуз керек. Сүйүү жөнүндө Жазмаларды окуганыбызда, биз Абдул-Бахага кайрылсак болот, ошондо биз Андан сүйүүнүн жана боорукердиктин маңызын көрө алабыз. Аруулук, адилеттик, калыстык, кубаныч жана кең пейилдик тууралуу окуганда, Ага кайрылып, Анын жашоосу жөнүндө ой жүгүртсөк, бул сапаттарды Ал кантип жогорку деңгээлде чагылдырганын көрөбүз.

Абдул-Баханын өмүрүнүн өзгөчөлүгү, албетте, анын кызмат өтөөсү болгон. “Абдул-Баха” деген ысым “Баханын кызматчысы” дегенди билдирет жана бул наамды Ал өзүнө таандык болгон бардык башка наамдардан артык көргөн. Абдул-Баханын төмөнкү сөздөрү Анын кызмат кылууга болгон жалындуу каалоосун чагылдырат:

**“Менин ысымым - Абдул-Баха. Менин озуйпам – Абдул-Баха. Менин маңызым - Абдул-Баха. Мага мактоо – Абдул-Баха. Куттуу Кынтыксызга кул болуу - бул менин даңктуу жана нурлуу таажым, ал эми бүткүл адамзат тукумуна кызмат кылуу - менин түбөлүк диним. . . Абдул-Бахадан башка менин эч кандай ысымым, наамым, эскерүүм, мактанычым жок жана эч качан болбойт. Бул - менин жалындаган каалоом. Бул - менин бийик умтулуум. Бул - менин түбөлүк жашоом. Бул - менин бүтпөс даңкым.”** [11]

Албетте, Алехандра Санчестер менен боло турчу кийинки жолугушуусунда аларга теңдешсиз инсан тууралуу жалпы маалымат берүүнү пландоодо; алардын Абдул-Баханын бул Падышалыкта ээлеген абалын түшүнүп билүүсү улам барган сайын өсө бермекчи. Өзүңүздүн кызмат өтөө жолуңузда, Анын үлгүсүн эстеп, Анын сөздөрү жөнүндө ой жүгүртүүгө көптөгөн мүмкүнчүлүктөр болот. Мурунку бөлүмдө сиз Анын кээ бир айткандары менен таанышып чыккансыз жана Анын Ыйык Насааттарында, ошондой эле Анын маектешүүлөрүндө камтылган ар кандай ойлорду Анын Өзүндөй айтууга үйрөнүү сизге сунушталган. Азырынча, Анын өзгөчө ээлеген орду жөнүндөгү түшүнүктөрүңүздү бекемдөө үчүн, сиз топтун башка мүчөлөрү менен жогоруда айтылган негизги бөлүктөр боюнча кеңешип, аларды жакшылап айтууга машыгышыңыз керек. Келтирилген үзүндү боюнча ой жүгүртүү сиздин кызмат өтөө жолуңуздагы ийгиликке жетүү аракетиңизге дем берет.

## 8-БӨЛҮМ

Алехандра Санчестер менен жолугуп баштагандан бери аны ичинен ойлонтуп жаткан нерсе – талкууланып жаткан кайсы темалар аларды конушундагы жамаатты куруу иш-аракетинин ишеничтүү жана жигердүү катышуучулары кылууга түрткү берет деген суроо. Бир четинен, дуба окуу, жандын түбөлүктүүлүгү жана Кудайга болгон сүйүүнүн туруктуулугу өңдөнгөн бир нече темаларды талкуулоо менен алардын рухий жашоосунун негизин үзгүлтүксүз бекемдейм деп үмүттөнөт. Экинчи четинен, алар үчүн акырындык менен өнүгүп келе жаткан жамаат жөнүндө түшүнүк алуу жана аны курууга баалуу салым кошо алаарын билүү маанилүү. Санчес мырза жана Санчес айым менен Абдул-Баханын ээлеген абалы жөнүндө маектешип жатып, Алехандра акырындык менен анын кийинки жолугушуусунун темасы кандай болушу керектигин түшүнө баштайт. “Алар Ишенимдин максаты адамдарды бириктирүү экендигин жакшы эле түшүнүп

билип калышты", - деп ойлойт ал. "Андыктан азыр бирдиктүү жамаатты кантип куруу жана колдоо керек деген темага токтолгонубуз орундуу болмокчу."

Александра төртүнчү жолугушуусун учурдагы коңшулаш досторунун чакан тобу аткарып жаткан иш-аракеттерди баяндоо менен баштайт. "Биздин катарыбызга кошулгандардын саны арбыган сайын, - деп түшүндүрөт ал, - баарыбыз жоопкерчилик алышыбыз керек болгон эң оор милдет - бул сөздөрүбүздө, ойлорубузда жана иш-аракеттерибизде барган сайын бирдиктүү болуу. Эгер макул болсоңуз, анда бүгүн биз биримдик темасын чогуу карап көрөлү".

"Коомубуздун өнүгүүсү үчүн биримдик канчалык маанилүү экенин мен көрүп турам", - деп жооп берет Санчес айым.

"Чынында, Бахаулланын окуусуна биздин жүрөгүбүздү биринчи кезекте Анын биримдик жөнүндөгү кабары бурду", - дейт Санчес мырза.

"Мен бир нече ой-түшүнүктөрдү тандап алдым жана алардын ар бирине карата цитата таптым", - дейт Александра. "Эгер каршы болбосоңор, биз аларды бир-бирден карап чыгып, талкуулай алабыз."

Төмөндө Александра сунуштаган идеялардын тизмеси келтирилген:

- Жамаатыбыз чындап биримдикте болушу үчүн ар бирибиз чыр-чатактардан жана талаш-тартыштан алыс болушубуз керек. Бахаулла мындай дейт:

  **"Бүгүнкү күндө Алла Тааланын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана келишпестиктен, талаш-тартыштардан, бөлүнүүдөн жана кайдыгерликтен башка эч нерсе бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт. Кудайдын кудурети жана Анын күчтүү жардамы менен алардан качкыла жана адамдардын жүрөктөрүн Бириктирүүчү, Билерман, Даанышман болгон Анын ысымы менен бириктирүүгө аракет кылгыла!" [12]**

- Биз Кудайга болгон сүйүүбүздү коомдогу бардык адамдарга дагы көрсөтүшүбүз керек. Абдул-Баха мындай дейт:

  **"Кынтыксыз биримдикте болгула. Эч качан бири-бириңерге ачууланбагыла. Бардык жаратылгандарды алардын өздөрү үчүн эмес, Кудай үчүн сүйгүлө. Кудай үчүн сүйсөңөр эч качан ачууланбайсыңар, сабырдуу болосуңар. Адамзаттын телегейи тегиз эмес. Ар бир адамдын кемчилиги бар, эгерде адамдын өзүнө карай турган болсоң, дайыма бактысыз болосуң. Эгерде жүзүңдү Кудайга бурсаң, аларды сүйөсүң жана аларга боорукер болосуң, анткени Теңирдин дүйнөсү кемчиликсиздиктин жана толук мээримдүүлүктүн дүйнөсү." [13]**

- Эгерде бири-бирибизге болгон сүйүүбүзгө карабай, ортобузда чыңалуу пайда болсо, анда биз Абдул-Баханын бул кеңешин дароо эстешибиз керек:

  **"Жүрөгүңөрдөгү бардык ойлорду сүйүү жана биримдикке бургула деп баарыңардан суранам. Согуш жөнүндө ой келген кезде, тынчтык жөнүндөгү алда канча күчтүү ойду ага карама-каршы койгула. Жек көрүү жөнүндөгү**

**ой, сүйүү жөнүндөгү алда канча күчтүү ой менен жок кылынышы керек. Согуш жөнүндөгү ойлор бейпилдигибизди, тынчтыгыбызды, бейкуттукту жана жыргалчылыгыбызды кыйратат.**

**Сүйүү жөнүндөгү ойлор боордоштуктун, тынчтыктын, достуктун жана бакыттын курулушуна түрткү болот.”**[14]

- Өзүбүздү көзөмөлдөө үчүн бардык күч-аракетибизди жумшаганыбызга карабай, ниетибиз бузулуп, башкалар менен талашып-тартыша баштасак, анда Бахаулланын бул сөздөрүн эсибизге салышыбыз керек:

**“Эгер араңарда кандайдыр бир пикир келишпестиктер чыкса, анда маңдайыңарда турган Мага тигиле карагыла, Менин ысымым үчүн жана Менин нагыз жана жаркын Ишиме болгон сүйүүңөрдүн белгиси катары бири-бириңердин кемчилигиңерди кечиргиле.”** [15]

- Башкалардын айыбын байкабоо, алардын мактоого татыктуу сапаттарына көңүл буруу жана гыйбат кылуудан караманча алыс болуу - ынтымаксыздыкка каршы эң эффективдүү чара болуп саналат. Бири-бирибизди сүйсөк, гыйбатты жеңүү оңой болот. Биз жакшы көргөн адамдарыбыздын айыптарын адатта көрбөй жана алардын кемчиликтерин көз жаздымда калтыруу биз үчүн оңой эле экендигин унутпашыбыз керек. Абдул-Баха мындай дейт:

**“Айыптуу көз айып издейт. Кемчиликтерди байкабаган көз, жандардын Жаратуучусуна тигилген. Жаратуучу аларды жараткан, аларды тарбиялап жана колдоп келет, аларга жөндөмдүүлүк жана өмүр берип, көрүүнү жана угууну ыйгарган; демек, алар Анын улуулугунун белгилери. Силер ар бир пендени сүйүп, ага мээримдүү болушуңар керек, кедей-кембагалга кам көрүп, алсызды коргоп, оорулууну сакайтып, караңгы түркөйлөрдү окутуп, билим беришиңер керек.”**[16]

Бахаулла бизге мындай деп кеңеш берет:

**“О, менин Тактыма жакын жандар! Кулагың жамандыкты укпасын, көзүң жамандыкты көрбөсүн, өзүңдү басынтпа, кайгырба жана капаланба. Жаман сөз укпайын десең, жаман айтпа, өз күнөөлөрүң көбөйбөсүн десең, башкалардын күнөөсүн апыртпа; өзүң кордук көрбөйүн десең, эч кимге кордук каалаба. Ажалдуу чүмбөттү шаттана таштап, ажайып сырлуу бейишке бет алып, түбөлүк падышалыкта кылымдар бою жашагың келсе, бул көз ирмемдик өмүрүңдүн күндөрүн тунук акыл-эс, аруу жүрөк, таза ой жана күнөөсүз рух менен жашап өткөр.”** [17]

Жана Ал бизге мындай дейт:

**“О, мекен-жайын таштап кеткендер! Мени эскерсин деп силерге тил жараттым, аны ушак менен булгабагыла. Эгер силерди өзүмчүлдүк оту каптаса, Мен жаратkандардын кемчилигин эмес, өз кемчиликтериңерди эстегиле, анткени ар бириңер башкаларга караганда, өзүңөрдү жакшыраак билесиңер.”** [18]

- Биримдик – бул жөн гана чыр-чатактын жана пикир келишпестиктин жоктугу эмес, ал эми сүйүүнү бир гана сөз менен көрсөтүү мүмкүн эмес. Эгерде бири-бирибизге болгон сүйүүбүз коомчулукка кызмат кылууга айланса жана биздин иш-аракеттерибиз кызматташтык жана өз ара жардам көрсөтүү маанайы менен башкарылса, анда чыныгы биримдик арабызда болот деп айта алабыз. Абдул-Баха бизге мындай деп кайрылат:

**“Бир саамга да тыным алба, бир көз ирмемге да жайлуулук издебе; андан көрө, досторуңдун бирөөнө болсо да кызматыңды көрсөтүү үчүн, эч болбосо бир жаркын жүрөккө бакыт жана кубаныч тартуулоо үчүн чын жүрөгүң менен жана ыкласың менен эмгектен. Чыныгы марттык мына ушул жана бул Абдул-Баханын жүзүн нурдантат. Бул иште мага шерик жана өнөктөш бол.”** [19]

Ал дагы мындай деп баса белгилейт:

**“Адамзаттын эң башкы муктаждыгы - бул кызматташтык жана өз ара мамиле. Адамдардын ортосундагы достук жана тилектештик байланыштары канчалык күчтүү болсо, адамзаттын бардык чөйрөдөгү иш-аракетинин жаратмандык жана жетишкендик күчү ошончолук чоң болот.”** [20]

- Жамааттын иш-аракетинин ийгиликтүү болушунун эң маанилүү ачкычы - бардык маселелер боюнча ачык жана сүйүү аркылуу кеңешүү болуп саналат. Кеңешүү аркылуу көйгөйгө карата болгон ар кандай көз караштарыбызды бир нукка келтирип, жамааттык иш-аракеттерибизде кайсы багытты кармануу керектигин аныктайбыз. Кеңешүү аркылуу биз ойлорубуздун биримдигине жетишебиз жана ойлорубуз менен көз караштарыбызды бириктирип, жамааттарыбыздын өнүгүүсү үчүн натыйжалуу пландарды түзөбүз. Абдул-Баха кеңеш кура билгендер жөнүндө мындай дейт:

**“Чогуу кеңешүүгө бириккендер үчүн эң негизги шарттар – бул ниеттин тазалыгы, рухтун жаркындыгы, Кудайдан бөлөк башка бардык нерселерден арылуу, Анын керемет жыпар жыттарына тартылуу, Анын сүйүктүүлөрүнүн алдындагы кичи пейилдик жана момундук, кыйынчылыктарда сабыр күтүү, чыдамдуу болуу жана анын Улуу Босогосунда кызмат өтөөгө өзүн арноо. Эгер алар Кудайдын ырайымы менен бул касиеттерге ээ болсо, анда аларга көзгө көрүнбөс Баха Падышалыгынын жеңиши ыйгарылат.”** [21]

- Ойдун биримдиги иш-аракеттин биримдигине айланбаса, ал сөз жүзүндө гана кала берет. Биримдикте иш кылуу - бул баарыбыз бир нерсени гана жасайбыз дегенди билдирбейт. Тескерисинче, бирдиктүү аткарылган иш-аракетте жамааттын мүчөлөрүнүн ар түрдүү таланттары толук пайдаланылат. Бул учурда биздин мүмкүнчүлүктөрүбүз көбөйөт жана саныбыздын аздыгына карабастан, биз дүйнөдөгү эң чоң жана күчтүү уюмдар жасай албаган нерселерди аткара алабыз. Абдул-Баха мындай дейт:

**“Асман күчтөрү аркылуу кубаттанган ыйык жандар, рухтун ушундай сапаттары менен көтөрүлүп, каз-катар тизилип биримдикте кадам**

**шилтегенде, ал жандардын ар бири миңге барабар келип, бул кубаттуу мухиттин буркан-шаркан түшкөн толкундары көктөгү түмөндүн жоокерлерине тете болот.”** [22]

Жогорудагыларды кылдаттык менен окуп чыгып, өз тобуңуздун катышуучулары менен бөлүктө камтылгандарды абзац-абзацы менен талкуулагандан кийин, мурунку үч теманы аткаргандай эле, бул теманы да башкаларга айтып берүү үчүн бири-бириңерге жардам берүү пайдалуу болмокчу. Төмөндө сиздин бул аракеттериңизге жардам бере турчу көнүгүүлөрдү таба аласыз.

1. Төмөндө берилген сүйлөмдөрдү толуктагыла.

   а. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы ________________________________________ жана келишпестиктен, талаш-тартыштардан, бөлүнүүдөн жана кайдыгерликтен башка эч нерсе бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт.

   б. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана _________________________________, талаш-тартыштардан, бөлүнүүдөн жана кайдыгерликтен башка эч нерсе бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт.

   в. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана келишпестиктен, талаш-тартыштардан, бөлүнүүдөн жана кайдыгерликтен башка ______________________________ бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт.

   г. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана келишпестиктен, талаш-тартыштардан, бөлүнүүдөн жана ________________________________________ башка эч нерсе бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт.

   д. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана келишпестиктен, ___________________________________, бөлүнүүдөн жана кайдыгерликтен башка эч нерсе бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт.

   е. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана келишпестиктен, талаш-тартыштардан, ___________________________________ жана кайдыгерликтен башка эч нерсе бул Ишке андай чоң зыян келтире албайт.

   ж. Бүгүнкү күндө Аллахтын сүйүктүү пенделеринин ортосундагы чыр-чатактардан жана келишпестиктен, талаш-тартыштардан, бөлүнүүдөн жана

кайдыгерликтен башка эч нерсе бул ________________________ андай чоң зыян келтире албайт.

2. Экинчи цитатада Абдул-Баха бизге мындай деп айтат:

а. Биз кынтыксыз ______________________________ жашашыбыз керек.

б. Биз эч качан _________________________________ ______________________________________________ керек.

в. Биз бардык адамдарды алардын өздөрү үчүн эмес ________________________ үчүн сүйүшүбүз керек.

г. Эгер адамдарды __________________ үчүн сүйсөк, биз эч качан _____________________________ жана _____________________ болобуз.

д. Адамзаттын телегейи ___________________________________.

е. Эгерде биз ______________________________________ карай турган болсок, анда дайыма ___________________ болобуз.

ж. Эгерде биз жүзүбүздү _____________________ бурсак, биз адамдарды ____________________ , аларга ________________________ болобуз.

3. Үчүнчү цитатада Абдул-Баха бизге мындай деп айтат:

а. Биз ар бирибиз жүрөгүбүздөгү ойлорду ______________ жана _________________________________ бурушубуз керек.

б. Согуш жөнүндө ой келген кезде, _________________________________ _______________________________________________ага карама-каршы коюушубуз керек.

в. Жек көрүү жөнүндөгү ойду, ____________________________________ ______________________________________________ жок кылууга болот.

г. Согуш жөнүндөгү ойлор ___________________________________ ____________________ жана ___________________________ кыйратат.

д. Сүйүү жөнүндөгү ойлор _________________________________________ жана ___________________ курулушуна түрткү болот.

4. Өзүңүз менен жамааттагы башкалардын ортосундагы айырмачылыктарды көргөндө эмне кылуу керек?______________________________________ ____

____________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

5. Жамааттын биримдигине салым кошуу үчүн сизге жардам берген рухий тартиптүүлүктү (дисциплина) сүрөттөп бериңиз:___________________ ______

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

6. Төмөндөгүлөрдүн кайсынысы биримдикке салым кошот?

____ Башкалардын кемчиликтерин көрүү

____ Башкалардын айыбын байкабоо

____ Башкалардын кемчиликтери тууралуу досуңа айтуу

____ Башка адамды жаман көрсөтүү үчүн окуяны апыртып же өзгөртүп айтуу

____ Башкалардын айыбы тууралуу ойлонуу

7. Эмне үчүн кээ бир адамдар жаңылыштык кетиргенде сындайбыз да, ал эми башкалар так эле ошондой жаңылыштык кетирсе, аларды сындабайбыз? _____

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

8. Бири-бирине гыйбат кылган (артынан сүйлөө) учурда биримдик болушу мүмкүнбү? Эмне үчүн? _____________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

9. Бирөө жөнүндө жалган айтуу, албетте, туура эмес. Бирок, бирөөнүн чындап эле жасаган иштери боюнча кескин сын-пикир айтуу туурабы? ________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

10. Ушак айтуу, гыйбат кылуу жана башкаларды сындоонун кандай айырмасы бар?

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

11. Ушак айтуу, гыйбат кылуу жана тынымсыз сынга алуу коомго кандай таасир этет? ______________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

12. Жашообуздагы бул адаттардан кантип айрылсак болот? ____________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

13. Эгерде биз дайыма адамдар жөнүндө алар жаныбызда тургандай эле сүйлөсөк эмне болмок? ________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

14. Эгерде биз жаш балдардын көзүнчө гыйбат кыла турган болсок, бул аларга кандай таасирин тийгизет? ____________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

15. Ушак айтуу, гыйбат кылуу адаты кайдан келип чыгат? ____________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________

16. Бахаулла бизге мындай деп кеңеш кылат: Эгер өзүмчүлдүк отуң аша чаап кетсе, ______________________________________________________________________
____________________________________________________________ эмес,
__________________________________________________________, анткени ар

бириңер башкаларга караганда, ____________________________ жакшы билесиңер.

17. Сүйүү жөн эле сөздөр менен көрсөтүлбөйт. Дагы эмне керек? ___________
__________________________________________________________________
__________________________________________________________________

18. Биримдик жана сүйүү тууралуу Абдул-Баха бизди мындай деп үндөйт:“Бир саамга да _____________________ алба, бир көз ирмемге да жайлуулук _________________; андан көрө, досторуңдун бирөөнө болсо ____________________________________________, эч болбосо бир жаркын жүрөккө _________________________________ ______________________________ эмгектен.

19. Ал дагы мындай деп белгилейт: “Адамзаттын эң башкы муктаждыгы - бул _____________________________ жана _____________________________. Адамдардын ортосундагы ________________________ жана __________________________________ байланыштары канчалык күчтүү болсо, адамзаттын бардык чөйрөдөгү иш-аракетинин _____________________________ жана _______________________________________ күчү ошончолук чоң болот.”

20. Жамааттын иш-аракетинин ийгиликтүү болушунун эң маанилүү ачкычы болуп эмне саналат? __________________________________________________________
____________________________________________________________________

21. Чогуу кеңешүүгө бириккендерге Абдул-Баха мындай деп айтат: “Чогуу кеңешүүгө бириккендер үчүн эң негизги шарттар – бул ______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
____________________________________________, Анын сүйүктүүлөрүнүн алдындагы ______________________ жана ________________,кыйынчылыктарда _________________________________________, ____________________________ _____________________________________ жана Анын Улуу Босогосунда __________________________________________________________. Эгер Кудайдын ырайымы менен бул касиеттерге ээ болсо, анда аларга көзгө көрүнбөс Баха Падышалыгынын жеңиши ____________________________.

22. Биримдикте чогуу иштөөнүн күчү тууралуу Абдул-Баха бизге буларды айтат: “Асман күчтөрү аркылуу ______________________________________ ыйык жандар, __________________ ушундай _____________________________ менен көтөрүлүп, каз-катар тизилип, _______________________ кадам шилтегенде, ал жандардын _______________ ______________________ барабар келип, бул кубаттуу мухиттин буркан-шаркан түшкөн толкундары __________________________________________________________ болот.”

## 9-БӨЛҮМ

Александра Санчестердин үй-бүлөсү менен болгон төртүнчү жолугушуусунда алардын небереси Беатрис менен таанышканына кубанды. Беатрис жакын жердеги мектепте окуу үчүн алардыкына убактылуу жашап туруу үчүн келген. Беатрис биримдик тууралуу темага абдан кызыгып, талкууга чын дили менен катышып жатты. Маектешүү бүтөйүн деп калганда, Санчес айым баарына кофе менен торт алып келди. Бул Александрага Беатрис менен жакыныраак таанышууга мүмкүнчүлүк берип, ал аны менен коңшулаш аймактагы жамаатты куруу аракеттери тууралуу сүйлөшүү үчүн эртеси күнү жолукмай болду. “Ал курстардын негизги ырааттуулугун окууга кызыгышы мүмүн”, - деп Александра ойлонуп жатты. “Мен ага алгачкы бир нече китепти үзгүлтүксүз ыргакта окуганга жардам бере алам. Андан кийин ал балдар классын ачкысы келиши мүмкүн же коңшулукта түзүлүп жаткан өспүрүмдөр тобу менен иш алып барууда мага жардам берүүнү каалашы мүмкүн. Андай болсо, ал бара-бара топ үчүн көбүрөөк жоопкерчиликти өзүнө алып, аны топтун алып баруучусу катары кызмат кылууга даярдай турган 5-китепке чейин окуй алат.” Александра ар кандай темаларды талкуулоого багытталган жаштардын бир нече жолугушууларына катышты, мындай жолугушуулар алардын көбүн институт процесстерине катышууга өбөлгө түздү. Ал кийинки күнү Беатрис менен болгон маектешүүсүндө ошол эле ой-түшүнүктөр иретин карманууну чечет. Маектешүү мындай деп башталды:

> Баарыбыз дүйнөнүн жакшырышын каалайбыз. Биз баарыбыз жалпы тынчтык орногон жана адамзат үй-бүлөсү эриш-аркак жашаган келечекти чызамдсыздана күтөбүз. Мындай келечек кыял эмес жана дүйнөнү жакшыртууга салым кошуу үчүн күч-аракет жумшап жаткандардын саны улам көбөйгөн сайын, мындай дүйнөнү куруу толук мүмкүн боло баштады. Ар бирибиз жүрөгүбүздүн түпкүрүндө коомубузга кызмат кылууну каалайбыз. Бизге керек болгон нерсе – жалпынын бакубатчылыгы үчүн жан аябастык менен кызмат кылуу жөндөмдүүлүгүбүздү өнүктүрүү.
>
> Адамзатка кызмат кылуу тууарасында ойлонгондо, биз бирге аркалаган кызмат жолун элестетебиз. Бул жол баарына ачык. Ал жолго түшүүнү ар бирибиз өзүбүз тандайбыз жана өз ыргагыбызга жараша алдыга жылабыз. Бул жолду жалгыз аркалабайбыз; биз достор менен бирге кызмат кылабыз, чогуу үйрөнөбүз жана бири-бирибизди коштоп жүрөбүз. Ар бир кадамыбыз кубаныч жана ишенимди жаратат, ал эми ар бир аракетибиз Кудайдын ырастоо жышаандары менен коштолот.

Беатриске уккандары жакты жана бул кыска тааныштыруудан кийин жандуу маек орун алды. Мындан ары улантуудан мурун, келгиле, ушул жерден токтоп, эки жаңы достун ортосундагы мамиленин мүнөзү жөнүндө ой жүгүртөлү. Александра Беатристи институт процессине катышууга чакыруу үчүн маңыздуу маек курууну чечти. Эмне үчүн жөн гана Беатриске институт тарабынан бир катар курстар сунушталып жатканын айтып, ага катышууга чакырганы жетиштүү болмок эмес?

## 10-БӨЛҮМ

Александра Беатрис менен 2 саатка чукул маектешти. Төмөндө Александра жаңы досу менен бөлүшкөн бир нече кошумча идеялар берилди. Албетте, ал узакка созулган, тыныгуусуз презентация жасабасын түшүнөбүз. Эки сааттын ичинде көбүнчө ушул абзацтарда баяндалган ой-түшүнүктөрдү чогуу талкуулоого басым жасалды:

> Биз жашпыз, күчүбүз ашып-ташып турат, бардыгына дилгирбиз. Адамдар бизди эч кандай санаасы жок деп ойлошот. Бирок тескерисинче, биз адамзаттын оор абалы тууралуу тынчсызданабыз, коомдо чыныгы өзгөрүүлөрдүн болушун каалайбыз. Ошондой эле биз өзүбүздүн жашообуз туурасында да ойлонушубуз керек — билим алуу, жумуш, досторубуз, үй-бүлөбүз туурасында. Жыл өткөн сайын биз чоңойуп, өзүбүзгө көбүрөөк жоопкерчиликтерди алабыз; ата-энебиз бизден көптү күтөт. Кээде өзүмдүн бардык жоопкерчиликтерим жөнүндө ойлогондо, башым маң болот. Ошондо Бахаи жазмаларынан алынган бир цитата эсиме түшөт, мен аны жаттап алгам: "Адам өмүрүнүн жаз мезгили бар, ал кереметтүү даңкка бөлөнгөн. Жаштык мезгилине күч жана жигердүүлүк мүнөздүү жана бул курак адам жашоосундагы эң керемет учур болуп эсептелет."
>
> Сени менен бир ойду бөлүшкүм келет, дүйнө жүзү боюнча биздикине окшогон жамааттардагы көптөгөн жаштар өздөрүнүн энергиясын кош максатка багыттоого болоорун түшүнүп жатышат, кош максат дегенибиз: интеллектуалдык жана руханий жактан жеке өсүшүнө жоопкерчиликти алуу жана коомчулуктун өзгөрүүсүнө салым кошуу. Биздин максатыбыздын бул эки аспектиси бири-бири менен байланышып турат. Биз өзүбүздүн жөндөмдөрүбүздү өрчүткөн сайын, биз башкаларга жакшыраак кызмат кыла алабыз жана бири-бирибизге жардам берүү менен биз жеке инсан катары өсөбүз жана өзүбүздөгү сапаттарды чыңдайбыз.
>
> Мен жогоруда айткан кызмат өтөө жолу тууралуу түшүнүк мына ушул жерде мааниге ээ болот. Ал жолду аркалоо – бул жөн гана биздин күнүмдүк

жашообуздун дагы бир кошумча бөлүгү эмес; ал биздин кылган бардык иш-аракетибизге маани берип турат. Коомго кызмат кылуу биздин билимибиздин максатын жакшыраак түшүнүүгө, келечек жөнүндөгү ойлорубузду тактоого, үй-бүлөбүздүн жыргалчылыгына салым кошуу үчүн зарыл болгон сапаттарды өрчүтүүгө жардам берет. Ал биздин достугубузду бекемдейт. Ал бизге күч-кубатыбызды маанисиз нерселерге сарп кылууга жол бербейт.

Рухий жана интеллектуалдык өсүшүбүз жөнүндө ой жүгүрткөндө, бизге таасир этүүчү көптөгөн күчтөрдүн бар экендигин эске алуубуз керек. Алардын кээ бирлери бизди туура жолго багыттайт, мисалы билим, адилеттик жана сүйүүнүн күчтөрү, биз өзүбүздү ошол толкунда болууга үйрөтүшүбүз керек. Башкалары, мисалы материализмдин жана өзүмчүлдүктүн күчтөрү тескери жолго түртөт, биз аларга каршы турушубуз керек. Биз кынтыксыз мыктылыкка умтулушубуз керек жана мындай биздин күч-аракеттерибиз Кудайдын ырастоо жышаандарына ээ болооруна ишенишибиз керек.

Коомду өзгөртүүгө болгон өз салымыбыз туурасында ой жүгүрткөндө — маселен зордук-зомбулук, жакырчылык жана азап-кайгы өкүм сүргөн дүйнөнү тынчтыктын, жыргалчылыктын жана эриш-аркак жашоонун дүйнөсүнө айландыруу жөнүндөгү ой-толгоолорубузда биз материалдык да, рухий прогрессти да эске алуубуз кажет. Адамзат руханий жактан өсүп-өнүгүүгө жетпей туруп, материалдык прогресске жетише албайт. Бул экөө жанаша жүргөндө гана дүйнө жакшы жакка өзгөрө алат. Мен жаттап алган дагы бир цитата бар: “Материалдык цивилизация чыракка окшош, ал эми руханий цивилизация ошол чырактын жарыгы. Материалдык жана руханий цивилизация бириксе, анда бизде жарык да болот, чырак да болот, демек мыкты натыйжага ээ болобуз”.

Кызмат өтөө жолунда жүргөндө, биз башка адамдар менен иштегенди, өзгөчө балдар жана жаш өспүрүмдөр менен иш алып барганды үйрөнүп, алардын билим алуусуна, көндүмдөргө жана рухий сапаттарга ээ болууга жардам беребиз. Мындан сырткары биз жамааттарыбыздын биримдигине көңүл бурууну үйрөнөбүз. Жамааты өнүктүрүүгө салым кошууну каалаган жеке адамдар, үй-бүлөлөр жана уюмдар өз ара кызматташууга тийиш. Алар жалпы көз карашты жана максатты түзүп, чыр-чатакка алып келген жол-жоболорду четке кагышы керек.

Андыктан, жаш кезибизден баштап эле башкалар менен эриш-аркак өз ара мамиле түзүү жөндөмдөрүбүздү өрчүтүү маанилүү. Биз дос болушубуз керек: кылган ишибизде бири-бирибизди коштоп, бири-бирибиздин салымыбызды кабыл алып, бири-бирибизге дем берип жана колдоп, бири-бирибизден күчтүү жактарды көрүп, бири-бирибизге пайдалуу кеңештерди сурап жана берип, ошондой эле бири-бирибиздин жетишкендиктерибизге кубана билишибиз керек. Кызмат өтөө жолун аркалоодо, биз иш-аракет кылып, ал иш-аракеттерибиз тууралуу ой жүгүртүп, чогуу кеңешип жана бирге окуп-үйрөнүшүбүз керек.

Акыркы ондогон жылдар ичинде Бахаи коому дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө өзгөчө билим берүү институтун түзүүгө жетишти. Биз институт деп атап келген бул түзүлүштөр, биз үчүн коомго кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрүбүздү жогорулата турган курстарды сунуштайт. Бул курстарды

окуу менен биз кызмат жолунда ийгилик жаратуу үчүн зарыл болгон руханий түшүнүктөрдү жана практикалык көндүмдөрдү алабыз. Биз алар аркылуу өскөн сайын, кызмат көрсөтүүнүн татаалыраак иш-аракеттерин аткаруу мүмкүнчүлүктөрүбүз өсөт. Ар учурда бизди өзүбүздөн тажрыйбалуу адамдар коштоп жүрүшөт жана убакыттын өтүшү менен биз өзүбүз бизден тажрыйбасы аз досторду коштоп, жардам бере баштайбыз. Биз баарыбыз - жеке жана социалдык өзгөрүү идеясынын жактоочулары – эң башынан баштап эле, өзүбүздүн жеке өнүгүүбүз үчүн жана коомго кызмат кылуу үчүн жоопкерчиликти ынтызарлык менен кабыл алабыз.

«Жактоочу болуу» — бул аң-сезимдүү аракеттенүү эркине ээ болуу, аракетибизде өжөрлүктү көрсөтүү жана ар бир кадам сайын билимге ээ болуп, аны колдонуу дегенди билдирет. Жактоочу - бул жөн гана жакшы нерселердин пассивдүү алуучусу эмес, ал прогресске активдүү салым кошуучу. Жактоочу болуу үчүн чыгармачыл жана тартиптүү демилге кылууга үйрөнүш керек. Институттун курстары жамаатты куруу процессинин жактоочулары болуу жөндөмүбүздү жогорулатууга жардам берет.

Биз жогоруда берилген идеялардын үстүнөн ой жүгүртүшүбүз керек. Бөлүмдүн башында айтылгандай, Александра ой-түшүнүктөрдү жөн эле биринин артынан бирин келтирбестен, Беатристин алар жөнүндө ой жүгүртүп, талкууга өз салымын кошо ала тургандай толук мүмкүнчүлүгү бар экенине көз салып байкап турат. Группаңыз менен ар бир абзацты талкуулап, идеяларды мыкты деңгээлде айтып берүүгө үйрөнгөдөн кийин, сиз үчүн кызык болушу мүмкүн: маек андан ары канчалык деңгээлде өнүгө алды, Александра Беатриске Рухи институтунун курстары тууралуу ишенимдүү түрдө кыскача маалымат бергенден кийин, аны 1-китепти изилдөөгө катышууга чакырдыбы? Эгер сиз анын ордунда болсоңуз эмне деп айтат элеңиз? Өз ойлоруңузду төмөндөгү берилген атайы саптарга жазсаңыз болот. 1- жана 2-китептерди жана алардагы бизди кызмат өтөөгө чакырган иш-аракеттерди кандай сүрөттөйт элеңиз? Кийинки китептерде камтылган кызмат өтөө иш-аракеттери тууралуу кыскача маалымат берүү, маселен рухий жактан тарбия берүү боюнча кенже балдарга сабак өтүү жана өспүрүмдөр топторун алып баруу — Беатриске келечекте кандай кызмат көрсөтө алаарын түшүнүүгө жардам берээри шексиз. Жогоруда айтылган эки кызмат өтөө жолу тууралуу жана Беатристи 1-китепти окууга чакырууда Александра дагы эмнени кошумчалап айта алмак, бул тууралуу өз оюңузду бир нече сүйлөм менен жазыңыз, топтун алып баруучусу сизге жардам бере алат.

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

## 11-БӨЛҮМ

2 жумадан кийин Александра Санчестин үйүнө кайрадан барды. Ошол убакыттын ичинде Беатрис интенсивдүү өнөктүккө катышып, 1-китептин алгачкы эки бөлүмүн окуп бүтүп калган. Ал азыр коңшулукта жумасына 2 жолу беш достон турган топ менен жолугуп, үчүнчү бөлүмдү өтүп жатат. Александра Санчестин үй-бүлөсү менен дуба окуу темасы тууралуу сүйлөшүүнү ылайыктуу деп таап,  Беатристен жардам берүүсүн суранат. Сиз 1-китептин экинчи бөлүгүн өзүңүз изилдеп чыккансыз, ошондуктан бул жерде Александра менен Беатристин кийинки маектешүү учурунда камтылган мазмуну тууралуу айтып берүүнүн кажети жок. 1-Китептин ал бөлүмүн карап чыккандан кийин, сиз ушул теманын тегерегинде жүргөн маектешүүнүн жүрүшүндө сиз токтоло турган негизги идеяларды жазыңыз. Бул үчүн төмөндө атайын орун берилген.

## 12-БӨЛҮМ

Александранын Санчестердин үйүнө барып жолугушуусу дагы бир нече жумага созулат, алар дуба окуунун маанилүүлүгү тууралуу ой жүгүртүү учурунда табигый түрдө келип чыккан бир нече темаларды талкуулоого мүмкүндүк алат: мисалы, жандын жашоосу, рухий сапаттарды өнүктүрүү, Кудайдын мыйзамдарына жана эрежелерине баш ийүү жана Анын сүйүүсүнө болгон туруктуулук. Бир жолу алар Административдик тартип институттары, өзгөчө жергиликтүү жана улуттук рухий жыйындар жөнүндө бир аз сүйлөшүштү. Бул жолугушуулардын ар биринде талкууланган маектердин мазмунун карап чыгуунун азыр кажети жок. Бирок, мындай маектешүүлөрдүн учурунда ага катышкандардын арасында эки суроо көп көтөрүлөт. Биринчиси, жамаат өткөргөн жолугушуулардын табиятына байланыштуу болсо, экинчиси, финансылык ресурстарга байланыштуу. Биз бул бөлүмдө жолугушуулардын темасын, атап айтканда Он Тогузунчу Күн Майрамын талкуулайбыз, ал эми каржы маселесин кийинки бөлүмдө карайбыз.

Төмөнкү билдирүүлөр, Он Тогузунчу Күн майрамы жөнүндөгү тема боюнча сүйлөшүү үчүн негиз боло алат:

- Бахаи жамаатында жолугушуулар ар кандай максаттарда өткөрүлөт — дуба окуу, окуп-изилдөө, өзгөчө учурларды майрамдоо, жамааттын иштери жана коомго кызмат кылуу боюнча кеңешүү, иш пландарын талкуулоо. Бахаулла төмөнкүдөй убада берет:

  **“Өз Өмүрүм жана Өз Ишим менен ант берем! Кудайдын достору чогулуп, Теңирди даңазалоо жана Аны даңктоо жаңырыктары угулган үйдү, Ишенимге чыныгы берилгендердин жана Теңирге жакын бардык сүйүктүү периштелердин рухтары айланып учуп жүрмөкчү.”** [23]

- Достордун жолугушуулары учурунда Кудайдын Сөзүн укканыбызда, бул жүрөктөрдү кубанычка бөлөп, биримдиктин байланыштарын чыңдайт. Бахаулла бизге мындай деп насаат кылат:

  **“Достор кайсы жерде болбосун, жолугушууларда бирге чогулуп, ал жерде акылмандык, чечендик менен сүйлөп, Кудайдын аяттарын окуулары керек; анткени так ошол Кудайдын Сөздөрү сүйүү отун жандырып, аны алоолонгон жалынга айлантат.”** [24]

  Абдул-Баха мындай деп жазат:

  **“Өлкө чындыктын нуру менен жаркырап жана жерибиз Ыйык Рухтун ырастоолору аркылуу жагымдуу бейишке айлангандай кылып жолугушууларды өткөргүлө, көктүн окууларын так ошондой кылып окугула, ырга кошуп үн салгыла, анткени бул доор - Улуу Теңирдин кылымы жана адамзат дүйнөсүнүн биримдигинин обону Чыгыш менен Батыштын бардык элдеринин кулагына жетмекчи.”** [25]

- Бардык бахаи жолугушууларынын ичинен Он Тогузунчу Күн Майрамы өзгөчө сөз кылууга татыктуу. Бахаи календары он тогуз айдан турат, ар бир айда он тогуз күн бар жана кай жерде болбосун бахаилер айына бир жолу бул жолугушуу үчүн чогулушат, бул тууралуу Бахаулла өзү мындай деп насаат кылган:

  **“Чындыгында, силерге бир айда бир жолу, дасторконго суу коюп болсо да майрамдоо парз кылынды; анткени Кудай көктөгү да, жердеги да жол-жоболор менен жүрөктөрдү бириктирүүнү ниет кылды.” 26**

- Он Тогузунчу Күн Майрамы үч бөлүктөн турат. Биринчиси, дуба окуу же руханий бөлүгү, анда дубалар окулуп, Ыйык Жазуулардан үзүндүлөр окулат. Экинчиси - административдик бөлүк, анын жүрүшүндө жамааттын иштери боюнча кеңешүүлөр жүргүзүлөт. Үчүнчүсү – социалдык иш-чаралар бөлүгү.

- Биз Абдул-Баханын төмөнкү сөздөрүнөн Он Тогузунчу Күн майрамындагы дуба окуу бөлүгүнүн маанилүүлүгүн түшүнөбүз:

  **“ Оо, Байыркы Сулуулуктун ишенимдүү кулдары! Ар бир айлампада жана ар бир мыйзам падышалыгында майрамды даңазалап жана сүйүп келишкен жана Кудайдын сүйүктүүлөрү үчүн дасторкон жаюу мактоого татыктуу иш катары эсептелген. Учурдун теңдешсиз мыйзам падышалыгында, улуу жоомарттыктын бул кылымында майрамдын мааниси өзгөчө көкөлөтүлөт, анткени, акыйкатта бул майрам Кудайга сыйынып жана Аны даңктоого чогулган жыйындарга барабар. Анда ыйык аяттар окулуп, көктөн түшүрүлгөн саптар ырдалып жана даңктоо ырлары жаңырат, жүрөк ойгонуп, көктү көздөй оболоп учат.”** [27]

Майрамдын административдик бөлүгүндө болсо, чогулган достор жакынкы жана алыскы бахаи жамааттарынын ишмердүүлүгү тууралуу отчетторун угушуп, өз жамаатындагы Ишенимдин иштери жана коомдун жыргалчылыгы үчүн кошкон салымдары тууласында кеңеш курушат, Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйүнөн алынган көрсөтмөлөр менен таанышып, пландардын жүрүшү жөнүндө ой

жүгүртүшөт жана Ишенимдин институттарына өз сунуштарын беришет. Он Тогузунчу Күн майрамында өткөрүлгөн кеңешмелер өтө маанилүү, анткени бул иш-аракет аркылуу ар бир адам бүткүл дүйнөлүк бахаи жамаатынын иштерине катыша алат.

- Майрамдын социалдык бөлүгүнө токтолсок, бул жолдоштук жана меймандостук учуру. Музыка жаңырып, дем-кубат берген маектешүүлөр орун алып, балдар тарабынан оюн-зооктор даярдалышы мүмкүн. Кыскасы, тыкаттык менен тандалып алынган, ошол эле убакта шандуу жана нарктуу маданияттын ар кандай формаларын Майрамдын бул бөлүгүн байытуу үчүн колдонууга болот.

- Он Тогузунчу Күн Майрамы Ишенимдин Административдик Тартибинин маанилүү өзгөчөлүгү болуп саналат. Ал жамаат турмушунун руханий, административдик жана социалдык аспектилерин бириктирет. Майрамдын ийгилиги - ушул үч бөлүктүн туура шайкеш келүүсүнөн көз каранды болгондуктан, бул бөлүктөрдүн ар бирине бирдей көңүл бурулушу керек. 1989-жылы август айында жазылган билдирүүдө, Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү мындай дейт:

**“Бахаулланын дүйнөлүк тартиби адамзат коомунун бардык бөлүктөрүн камтыйт; турмуштун руханий, административдик жана социалдык процесстерин бириктирет; жана адамдын чыгармачылыгынын ар түрдүү формаларын жаңы цивилизацияны курууга багыттайт. Он Тогузунчу Күн Майрамы коомдун пайдубалында ушул бөлүктөрдүн баарын камтыйт. Бул майрамды айылдарда, шаар-кыштактарда майрамдашат жана бул өзүнчө институт болуп саналат, анын мүчөлөрү - бардык Баха эли. Ал биримдикти чыңдоо, өсүп-өнүгүүгө өбөлгө болуу жана шаттыкты камсыздоо максатын көздөйт.”** [28]

- Он Тогузунчу Күн Майрамы сыяктуу маанилүү иш-чараны шашылыш түрдө өткөрө салууга болбойт. Дуба кылуу жана ойго чөмүлүү аркылуу ар бир адам өзүн Майрамга руханий жактан даярдашы керек, ал эми иш-чара учурунда - дуба окуп же айтылган цитаталарды угуп, отчет жасап, көрсөтмөлөрдү алып же сунуш берип, үй ээси катары конок тосуп же меймандостуктун ырахатын көрүп мейман катары катышып, кыскасы ар бир адам ак дилден жана чын жүрөктөн катышуусу керек. Он Тогузунчу Күн Майрамы тууралуу жазылган ошол эле катта, Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү мындай дейт:

**“Майрамга даярданууда Жазмалардан алынган тиешелүү үзүндүлөрдү тандап алуу маанилүү, майрамдын руханий бөлүгү татыктуу жана жеткиликтүү болушу үчүн үзүндүлөрдү көркөм окуй ала турган окурмандарды алдын ала дайындап алуу керек. Майрам имараттын ичинде же сыртында өткөрүлөбү, иш-чара учурундагы жалпы жагдайга татыктуу көңүл буруу майрамдын натыйжасына чоң таасирин тийгизет. Тазалык, майрамдык иш-аракеттер орун ала турган жайды туура уюштуруу, кооздук жасалгаларын туура жайгаштыруу — мунун баары маанилүү роль ойнойт. Убакыт тактыгы да жакшы даярдыктын көрсөткүчү.”**

**“Майрамдын ийгилиги көпчүлүк учурда ага болгон даярдыктын сапатынан жана ага катышкан адамдардан көз каранды. Сүйүктүү Устат төмөнкү**

**кеңешти берет: «Он Тогузунчу Күн жыйындарына олуттуу маани бергиле, бул иш-чара учурунда Теңирдин сүйүктүүлөрү жана Ырайымдуунун кулдары жүздөрүн Падышалыкка бурсун, аяттарды ырдап, Кудайдын жардамын жалбарып, бири-бирине болгон сүйүүдөн ырахаттанып, аруулук менен ыйыктыкка бөлөнүшсүн, Кудайдан коркуу сезимине ээ болуп, напси менен өзүмчүлдүк кумарынан арылышсын. Ошондо, алар бул кем дүйнөгө байланбай, рухтун жалынына чулганышат.” 29**

Адаттагыдай эле, сиз жогорудагы түшүнүктөрдү бир нече жолу окуп чыгып, аларды өз тобуңузда талкуулашыңыз керек, ошондо сиз аларды оңой айтууга үйрөнөсүз. Төмөнкү көнүгүүлөр Он Тогузунчу Күн Майрамынын маанисин тереңирээк түшүнүүгө жардам берет:

1. Бахаулланын айтуусу боюнча, Теңирди даңктоо жана мактоо үчүн биз чогулган ар бир турак-жай кандайча мүнөздөлөт? ___________________________________

   ____________________________________________________________________________

2. Жогоруда берилген экинчи цитатада Бахаулла бизге мындай дейт: биз жолугушууларда бирге чогулганда, ал жерде ______________________________ __________________________ менен сүйлөп, ___________________________ ___________________________ окушубуз керек; анткени Кудайдын Сөздөрү ____________________________________________________________________________ ____________________________________________________________________________ ____________________

3. Ал эми үчүнчү цитатада Абдул-Баха бизге эмне үчүн жолугушууларды өткөрүп, көктөн түшүрүлгөн окууларды окуп, аларды ырдоо керектигин айтат:

   - Биз жашаган өлкө _____________________________________________________ ________________________________________________________________ үчүн.
   - Биз отурукташкан жерибиз_____________________________________________ ________________________________________________________________ үчүн

4. Бахаи календарында канча ай бар? ________________________________________

5. Ар бир айда канча күн бар? ___________________________________________

6. Бахаилердин арасында айына бир жолу кандай өзгөчө жыйын өткөрүлөт? ____

   ____________________________________________________________________________

7. Он Тогузунчу Күн Майрамынын негизги үч бөлүгү кайсылар? ______________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

8. Он Тогузунчу Күн майрамынын бөлүктөрү белгилүү бир тартипке жараша өтөбү? ______________________________________________________________

9. Майрамдын дуба окуу бөлүгүнүн максаты эмне? __________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

10. Майрамдын административдик бөлүгүнүн максаты эмне? _________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

11. Майрамдын социалдык бөлүгүнүн максаты эмне? ________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

12. Майрамдын административдик бөлүгүндө төмөндөгү темалардын кайсынысын талкуулоо туура болот?

_____ Жамааттын иш-аракеттеринин финансылык муктаждыктары

_____ Футбол боюнча курама команданын упайлары

_____ Коомчулуктун эки мүчөсүнүн ортосундагы пикир келишпестикти кантип чечүү керек

_____ Жамааттын бахаи балдар класстарынын жетишкендиктери

_____ Апта ичинде жамааттын бир мүчөсү үйрөнгөн Жазуулардан алынган үзүндүнүн мааниси

_____ Жамаатын өспүрүмдөр программасынын өнүгүү ыргагы

_____ Жаштар үчүн ачылып жаткан жумуш орду менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрү

_____ Кызмат көрсөтүү долбоорлору татаалдашып бара жаткан өспүрүмдөр топторуна жамаат көрсөтө ала турган колдоолор

_____ Институт тарабынан ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларына катышып жаткан балдардын жана жаш өспүрүмдөрдүн ата-энелерине барып жолугуу

_____ Коомчулуктун дуба окуу көндүмдөрүн чыңдоо

_____ Телевидениеден көрсөтүлүп жаткан көрсөтүүлөрдүн жүгүртмөсү

_____ Окуу ийримдеринде кубанычтуу жана тартиптүү атмосфераны түзүү боюнча алынган тажрыйбалар

_____ Алдыда келе жаткан Ыйык күндү майрамдоо

_____ Жамаатты куруу процессинен келип чыккан социалдык аракеттердин алкагындагы демилгелер

13. “Майрамдын үч бөлүгүнүн ортосундагы шайкештик эмне үчүн маанилүү” деген суроону өз тобуңуз менен талкуулаңыз.

14. Төмөндөгү эки суроону талкуулагыла.

   а. Эгер сиз Майрамды өткөрүп жаткан болсоңуз, сиз ага кандай даярданат элеңиз?

   б. Эгер сиз жөн гана катышуучу болсоңуз, анда майрамга кандай даярданат элеңиз?

## 13 БӨЛҮМ

Ишеним жөнүндө маектерде көбүнчө пайда болгон экинчи суроо - бул бахаи жамааты өзүнүн каржылык муктаждыктарын кантип канааттандырат деген суроо. Мына ушундай суроолорго жооп берүүгө жардам бере турган бир нече пункттар менен таанышып алыңыздар:

- Бахаи жамааты өзүнүн материалдык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн колдонгон инструмент – бул Бахаи фонду. Ал ар кандай - жергиликтүү, улуттук, континенталдык жана эл аралык деңгээлдеги  Ишеним институттары тарабынан башкарылат. Бахаилер өздөрүнүн ишенимин жайылтуу үчүн жумшалган чыгымдарды өздөрү көтөрүшү керек деп эсептешет, ошондуктан Фонд жамааттын мүчөлөрүнөн гана салымдарды алат.

- Фондго салым кошуу ыктыярдуу иш болуп саналат. Бул жеке адам менен Ишеним институттарынын ортосундагы иш болгондуктан, бул иш-аракет купуя мүнөзгө ээ; салым кошкондордун аты-жөнү жана берилген сумма жарыяланбайт.

Жамааттын мүчөлөрүнө акчалай салым кошууга эч кандай басым жасалбайт. Институттар жамаатка жалпы кайрылууларды жасап, Фонддун маанилүүлүгүн эскертип, анын талаптарын белгилешет. Жамааттар өзү үчүн акчалай салым кошуу боюнча белгилүү максат коюп алган учурлар аз эмес. Бирок эч качан жеке адамдар үчүн белгилүү бир сумма коюлбайт жана акча талап кылынбайт. Канча салым кошууну ар бир инсан өзүнүн түшүнүгүнө жараша чечет.

- Биз курууга аракеттенип жаткан цивилизация материалдык жактан да, рухий жактан да гүлдөгөн цивилизация болот. Байлыкка ээ болууга белгилүү бир шарттар аткарылганда гана жол берилет. Ага адал эмгек менен жетишибиз керек. Биз аны адамзаттын жыргалчылыгы үчүн жумшашыбыз керек. Коомчулуктун бардык мүчөлөрү жогорку деңгээлде жашоого тийиш; көпчүлүк күнүмдүк муктаждыктарын да канааттандыра албай турганда, айрымдардын өтө бай болушу туура эмес. Бахаулла бизге мындай дейт:

**“Адамдардын эң мыктысы – өз өнөрү менен тиричилик үчүн каражат тапкандар жана Кудайга, бардык дүйнөлөрдүн Теңирине болгон сүйүүсү үчүн аны өзүнө жана жакындарына сарптагандар.”** [30]

**“. . . Өзүңөр да, башкалар да пайдасын көргөндөй, адал жана кереметтүү жемиштерди беришиңер керек. Андыктан, кол өнөрчүлүк жана кесип менен алектенүү ар бир адамга парз, анткени, о, түшүнүгү барлар, байлыктын сыры ушунда!”** [31]

Абдул-Баха мындай деп түшүндүрөт:

**“Элдин баары бай болгон шартта гана байлык мактоого татыктуу нерсе боло алат. Бирок, эгерде айрым бир саналуулар гана ашкере байлыкка ээ болуп, ошол эле учурда, калгандары жакырчылыкка кептелген болсо, жана ал байлык эч кандай жемишин бербесе же пайда алып келбесе, анда ал байлык анын ээсине тоскоолдук катары гана кызмат кылат.”** [32]

- Адилетсиздиктен жана азап-кайгыдан эркин болгон коом куруу үчүн баарыбыз март жана берешен болушубуз керек. Акча каражатыбыз аз болсо да, ага карабастан адамзаттын өсүп-өнүгүүсүнө кандайдыр бир салым кошушубуз керек, анткени чыныгы гүлдөп-өнүгүүгө берешендик аркылуу гана жетишүүгө болот. Жоомарттык – адам рухуна мүнөздүү сапат; анын биздин материалдык жагдайыбызга эч кандай тиешеси жок. Касиеттүү Сөздөрдө Бахаулла мындай дейт:

**“Берүү жана март болуу – Мага мүнөздүү касиеттер; Менин изгиликтерим менен өзүн көрктөндүргөндү, жакшылык жалгайт.”**[33]

- Колубузда болгон бардык байлыктын чыныгы булагы – эң Мээримдүү Кудай экенин унутпайлы. Ал биздин өсүп-өнүгүшүбүзгө мүмкүндүк берет. Ал эми биз Фондго салым кошкондо, Анын бизге бергендеринин бир үлүшүн Анын Иши үчүн жумшаган болобуз. Демек, бахаилер үчүн Фондго салым кошуу жөн гана берешендик иш-аракети эмес; бул ошондой эле руханий белек жана чоң жеке жоопкерчилик. Сакчы бизге мындай деп кеңеш берет:

**"Биз оргума же булак сыяктуу болушубуз керек, ал тынымсыз түрдө өзүндө бар нерсенин баарынан өзүн толук бошотуп, көзгө көрүнбөгөн булактан кайра толтурулуп турат. Жакырчылыктан коркпостон, бардык байлыктын жана бардык жакшылыктардын Булагынын чексиз ырайымына таянуу менен өз мекендештерибиздин жыргалчылыгы үчүн дайыма берешендик кылуу – бул туура жашоонун сыры."**[34]

Бул үстүртөн каралган идеялар менен кененирээк таанышууга мүмкүнчүлүгүңүз болот, анткени курстардын ырааты боюнча кийинки китептердин бири материалдык каражаттар темасына арналган. Азырынча сизге, адаттагыдай эле, жогорудагы мазмунду ар бир абзац боюнча талкуулап жана идеяларды табигый түрдө оңой айтууга үйрөнүү үчүн төмөнкү көнүгүүлөрдү аткаруу сунушталат:

1. Цитаталардын негизинде төмөнкү сүйлөмдөрдөгү бош орундарды толтуруңуз.

   а. Бахаулла бизге өз өнөрүң менен ____________________ үчүн ________________________ таап, ______________________ жана _____________________ сарптоо керек деп айтат.

   б. Биз өзүбүз да, башкалар да ______________________ ______________________________, ______________ жана ______________________________ жемиштерди берүүбүз керек.

   в. __________ _____________________________ жана ___________________ менен _________________________ ар бир адамга парз, анткени _______________________ ____________________ ушунда!

   г. Абдул-Баханын түшүндүрмөсү боюнча, ____________ __________________ бай болгондо гана, байлык _________________ _______________________________ нерсе боло алат.

   д. Бирок, эгерде _________ бир ___________________ _____________ ашкере ___________________ ээ болуп, ошол эле учурда ________________________ _________________________ кептелген болсо, жана ал _____________________ эч кандай _______________________ бербесе, же _____________________ алып келбесе, анда ал _________________ анын ______________________ ________________________ катары гана кызмат кылат.

   е. Бахаулла мындай дейт: "_____________________ жана _______________ болуу – Мага мүнөздүү касиеттер; Менин _____________________ менен өзүн _____________________________ жакшылык жалгайт.

   ж. Ал эми Сакчы бизге _______________же ________________ сыяктуу болушубуз керектигин айтат, ал тынымсыз түрдө өзүндө бар нерсенин

баарынан өзүн __________________ ______________________________, ___________________________ ________________________________ _____________________________ кайра ______________________________ турат.

з. ________________________________ ________________________ ___________________________ ________________________ жана ______________________ ________________________________________________

Булагынын ____________________ _______________________________ таянуу менен өз мекендештерибиздин ___________________________ үчүн __________________________ ___________________ – бул туура жашоонун сыры.

2. Жогоруда берилген идеяларды ыраааты менен жазгыла:

3. ____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________________

# 14 БӨЛҮМ

Тынымсыз иш-аракет менен алек болгон айылда же конушта кандай маектешүүлөр орун алышы мүмкүн экенин билүү үчүн биз университеттин жаш студенти Александранын аракеттерине көз чаптырдык. Бир нече жумага созулган бир нече үй жолугушууларында ал жубайлар Санчестер менен бир катар темаларды талкуулады жана ал маектер жубайлардын Ишеним жөнүндөгү билимин тереңдетүүгө жана алар кабыл алган окууларга берилгендигин бекемдөөгө жардам берет деп үмүттөнөт. Бара-бара, Санчестердин небереси Беатристин пайда болушу бизге маектешүүнүн дагы бир түрүн көрсөтө алды, ал - экөө тең өз коомуна кантип кызмат кыла алаарын билүүгө ынтызар болгон эки жаштын ортосундагы сүйлөшүү. Окуяны изилдеп жана көнүгүүлөрдү аткаруу менен биз сүйлөшүүлөрдү тиешелүү деңгээлде алып баруу үчүн билимди тереңдеткен тиешелүү темалардан тышкары, белгилүү бир руханий сапаттар, мамилелер жана көндүмдөр талап кылынаарын көрдүк.

Бул жана кийинки бөлүмдөрдө биз башка типтеги темаларды, башкача айтканда, институт тарабынан сунушталган билим берүү программаларына катышкан жаш жеткинчектери бар үй-бүлөлөргө баруу учурунда талкуулана турган темаларды изилдейбиз. Белгиленгендей, балдар класстары үчүн сабак өтүү жана алып баруучу катары өспүрүмдөр тобун жетектөө - кызмат өтөө багыттары болуп саналат жана алар кийинки курстарда айтылган ирети боюнча 3 жана 5-китептерде камтылган. Балким, сиз жаш убагыңызда аларга катышкандыктан бул эки программа менен тааныш болушуңуз да мүмкүн.

Келгиле, алгач жаш өспүрүмдөрдүн үй-бүлөлөрү менен тынымсыз баарлашууга негиз болгон маектин мазмунун карап көрөлү. Биз окуган окуя мындан бир топ убакыт мурун орун алып жана Беатрис азыр 2-китепти окуп жатат деп элестетели. Александра бир нече жаш өспүрүмдөрдүн үй-бүлөсүнө бара турганын айтып, досун чогуу барууга чакырды. Ал Беатристин жардамы менен жаш өспүрүмдөр тобун түзөөрүн билдирди. Беатрис чын дили менен макул болду.

Александра Беатриске өзүнүн оюндагысын мындай деп түшүндүрөт. «Биз ар бир ата-эне менен болгон жолугушуубузда алардын уулу же кызы кошулууга кызыктар болгон программа - жамааттык коомубузду куруу процессинин бир бөлүгү экенин айтуу менен баштайбыз. Андан кийин биз алар менен бирге программанын айрым негизги концепцияларын жана идеяларын карап чыгабыз. Бул бир нече жолугушуулардын биринчиси болмокчу, биздин алар менен болгон маектешүүлөрүбүз убакыттын өтүшү менен өркүндөгөн сайын, үй-бүлө топту ар кандай жолдор менен жигердүү колдоп гана тим болбостон, өспүрүмдөрдүн коомдогу руханий жактан бекемделишине көмөктөшөт деп үмүттөнөбүз.

Александра менен Беатрис ар бир үй-бүлө менен маектешкиси келген айрым ойлорду талкуулашат. Алар бардык идеяларды жазып чыгууну туура көрүшөт, бирок биринчи жолу барганда ата-энелер менен бир нече гана ой-түшүнүктөр менен бөлүшөөрүн билишет. Бул жерде алардын өспүрүмдөрдүн мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө жазып чыккан идеялары:

- Адамдын жашоосунда 12 жаштан 15 жашка чейинки үч жаш өтө маанилүү мезгил — бул балалыктан бой жеткен этапка өтүү убагы.

• Бул курактагы жаштарды биз көбүнчө "өспүрүмдөр" деп атайбыз. Алар кичине балдар эмес, бирок ошол эле учурда аларды толук жаштар деп атоого эртерээк болот.

• Тилекке каршы, өспүрүмдөр тууралуу - импульсивдүү, козголоңчу, өзүмчүл жана ар кандай кыйынчылыктарга көп кабылган кризистик топ деген жаңылыш түшүнүктөр орун алган. Бирок биз аларды башкача көз караштa көрөбүз. Ырас, бул кыска мөөнөттүн ичинде баарыбыз физикалык, эмоционалдык жана психикалык жактан ыкчам өзгөрүүлөрдү баштан өткөрөбүз. Ошондон улам биз кандайдыр бир баш бербестик көрсөтүп жатканыбыз да чындык. Бирок, чындыгында, бул эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөр жана чоң дараметтин курагы.

• Биз өзүбүз деле жакында эле өспүрүм болгонбуз жана бул өзгөрүүлөр бизге кандай таасир калтырганы али эсибизде. Кээде биз кайраттуу болсок, кээде тартынчаак болчубуз. Кээде баары менен аралашып, тил табыша алсак, кээде абдан уялчаак болгонбуз. Көпчүлүк учурда бирөөнүн көңүл буруусун каалап турсак да, жалгыз калтырууну каалаганыбызды билдирчүбүз. Биз өзүбүз эмнеге шыктуу экенибизди, кандай таланттарыбыз жана жөндөмүбүз бар экенин түшүнгүбүз келчү. Башка адамдардын бизди кандай көргөнү жана биздин идеяларыбыз жөнүндө кандай ойлогону биз үчүн абдан маанилүү болчу.

- Мындай жүрүм-турум убактылуу көрүнүш экенин түшүнүү маанилүү. Адамдын жашоосунда акыл-эстин белгилүү бир жөндөмдөрү дал ушул жылдары өтө тез өрчүйт. Биз болмуштун негизги суроолоруна жооп издей баштайбыз. Биз айланабызда болуп жаткан нерселерди талдайбыз жана бизге үйрөтүлгөн нерселердин көбүнөн күмөн санап баштайбыз. Биз мурдагыдай чоңдордун айтканын дароо эле аткара салууну каалабайбыз, айрыкча алардын сөздөрү менен иш-аракеттеринин ортосунда карама-каршылыктарды көргөндөн кийин.

- Эгерде жаштардын толуп турган күчүн натыйжалуу колдонуу үчүн жардам бергибиз келсе, аларга баладай мамиле кылуудан алыс болуу зарыл. Бул жаш курак учурун Абдул-Баха мындайча сүрөттөйт:

**"Убакыттын өтүшү менен ал бойго жетет, бул мезгилде анын мурдагы абалы жана муктаждыктары, анын мындан ары өсүп-өнүгүүсү үчүн керек болгон жаңы талаптар менен алмаштырылат. Анын байкоо жөндөмдөрү кеңейип, тереңдейт; анын акыл-эс жөндөмдөрү такшалат жана ойгонот; балалык кездеги чектөөлөр жана жагдайлар мындан ары анын энергиясын жана жетишкендиктерин чектебейт."** [35]

- Бахаи Ишениминин башкаруучу органы болгон Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү биз өспүрүмдөр менен иштөөдө колдонгон ыкма-мамилебиз жөнүндө мындай дейт:

**"Дүйнөлүк тенденциялар бул курактагыларды көйгөйлүү, физикалык жана эмоционалдык өзгөрүү кыйынчылыгына дуушар болуп жаткан, кайдыгер жана өзүмчүл адамдар катары көрсөтүп жатканы менен, бахаи жамааты – өзүнүн колдонгон тилинде жана ыкмасында – чечкиндүү түрдө карама-каршы багытта болуу менен жаш өспүрүмдөрдөн альтруизмди, курч**

**адилеттүүлүк сезимдерди, ааламды таанып-билүүгө умтулууну жана жакшы дүйнөнү курууга салым кошуу каалоосун көрүп келет.”** [36]

Андан соң Алехандра менен Беатрис өспүрүмдөрдүн руханий күүн айкындоо программасынын өзүнө көңүлүн буруп, анын кээ бир өзгөчөлүктөрүн аныктоого аракет кылышат:

- 12 жаштан 15 жашка чейинкилер өз ойлору менен бөлүшө ала турчу, долбоорлор үстүндө чогуу иштеп, спорт менен бирге машыгып жана башка ушу сыяктуу иш-аракеттерди бирге кыла турчу достор тобуна кирүүнү каалашат. Ушул себептен улам, программа «жаш өспүрүмдөр тобу» түшүнүгүнүн тегерегинде курулган. Ар бир топту «алып баруучу» жетектейт, көбүнчө бул алардан бир аз улуураак жаш бала/кыз болот, алар топ мүчөлөрүнүн чыныгы досу катары, алардын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

- Топтор дайыма чогулуп турушат. Жолугушуу учурунда алар ар түрдүү түшүнүктөрдү изилдөөгө үйрөнүп, өз ойлорун цензурадан же шылдыңдоодон коркпостон айтууга үйрөнүшөт. Аларды угууга, сүйлөөгө, ой жүгүртүүгө, талдоо жүргүзүүгө, чечим кабыл алууга жана анын негизинде иш-аракет кылууга шыктандырышат.

- Биз өспүрүмдөрдүн ой жүгүртүүсүнө жана жүрүм-турумуна көптөгөн терс күчтөр таасирин тийгизип жаткан мезгилде жашап жатабыз. Топтун алып баруучулары аларга бул күчтөр менен күрөшүүгө жардам беришет, бир гана коомдун адеп-ахлактык жактан бузулушунан өзүн коргоо үчүн гана эмес, дүйнөнү жакшыртуу үчүн иштөөгө да жардам беришет.

- Программа адамдын рухуна мүнөздүү болгон күчтөрдү азыктандырууга умтулат, ал күчтөр эрте өспүрүм куракта улам барган сайын көбүрөөк деңгээлде байкала баштайт. Айрыкча ойдун күчү жана өз оюн билдирүүнүн күчү абдан маанилүү. Жаштар дүйнө жөнүндөгү терең ойлорун билдирүү үчүн жана анда кандай өзгөрүүлөрдү көргүлөрү келээрин айта билүү үчүн тил жөндөмдөрүн өнүктүрүүлөрү керек.

- Жаш өспүрүмдөр максаттуу жашоонун негизин түзгөн концепциялардын мааниси жөнүндө ой жүгүртүүгө ынтызар. Бакыт, үмүт жана мыктылык алардын бир нече мисалдары гана. Өкүнүчтүүсү, адамдар бул түшүнүктөр тууралуу үстүртөн гана айтканга көнүп калышкан. Мындай түшүнүктөрдү терең түшүнүү, алардын күнүмдүк турмушта кандайча чагылдырылганын түшүнүү жаш акыл-эске адеп-ахлактык жактан сергек түзүмдү калыптандырууга, коомдун терс күчтөрүнө туруштук берүүгө жардам берет.

- Концепцияларды түшүнүү интеллектуалдык өнүгүү үчүн зарыл болуп саналат. Өспүрүм курактагы жаштар кээде мектепте кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн, анткени негизги концепцияларды түшүнүүгө жетиштүү деңгээлде жардам көрсөтүлбөстөн, аларды ар кандай предметтер боюнча чоң көлөмдөгү маалыматтарды кабыл алат деп күтүшөт. Программа аларды идеялар тууресында терең ой жүгүртүүгө шыктандырат – мисалы моралдык, математикалык, илимий ж.б.у.с. жана бул сөзсүз түрдө алардын мектептеги жетишкендик көрсөткүчтөрүн жакшыртат.

- Өспүрүмдөр бул куракта ар кандай нерселердин маңызын түшүнүүгө умтулушат. Алар айланасында болуп жаткан окуялардын себептерин түшүнүп билгиси келет. Ийгиликке жетүү үчүн алар физикалык көздөрү менен эле эмес, руханий көзү менен да көрө билиши керек. Андыктан, программанын маанилүү максаты — рухий кабыл алууну өркүндөтүү: рухий күчтөрдү таануу жана пайда болгон кырдаалдардагы рухий принциптерди аныктоо жөндөмдүүлүгүн күчөтүү.

- Программа өзүнүн ар түрдүү максаттарына, маселен адеп-ахлакты өнүктүрүү, руханий кабылдоону күчтөндүрүү жана өз оюн билдирүү жөндөмүн өстүрүүгө бир катар тексттердин жардамы менен жетишет. Тексттер дүйнөнүн ар кайсы бурчтарындагы жаштардын жашоосун чагылдырган жөнөкөй аңгемелерден турат. Бул тексттерди чогуу окуп, мазмунун талкуулап, керектүү көнүгүүлөрдү аткаруудан тышкары, өспүрүмдөр спортко катышып, көркөм кол өнөрчүлүк жана чеберчиликке үйрөнүшөт.

- Алып баруучунун жардамы менен топтор программанын негизги бөлүгү болгон бир катар кызмат өтөө долбоорлорун иштеп чыгышат жана ишке ашырышат. Бул долбоорлор аркылуу өспүрүмдөр жамааты жана анын муктаждыктары жөнүндө ойлонууга, кеңешүүгө, өз ара жана коомдун башка мүчөлөрү менен кызматташууга үйрөнүшөт.

- Тексттерде камтылган темалар ар түрдүү; алардын ар бири өспүрүмдөрдүн руханий күчтөрүн айкындоого зарыл болгон темага арналган. Биринчи текст, мисалы, «далил» темасын карайт — Кудай биздин асыл максаттарга жетүү үчүн жасаган аракеттерибизди ырастаган далилдерди жиберип турат. Дагы бир текст “үмүт” жөнүндө – анда биз эң кыйын мезгилде да келечекке үмүт менен кароо керектигибиз тууралуу айтылат. Дагы биринде “мыктылык” түшүнүгү талданат. “Шаттык” бир аңгеменин темасы болсо, экинчисинде “сөздүн күчү” ой жүгүртүү үчүн карала турган тема. Математикалык түшүнүктөрдү караган тексттердин арасында ырааттуу акылдын адаттары изилденет. Илим чөйрөсүнө тийиштүү текстти карасак, анда адамдын физикалык, психикалык жана руханий ден соолугуна кам көрүүгө багытталган текст камтылган. Мындан сырткары үч жылдын ичинде кенже өспүрүмдөр окуй турган көптөгөн темалар бар.

Алехандра менен Беатрис ата-энелер бул тексттерди карап чыгууну каалашы мүмкүн деп, аларга көрсөтүү үчүн бир-эки текстти ала барууну пландап жатат. Эгер сиз тексттер менен жакшы тааныш эмес болсоңуз, анда мүмкүн болушунча көбүрөөк аңгемелерди окуп чыгуу үчүн бир аз убакыт бөлүү пайдалуу болот — бул сизге коомчулукта болуп жаткан ар түрдүү маектерди жакшыраак байкоого жардам берет. Ошол эле учурда, тобуңуздун башка мүчөлөрү менен бирге жогоруда берилген жана 5-китепте тереңирээк камтылган идеяларды ар тараптуу талдап чыгуу сунушталат. Эгер бул китепти изилдеп чыккандан кийин, сиз өспүрүмдөр тобунун алып баруучусу катары иштөөнү чечсеңиз, сиз системалуу түрдө топ мүчөлөрүнүн үйлөрүнө барып, үй-бүлө мүчөлөрү менен ушул жана ушул сыяктуу көптөгөн идеяларды изилдейсиз. Бирок азыртан эле, Беатриске окшоп өз конушуңуздагы өспүрүмдөрдүн үйлөрүнө тажрыйбалуураак бирөөнү коштоп барууну туура көрүшүңүз мүмкүн.

# 15 БӨЛҮМ

Эртеси күнү Александра менен Беатрис коңшулукта түзүлүп жаткан жаңы топко кошула турган үч жаш өспүрүмдүн үйүнө барышат. Беатрис өспүрүмдөрдүн руханий күчүн айкындоо программасы тууралуу ынтызарлык менен маектешип жаткан ата-энелерди көрүп кубанат. Түштөн кийин, ал Александранын өспүрүмдөр тобуна жардам бергиси келээрин жана мүмкүн болсо өзү да жыл ичинде жаңы топтун алып баруучусу катары кызмат кылууну үйрөнгүсү келгендигин түшүнөт. Албетте, ал ошол эле убакта институттун бир нече китептерин бүтүрүү керек экендигин билет. Бирок, ал азыркыдай эле туруктуу ылдамдыкта окууларын улантууга чечкиндүү турат, анткени дал ушундай ыргак анын бир топ алдыга жылуусуна өбөлгө болду.

Ошентип, Александранын үзгүлтүксүз жардамы жана кубаттоосу менен Беатрис кызмат өтөө жолунда алдыга жылып барат. Келгиле, анын окуясынын уланышына көз чаптыралы, ошентип, бир нече айдан кийин, ал 3-китепти бүтүрүүгө аз калды. Анын окуу ийриминин алып баруучусу балдар классынын мугалими Марибелге кайрылып, Беатристи жана ийримдеги башка катышуучуларды жаңы түзүлгөн 1-деңгээлдеги балдар классынын ата-энелерине барганда кезек менен кошо ала барууну суранды. Беатрис 3-китепти изилдөөдөн көп нерсени үйрөндүм деп эсептейт. Бул китептен алган идеялар анын өспүрүмдөр тобунун алып баруучусу катары кызмат кылуу жөндөмүн жогорулатаарын Александра да бир нече жолу айткан эле.

Алар чогулгандан кийин Марибель Беатриске Эмманын апасына бара турганын айтат. “Ал окуп үйрөнүүгө дилгир, сүйкүмдүү кичинекей кыз”, - дейт Марибель. “Мен анын ата-энесине бир жолу барып, аларга бахаи балдар классынын маңызын түшүндүргөн элем. Алар Эммага катышууга чын дилдеринен уруксат беришкен. Анын апасы класс тууралуу көбүрөөк билгиси келгенин билдиргендиктен, мен ага кийин кайра келип, биз окуткан материалдын негизинде камтылган билим берүү түшүнүктөрү жөнүндө айтып берем деп убада бергем. Мен өзүм үчүн кээ бир билдирүүлөрдү жазып алдым. Эгер кааласаңар, аларды бирге карап чыгып, алар жөнүндө сүйлөшө алабыз.” Беатрис макул болот. Төмөндө алар талкуулаган идеялар келтирилди:

- Биринчиден, мен Мартинес айымга Эмманын менин классыма барып жаткандыгына кубанычта экендигимди айтып, анын кээ бир сонун сапаттарына токтолуп өтөм.

- Андан аркы маекти Бахаулланын Жазмаларынан алынган бул цитатаны аны менен бирге окуу аркылуу баштоо жакшы чечим болчудай:

  **“Ар бир адамга баа жеткис асыл заттарга бай кен катары карагыла. Билим гана анда катылган асыл кенчтерди казып чыгууга жол ачып, адамзатка анын пайдасын көрүүгө шарт түзөт.”** [37]

- Андан соң мен бул сөз мага мугалим катары канчалык таасир эткени тууралуу бир катар ойлорум менен бөлүшө алам. Класстагы балдарды карап, аларды баа жеткис асыл заттарга толгон кендер деп ойлогон сайын жүрөгүм кубанычка толот деп айтам. Алардын ар биринде көктөн берилген сапаттарды көрсөтүү мүмкүнчүлүгү бар. Алардын ар биринде ача турган жана өнүктүрө турган таланттар бар. Алардын ар бири коомдун баалуу мүчөсү болуп өсүп, дүйнөнүн жакшырышына салым кошо алат.

- Андан кийин, мен билимдин аркасы менен ар бир балада табыла турган берметтерге бир нече мисал келтиргеним туура болчудай. Жаратылыш мыйзамдарын ачуу, кооз көркөм чыгармаларды жаратуу, асыл ойлорду айтуу сыяктуу кээ бир акыл-эс жөндөмдөрүнө токтолушум мүмкүн. Балдар бул жөндөмдөрдүн бардыгын туура билим алгандан кийин өнүктүрө башташат деп түшүндүрүп берем. Бирок, бул үчүн алар жаш кезинен эле белгилүү бир сапаттарга ээ болушу керек. Мисалы, алар көңүл бөлгөндү, керек болгон учурда талыкпай иштегенди, жасап жаткан ишине кунт коё алганды үйрөнүшү керек. Алар башкалардын жыргалчылыгын ойлогон жана коомго кызмат кылууну каалаган инсан болуп өсүшү керек. Ошондуктан алардын мүнөзүнүн жаш кезинен калыптанышына көңүл буруу зарыл.

- Андан кийин болсо, Мартинес айымдан кызынын кандай адам болушун каалайт эле деген ойлору менен бөлүшүүнү сурануууга ылайыктуу учур. Кандай кулк-мүнөздү калыптандыруу Эмма үчүн маанилүү деп эсептейт?

- Ал айткан сыпаттардын ичинен кээ бирлери, албетте, руханий сапаттардын катарына кирет жана бул мен баштай турган кийинки тема. Ар бир адам ээ болууга тийиш болгон жана деги эле адамзат болмушу үчүн пайдубал болуп бере турган айрым касиеттер бар экенин айтып өтөм. Алар адамдын рухунун маңызында камтылган. Биз Кудайдын сыпаттарын чагылдырыш үчүн жүрөгүбүздүн күзгүсүн жалтырата тазалаган сайын, ал касиеттерди өнүктүрө алабыз. Буларды биз руханий сапаттар деп атайбыз жана 1-деңгээлдеги класста өткөргөн сабактарыбыз негизинен ушул сапаттарга багытталган.

- Андан соң, мен 3-китептеги 1-деңгээлдин сабактарында айтылган бир нече рухий сапаттарды саноо менен маекти улантам деп ойлойм жана тиешелүү цитаталар менен бөлүшөм. Эмма бул цитаталарды жана дубаларды жаттап жатканын жана ал кызынан аларды айтып берүүсүн суранса болоорун айтып өтөм:

  – Сүйүү:

    **“О, досум! Жүрөгүңдүн бакчасына сүйүүнүн роза гүлдөрүн гана өстүр...”** [38]

  – Адилеттүүлүк:

    **“Адилеттүүлүктүн жолу менен баскыла, анткени, акыйкатта, ал туура жол.”** [39]

  – Чынчылдык:

    **“Чынчылдык - адамзаттын бардык изгиликтеринин негизи.”** [40]

  – Кубаныч:

    **“О, Адам баласы! Жүрөгүңдөгү кубаныч менен шаттан, ошондо Мага жолугууга жана Менин сулуулугумду чагылдырууга татыктуу болосуң.”** [41]

Марибель менен Беатрис жогорудагы идеялар бир жолугушуу үчүн жетиштүү деп чечишет. Жакында сиз өзүңүз 3-китепти өздөштүрүүгө өтөсүз жана Рухи институтунун балдарга руханий билим берүү боюнча алты жылдык программасынын

түзүлүшүн калыптандырган кээ бир принциптер боюнча ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз. Эгер ага чейин балдар классынын мугалими менен чогуу бир нече ата-энеге барып жолугууга мүмкүнчүлүк жаралса, бул жерде айтылган идеялар сиз үчүн пайдалуу болот, ал эми азыр болсо сиз алардын ар бирин өз тобуңуз менен талкуулап чыгышыңыз керек.

## 16 БӨЛҮМ

Буга чейин биз Абдул-Баханын төмөнкү сөздөрүн окудук: "Адамдардын ортосундагы достук жана тилектештик байланыштары канчалык күчтүү болсо, адамзаттын бардык чөйрөдөгү иш-аракетинин жаратмандык жана жетишкендигинин күчү ошончолук чоң болот." Бүткүл Дүйнөлүк Адилеттик Үйү бизге үйлөрдү кыдырып жана өз үйүбүзгө чакыруу менен биз «жамааттык сезимди бекемдей турган рухий туугандык байланыштарды чыңдап жатабыз» деп айтат. Андыктан, бул тажрыйбанын биздин өсүп келе жаткан жамаатыбыздын маданиятына тийгизген таасирин баалабай койбошубуз керек.

Мурунку бөлүмдөрдө биз бири-бирибиздин үйлөрүбүзгө барып сүйлөшө турган маектешүүлөрдүн бир нече түрлөрүн карап чыктык. Бардыгыбыз кызмат өтөө жолунда жүрүп, айылыбызда, шаарыбызда же конушубузда боло турган Бахаулланын окууларында камтылган принциптерди жеке жана жамааттык жашообузга колдонуу жөнүндө кеңири баарлашууга катышабыз. Кээде бул аталган принциптер боюнча билимин тереңдетүү максатында көп сандагы адамдар үчүн уюштурулган бир катар расмий жолугушуулар иретинде өтөт. Ал эми башка учурларда институттун билим берүү программалары, алардын максаттары жана мазмуну талкуунун темасы болот.

Жамаатты куруу процессине катышууга чакыруулар барган сайын көбүрөөк кошуналарга жана досторго таратылат. Ошондуктан, келечекке жана алдыңарда турган кызмат өтөө жолуна көз чаптырып, бул бөлүмдө берилген мазмунду жакшылап үйрөнүүгө, ар бир тема боюнча маектешүү тажрыйбасына ээ болууга жана, албетте, Бахаулланын окуулары боюнча билимиңерди тереңдетүүнү мындан ары да улантууга болгон күч-аракетиңерди жумшашыңар керек. Ошондо, силер Кудайдын Сөзүн башкалар менен бөлүшүүдөн чексиз кубаныч аласыңар.

## БИБЛИОГРАФИЯ


1. Bahá’u’lláh, *The Hidden Words* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2003, 2012 printing), Arabic no. 4, p. 4.

2. Bahá’u’lláh, in *Bahá’í Prayers: A Selection of Prayers Revealed by Bahá’u’lláh, the Báb, and ‘Abdu’l-Bahá* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2002, 2017 printing), p. 4.

3. *Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1983, 2017 printing), IV, par. 1, p. 5.

4. Ibid., V, par. 2, pp. 6–7.

5. ‘Abdu’l-Bahá, in *Bahá’í Prayers*, p. 81.

6. Ibid., p.111.

7. Ibid.

8. From a talk given on 16 August 1912, published in *The Promulgation of Universal Peace: Talks Delivered by ‘Abdu’l-Bahá during His Visit to the United States and Canada in 1912* (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2012), par. 23, p. 364.

9. ‘Abdu’l-Bahá, in *Bahá’í Prayers*, p. 130.

10. *Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh*, XLV, par. 1, pp. 111–12.

11. ‘Abdu’l-Bahá, cited by Shoghi Effendi, *The World Order of Bahá’u’lláh: Selected Letters* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1991, 2012 printing), p. 139.

12. *Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh*, V, par. 5, p.8.

13. *From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 5 May 1912, published in The Promulgation of Universal Peace*, par. 4, p. 128.

14. *From a talk given on 21 October 1911, published in Paris Talks: Addresses Given by ‘Abdu’l-Bahá in 1911* (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2006, 2016 printing), no. 6.7–8, p. 22.

15. *Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh*, CXLVI, par. 1, p. 357.

16. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 5 May 1912, published in *The Promulgation of Universal Peace*, par. 4, p. 128.

17. *The Hidden Words*, Persian no. 44, p. 37.

18. Ibid., Persian no. 66, p. 45.

19. From a Tablet of ‘Abdu’l-Bahá. (authorized translation)

20. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 25 September 1912, published in *The Promulgation of Universal Peace*, par. 2, pp. 478–79.

21. *Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá* (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2010, 2015 printing), no. 43.1, p. 125.

22. Ibid., no. 207.3, p. 360.

23. Bahá’u’lláh, in *Bahá’í Meetings: Extracts from the Writings of Bahá’u’lláh, ‘Abdu’l-Bahá, and Shoghi Effendi,* compiled by the Research Department of the Universal House of Justice (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1976, 1980 printing), p. 3.

24. Ibid.

25. *Tablets of Abdul-Baha Abbas* (New York: Bahá’í Publishing Committee, 1916, 1930 printing), vol. 3, p. 631. (authorized translation)

26. Bahá’u’lláh, in *The Kitáb-i-Aqdas: The Most Holy Book* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 1993, 2013 printing), par. 57, p. 41.

27. *Selections from the Writings of ‘Abdu’l-Bahá*, no. 48.1, p. 130.

28. From a letter dated 27 August 1989, published in *Messages from the Universal House of Justice, 1986–2001: The Fourth Epoch of the Formative Age* (Wilmette: Bahá’í Publishing Trust, 2010), no. 69.2, pp. 132–33.

29. Ibid., no. 69.9–10, p. 135.

30. *The Hidden Words*, Persian no. 82, p. 51.

31. Ibid., Persian no. 80, p. 51.

32. ‘Abdu’l-Bahá, *The Secret of Divine Civilization* (Wilmette: Bahá’í Publishing, 2007, 2016 printing), par. 46, p. 33.

33. *The Hidden Words*, Persian no. 49, p. 39.

34. Shoghi Effendi, cited in *Bahá’í News*, no. 13 (September 1926), p. 1.

35. From a talk given by ‘Abdu’l-Bahá on 17 November 1912, published in *The Promulgation of Universal Peace*, par. 3, p. 617.

36. From a message dated 21 April 2010, published in *Framework for Action: Selected Messages of the Universal House of Justice and Supplementary Material, 2006–2016* (West Palm Beach: Palabra Publications, 2017), no. 14.16, p. 82.

37. *Gleanings from the Writings of Bahá’u’lláh*, CXXII, par. 1, p. 294.

38. *The Hidden Words*, Persian no. 3, p. 23.

39. *Gleanings from the Writings of Bahá'u'lláh*, CXVIII, par. 1, p. 283.

40. 'Abdu'l-Bahá, cited by Shoghi Effendi, *The Advent of Divine Justice* (Wilmette: Bahá'í Publishing Trust, 2006, 2018 printing), par. 40, p. 39.

41. *The Hidden Words*, Arabic no. 36, p. 12.